87(кир)
И 92

Итигулова Ж.К.,
Кочкорова Д.А.

# ФИЛОСОФИЯ СХЕМАЛАРДА

(экинчи басылышы)

Ош – 2013

Таблетки гомеопатические
анаферон
профилактика
и лечение
простуды и гриппа
http://www.anaferon.ru тел.: (495) 688-9207

87(кыр)
И 92

Итигулова Ж.К., Кочкорова Д.А.

Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин грифи менен басмадан чыгарууга сунушталды

# ФИЛОСОФИЯ

## СХЕМАЛАРДА
(экинчи басылышы)

8234
ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КИТЕПКАНА
ИНВ № 977828

Ош – 2013

УДК 1/14
ББК 87
И 92

Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар Кеңешинин 2012-жылдын 17-декабрындагы №4 жыйынынын токтому менен басмага сунушталды.

**Рецензенттер:** Балтабаева А.Т. – философия илимдеринин доктору,

Базарбаев Э.Ш. – философия илимдеринин кандидаты, доцент.

*Итигулова Ж. К., Кочкорова Д. А.*

**И 92 Философия (схемаларда)** – Ош: ОшМУ, 2013-ж. - 160 б.

**ISBN 978-9967-03-490-7**

Колуңуздардагы философия предмети боюнча схема түрүндөгү окуу колдонмосу орто, жогорку окуу жайларынын студенттерине жана аспиранттарга арналат. Алгач көрсөтүлгөн схеманын атайын белгилерине көңүл буруңуз. Окуу куралды колдонуу менен студент окуу процессинде өтүлгөн курс боюнча кыска мөөнөттө системалуу түшүнүк ала алат.



**И 0301020000-09**


**УДК 1/14**
**ББК 87**
**И 92**

**ISBN 978-9967-03-490-7**

**© ОшМУ, 2013.**
**(толукталган варианты)**

## Шарттуу белгилер

| Стрелканын түрлөрү | Мааниси |
|---|---|
|  | ичине камтыйт, турат, ичинде |
|   | таасир этет (стрелканын ичи кээде таасир этүүнүн түрлөрүн жөнгө салат) |
|  | ылайык келет |
|  | келип чыгат (тийиштүү) |

| Тексттик блоктордун түрлөрү | Мааниси |
|---|---|
|   | максаты, милдети, мааниси |
|   | предмет |
|   | ыкма, жолу |

# І бөлүм. Философияга киришүү.

## Суроо 1. **Философия дүйнөгө көз караштын бир көрүнүшү катары**

1. ***Дүйнөгө көз караш жөнүндө жалпы түшүнүк жана анын негизги түрлөрү***

**Дүйнөгө көз караш** – дүйнө жана анда адамдын ээлеген орду жөнүндөгү ойлордун жыйындысы

⇩

***Адамзаттын жашоо шартында бөлүнүп көрсөтүлгөн дүйнөгө көз караштын үч негизги формасы***

⇩ ***Мифология*** | ⇩ ***Дин*** | ⇩ ***Философия***

1. ***Мифология дүйнөгө көз караш катары***

**Мифология** - курчап турган дүйнөнү фантастикалуу, ошондой эле реалдуу кабыл алууну ичине камтыган байыркы коомдун дүйнөгө көз карашы, коомдук аң-сезимдин формасы.

⇕ ***Мифтер жооп берүүгө аракет кылган негизги суроолор***

⇩

- Ааламдын, Жердин жана адамдын пайда болушу;
- табийгаттын кубулуштарын түшүндүрүү;
- адамдын жашоосу, тагдыры, өсүшү, адамдын ишмердүүлүгү жана жетишкендиктери;
- этика жана нравалуулук, милдеттүүлүк жана жоопкерчилик сыяктуу суроолор.

⇕ ***Мифтин белгиси***

⇩

- абстрактуу ойлонуунун жоктугу;
- мифологиялык сюжеттердин үстүртөн жана окшоштугу;
- конкреттүү турмуштук маселелерди чечүүгө мифтердин багытталышы;
- фантастикалык кудайлардын адам менен мамилеси, байланышы.

***3. Дин дүйнөгө көз караш катары***

**Дин** - ишенимге таянган, жогорку жаратканДын күчү аркылуу курчап турган дүйнөгө жана адамдын жашоосуна таасир этүүгө болот деп түшүнгөн дүйнөгө көз караштын бир формасы. Дин да миф изилдеген суроолорду карайт.

***Негизги дүйнөлүк диндер***

- *христиан дини;*
- *ислам дини;*
- *буддизм дини;*

***Дүйнөдө өтө көп жана кеңири тараган улуттук диндер***

- *синтоизм;*
- *индуизм;*
- *иудаизм.*

***Диндин функциясы (дүйнөгө көз караштыктан сырткары)***

- баш коштуруучулук (коомчулукту кандайдыр бир идеянын айланасында топтоо);
- маданий (маданиятка белгилүү деңгээлде таасирин тийгизет);
- нравалык-тарбиялык (акыйкат, сабырдуулук, ыйман, жоопкерчилик ж.б.у.с. сапаттарды коомго жайылтат).

***4. Философия дүйнөгө көз караш катарында***

**Философия** - дүйнөгө көз караштын илимий - теориялык өзгөчө тиби. Ал өзүнүн рационалдуулугу, системалуулугу, логикалык жана теориялык жабдыктары менен айырмаланган дүйнөгө көз караштын бийик деңгээли жана түрү.

***Философиялык дүйнөгө көз караштын мифтик жана диндик көз караштан айырмасы***

- философиялык дүйнөгө көз караш илимге таянат (ишенимге негизделбейт);
- философиялык дүйнөгө көз караш рефлексивдүү (ой жүгүртөт, анализдейт);
- философиялык дүйнөгө көз караш (ички биримдикти жана системаны камтыйт) логикалуу;
- философиялык дүйнөгө көз караш эң так түшүнүктөргө жана категорияларга таянат.

***Философиянын дүйнөгө көз караш катары эволюциясынын негизги стадиялары***

- *Космоцентризм* - философиялык дүйнөгө көз караш, курчап турган дүйнөнүн негизинде - Космостун чексиз күчү турат, бардык нерсе андан көз каранды (Байыркы Индия, Байыркы Кытай, Байыркы Греция);
- *Теоцентризм* – философиялык дүйнөгө көз караштын тиби, бардык нерселердин негизинде улуу күч же ар кандай Кудай түшүнүгү турат (Орто кылымдарда Европада кеңири тараган);
- *Антропоцентризм* - философиялык дүйнөгө көз караштын тиби, борборунда адам проблемасы турат (Европада кайра жаралуу доору, жаңы мезгил, учурдагы философиялык мектептер).

Суроо **2. Философиялык билимдин спецификасы**

**Философиялык билимдин спецификалык белгилери**

⇩

| |
|---|
| ✔ философиялык билимдердин негизги спецификасы анын эки жактуулугу менен мүнөздөлөт, илимий билимдер менен жалпылыктары өтө көп (предмети, методдору, ыкмалары), ошол эле мезгилде өз алдынча таза көрүнүшүндө илимий билим боло албайт; |
| ✔ философиянын башка илимдерден негизги айырмачылыгы философия дүйнөгө көз караш, адамдардын мурдатан топтолгон теориялык билимин жогорку деңгээлде корутундулайт; |
| ✔ философия предмети башка илимдерге салыштырганда изилдөө предмети кеңири, ал башка илимдер менен дайыма байланышта болот; |
| ✔ татаал структуралык түзүлүшкө ээ (онтология, гносеология, логиканы ж.б. ичине камтыйт); |
| ✔ өтө жалпы, теориялык мүнөздү алып жүрөт; |
| ✔ таанып билүүнүн предметин гана эмес, таанып билүүнүн өзүнүн механизмин да үйрөтөт; |
| ✔ объективдүү билимдердин жана баалуулуктардын жыйындысы болуп саналат; |
| ✔ ошол эле мезгилде динамикалуу – дайыма өнүгүп жана жаңыланып турат; |
| ✔ категорияларга, жалпы түшүнүктөргө таянат; |
| ✔ башка илимдердин негизинде жаткан базалык, жетектөөчү идеяларды жана түшүнүктөрдү өз ичине камтыйт; |
| ✔ өзүнүн маңызы жагынан казып түгөтүлгүс; |
| ✔ адамдын таанып билүү жөндөмдүүлүгү чексиз (таанып билүүчү субъект), чечилгис «түбөлүктүү» (дүйнөнүн жаралышы, материя менен аң-сезимдин биринчилиги, жашоонун келип чыгышы, жандын түбөлүктүүлүгү, Кудайдын жок же бар экендиги, анын дүйнөгө таасири), бүгүнкү күндө да толук так жооп берүүгө мүмкүн болбогон проблемаларды ичине камтыйт. |

## Суроо 3. **Философиянын предмети жана методу**

### *1. Философия предметинин мазмуну*

**Философия предмети**

***Философия предметинин негизги болумдору***

- онтология (бытие жөнүндө окуу);
- гносеология (таанып билүү жөнүндө окуу);
- адам (философиялык антропология);
- коом (социалдык философия).

***Философиянын төрт болуму боюнча үйрөнүлүүчү жеке суроолор***

- бытиенин маңызы;
- бытиенин келип чыгышы;
- материя (субстанция), анын формалары;
- аң-сезим, анын келип чыгышы;
- аң-сезимсиздик;
- адам, анын маңызы жана жашап турушу;
- жан, адамдын рухий дүйнөсү;
- коом;
- коом жана адам;
- жаратылыш;
- жаратылыш жана коом;
- коомдун жашоосундагы рухий чөйрө;
- коомдун жашоосундагы материалдык-экономикалык чөйрө;
- коомдун социалдык чөйрөсү;
- коомдук- экономикалык формация, цивилизация;
- адамдын келечеги, коом;
- экология, жашоо проблемасы;
- таанып билүүнүн өзгөчөлүктөрү;
- таанып билүүчү субъекттин таанып билүү процессине таасири жана анын жыйынтыктары;
- таанып билүүнүн чектүүлүгү жана чексиздиги;
- кыймыл;
- философиялык категориялар;
- диалектика жана анын мыйзамдары жана ушул сыяктуу суроолор.

## 2. *Философиянын ыкмаларына жалпы түшүнүк*

**Философиянын ыкмалары** - философиялык изилдөөлөрдү ишке ашырууда колдонулуучу жолдор жана каражаттар

⇩ ⇩

**_Философиянын негизги ыкмалары_**

⇩

- *Диалектика* - философиялык изилдөөнүн ыкмасы, анда заттар жана кубулуштардын ички карама-каршылыктары, өзгөрүүлөрү, өнүгүүсү, себеби жана натыйжасы, карама-каршылыктардын биримдиги жана күрөшү ырааттуу, ийкемдүү жана сын көз караш менен каралат;
- *Метафизика* - диалектикага карама-каршы ыкма, мында объект ар бири өз алдынча, обочолонгон, байланышпаган, маанилеш (алардын карама-каршылыктарына көңүл бөлүнбөйт, биримдиги бааланбайт) катары каралат;
- *Догматизм* - курчап турган чөйрөнү эскирген, сенек, далилдөөгө мүмкүн болбогон, «жогорудан берилген» абсолюттуу мүнөздү алып жүргөн түшүнүктөрдүн негизинде түшүнүү. Бул ыкма орто кылымдагы диндик философияга таандык;
- *Эклектика* - бул ыкма өзү каалагандай башаламан ойлорго негизделген, бирдиктүү чыгармачыл башталыш түшүнүгү, системасы жок, жыйынтыгында үстүртөн сыртынан чындыкка окшош тыянак. Эклектика онтологиялык да, гносеологиялык да жагынан реалдуу баалуулугу, чындыгы жок кандайдыр бир көз караштарды, идеяларды негиздөө үчүн колдонулган (орто кылымда - диндик түшүнүктөрдө кеңири пайдаланылган);
- *Софистика* - бул ыкма, жалган, бирок чебердик менен чындык катары берилген пикирден жаңы пикирди чыгарууга негизделген, логикалык туура, бирок мааниси боюнча жалган же бул ыкманы колдонуучу үчүн пайдалуу. Байыркы Грецияда софистика кеңири тараган, чындыкка жетүү үчүн эмес, талаш-тартышта жеңишке жетүү үчүн ораторлук искусствонун ыкмасы катары колдонулган;
- *Герменевтика* - туура окуунун жана тексттин маанисин туура түшүнүүнүн ыкмасы. Батыш философиясында кеңири тараган.

**_Бир эле учурда ыкма жана багыт болуп саналуучу ыкмалар_**

⇩

- Материалисттик ыкма, мында чындык реалдуу (жашаган) бар катары кабыл алынат, материя - алгачкы субстанция катары, аң-сезим анын модусу (түрү) - материянын көрүнүшү болуп саналат. (Материалисттик диалектикалык ыкма совет доорунда жана учурдагы россиялык философияда кеңири тараган);
- Идеалисттик ыкма, мында алгачкы башталма, аныктоочу күч идея, ал эми материя идеядан жаралган анын (туундусу) көрүнүшү экендигин таануу. Идеалисттик ыкма өзгөчө кеңири АКШ, Батыш Европа мамлекеттеринде кеңири тараган;
- Эмпиризм - бул таанып билүү процессинин, билимдин негизинде тажрыйба жатат деген таанып билүүнүн философиялык багыты жана ыкмасы;
- Рационализм - бул туура билимге тажрыйбасыз, сезимдик таанып билүүсүз, акыл-эстин жардамы аркылуу гана жетүүгө болот деген философиялык багыт.

Суроо 4. **Философиянын функциялары**

**Философиянын функциялары** - философиянын негизги максаттарын, милдеттерин ишке ашыруу үчүн колдонулган негизги багыттар

⇩

- *Дүйнөгө көз караштык функция,* дүйнөнүн жаралышын, анын түзүлүшүн түшүнүүгө, дүйнөдө адамдын ээлеген ордун, курчаган чөйрөгө карым-катнашын түшүнүүгө жардам берет.
- *Методологиялык функция,* мында философия курчап турган дүйнөнү таанып билүүнүн негизги ыкмаларын иштеп чыгат;
- *Гносеологиялык функция* - философиянын негизги функцияларынын бири, ал курчап турган дүйнөнү туура жана так, толук үйрөнүүгө, таанып билүүгө багытталат, б.а. таанып-билүүнүн механизми каралат.
- *Сын көз караштык функция,* мында таанып-билүүнүн чегин кеңейтүү, эскирген (сенек) түшүнүктөрдү иргеп алып салып, учурдун талабына ылайык билимди жогорулатуу ишке ашат.
- *Аксиологиялык функция,* (грек тилинен которгондо «axios - баалуу») негизги максаты «электен» өткөрүү, керектүү, баалуу, пайдалуу түшүнүктөрдү сактап, эскиргендерин жокко чыгаруу. Аксиологиялык функция тарыхта өтүүчүлүк мезгилдерде чоң мааниге ээ (орто кылымдардагы көз караш менен Кайра Жаралуу доорундагы философия, Реформация, XIX кылымдын аягындагы капитализмдин кризиси - XX к.к. ж.б.).
- *Социалдык функцияга* коом жөнүндөгү түшүнүктөр, анын пайда болушу, эволюциясы, азыркы абалы, анын түзүлүшү, элементтери, кыймылдаткыч күчтөрү, карама-каршылыктарын ачуу, өнүгүү жолдорун көрсөтүү ж.б. кирет.
- *Гуманитардык-тарбиялык функцияда* гуманисттик баалуулуктарды жайылтып, аларды коом менен жалгаштырып, адамдын коомго ылайыкташышына жардам берип, жашоодон өз ордун табууга жана жашоонун маанисин түшүнүүгө өбөлгө түзөт.
- *Теориялык ой-жүгүртүү функциясы* - философия концептуалдуу ойлонууга, чындыкты жогорку деңгээлде корутундулоого, курчап турган дүйнөнүн логикалык системасын, схемасын түзүүгө үйрөтөт.

## Суроо 5. **Философиянын негизги маселеси жана негизги багыттары**

### 1. *Философиянын негизги маселеси жөнүндө жалпы түшүнүк жана анын эки жагы*

**Философиянын негизги маселеси ойлоонун бытиеге, бытиенин ойлоого (аң-сезимге) болгон катнашы**

***Өзгөчөлүктөрү***

- Негизги маселенин туура жана так чечилишинен курчап турган дүйнө, андагы адамдын ээлеген орду жөнүндөгү бүтүндөй билимдин түзүлүшү көз каранды, бул философиянын башкы миллдети.
- Материя жана аң-сезим (рух) бири-бири менен тыгыз байланышкан жана ошол эле учурда карама-каршы турган бытиенин мүнөздөмөсү. Буга байланыштуу негизги маселенин эки жагы келип чыгат - онтологиялык, гносеологиялык.
- Онтологиялык жана гносеологиялык жактардан улам философиянын негизги багыттары материализм жана идеализм, эмпиризм жана рационализм келип чыгат.

***Негизги маселенин эки жагы***

**Философиянын негизги маселесинин онтологиялык (бытиелик) жагы: эмне алгачкы материябы, аң-сезимби? деген суроого жооп**

*Философиянын негизги маселесинин онтологиялык жагын изилдөөдө келип чыккан негизги философиялык багыттар*

- объективдүү идеализм;
- субъективдүү идеализм;
- материализм;
- вульгардык материализм;
- дуализм;
- деизм.

**Философиянын негизги маселесинин гносеологиялык (таанып билүүчүлүк) жагы дүйнөнү таанып билүүгө болобу же болбойбу, таанып билүү процессинде эмне алгачкы деген суроону карайт.**

*Философиянын негизги маселесинин гносеологиялык жагын изилдөөдө келип чыккан философиялык багыттар*

- гностицизм;
- агностицизм;
- эмпиризм;
- рационализм;

## 2. *Философиянын негизги маселесинин онтологиялык жагы*

**Философиянын негизги маселесинин онтологиялык жагын корсөтүүчү философиялык багыт**

⇩

**Материализм (Демокриттин багыты)** - философиялык багыт, жактоочулары материя менен аң-сезимдин катнашында материяны биринчи деп эсептейт.

⇕

- материя реалдуу жашайт;
- материя аң-сезимден көз-карандысыз жашайт;
- материя өзүнүн мыйзам ченемдери менен жашайт жана өнүгөт;
- аң-сезим материя сыяктуу өз алдынча жашоочу субстанция эмес;
- материя аң-сезимди аныктайт (бытие).

**Өзгөчөлүктөрү**

⇩

- Материалисттик багытка төмөндөгү философтор кирген: Демокрит; милет мектебинин өкүлдөрү (Фалес, Анаксимандр, Анаксимен), Эпикур, Бэкон, Локк, Спиноза, Дидро жана башка француз материалисттери, Герцен, Чернышевский, Маркс, Энгельс, Ленин.
- Материализмдин жетишкендиктери - илимге, өзгөчө так жана табигый илимдерге таянат (физика, математика, химия ж.б.).
- Материализмдин жетишпегендиктери - табийгаттын кубулуштарын, аң-сезимдин маңызын жеткиликтүү деңгээлде материалисттик көз карашта түшүндүрө албагандыгы.
- Материализмде өзгөчөлөнгөн багыт - вульгардык материализм, анын өкүлдөрү (Фохт, Молешотт) материянын ролун абсолютташтырышып, материяны физикалык, математикалык, химиялык көз карашта изилдөөгө аракеттенишет.
- Материализм философиянын негизги багыты катары Грецияда, эллинисттик мамлекеттерде, Англияда (XVII к.), Францияда (XVIII к.), СССРде жана социалисттик өлкөлөрдө (XX к.) кеңири тараган.

**Философиянын негизги маселесинин онтологиялык жагын көрсөтүүчү философиялык багыт**

⇩

**Идеализм («Платондун багыты»)** - философиянын багыты. Жактоочулары материя менен аң-сезимдин катнашында аң-сезимди (идея, рухту) биринчи деп эсептешет.

⇩

*Объективдүү идеализм* (Платон, Лейбниц, Гегель ж.б.)

⇕

***Негизги жоболору***

⇩

- реалдуу түрдө идея гана жашайт;
- идея алгачкы;
- бүтүндөй курчап турган дүйнө «идея дүйнөсүнө» жана «нерселер дүйнөсүнө» бөлүнөт;
- «идея дүйнөсү» (эйдос) алгачкы «Дүйнөлүк аң-сезимде» жашайт;
- «нерселер дүйнөсү» - материалдык дүйнө өз алдынча жашоого ээ эмес, ал «идея дүйнөсүнүн» эле көрүнүшү;
- ар бир нерсе - ошол нерсе жөнүндөгү (эйдостун) идеянын көрүнүшү (мисалы, ат-аттын идеясынын, үй-үйдүн идеясынын көрүнүшү ж.б);
- «таза идеянын» конкреттүү нерсеге кайра өзгөрүлүшүндө Кудай чоң ролду ойнойт;
- «идея дүйнөсү» биздин аң-сезимибизден көз карандысыз объективдүү жашайт.

⇩

*Субъективдүү идеализм* (Беркли, Юм ж.б.)

⇕

***Негизги жоболору***

⇩

- бардыгы таанып билүүчү субъекттин (адамдын) аң-сезиминде болот;
- идея адамдын аң-сезиминде болот;
- материалдык нерселердин образы (идеялары) дагы туюу сезимдери аркылуу адамдын аң-сезиминде болот;
- жеке адамдын аң-сезиминен сырткары материя да, рух да (идея да) жашабайт.

⇩

***Өзгөчөлүгү***

⇩

- Идеализмдин кемчилдиги «таза идеяга» жеткиликтүү түшүндүрмө берилбегендигинде жана «таза идеянын» конкреттүү материалдык затка айланышына түшүндүрмөнүн жоктугунда;
- Идеализм философиялык багыт катарында Грецияда (негиздөөчүсү Платон), орто кылымдарда, учурда АКШ, Германия жана Батыш Европа өлкөлөрүндө кеңири тараган.

Философиянын негизги маселесинин онтологиялык жагынын философиялык багыты

**Дуализм**, деизм менен биргеликте философиянын компромисттик агымына кирет. Аны Декарт негиздеген.

***Негизги жоболору***

- бири-бирине көз карандысыз эки: материалдык жана идеалдык субстанция жашайт;
- адамда бир эле мезгилде эки: материалдык да, идеалдык да субстанция биригет;
- материя менен аң-сезим (рух) бытиенин карама-каршы жана бири-бирине байланышкан эки жагы;
- философиянын негизги маселеси (эмне алгачкы -материябы, же аң-сезимби?) жок, анткени материя менен аң-сезим бирин-бири толуктап дайыма бирге жүрүшөт.

***Деизм*** - философиядагы диний багыт, жактоочулары дүйнөнү качандыр бир кезде Кудай жараткан, бирок кийин андагы адамдардын жашоосуна, ааламдын өнүгүшүнө катышпайт жана таасирин тийгизбейт деп эсептешет. Материя менен аң-сезимди (рух) карама-каршы коюшпайт, буга XVII кылымдагы француз агартуучулары киришет.

### 3. *Философиянын негизги маселесинин гносеологиялык жагы*

**Философиянын негизги маселесинин гносеологиялык жагынын негизги багыттары**

#### *Эмпиризм*

**Өзгөчөлүктөрү**

- Эмпиризмдин негиздөөчүсү Ф.Бекон.
- Эмпиристтердин оюу боюнча, таанып билүүнүн негизинде сезимдик туюу жана тажрыйба жатат

#### *Рационализм*

**Өзгөчөлүктөрү**

- Рационализмдин негиздөөчүсү (латын сөзү ratio - акыл-эс) Р.Декарт.
- Рационализмдин негизги идеясы жеткиликтүү билим туюу сезимдерден эмес, түздөн-түз акыл-эстен иштелип чыгат.

***Иррационализм*** - (Ницще, Шопенгауэр) өзгөчө багыт катары белгиленет. Иррационалисттердин оюу боюнча дүйнө (хаос) башаламан жана аны аң-сезим менен эч качан таанып-билүү мүмкүн эмес.

***Гностицизм,*** өкүлдөрү катары материалисттер эсептелинишет.

**Негизги жоболору**

| | |
|---|---|
| дүйнөнү таанып-билүүгө болот; | таанып-билүү жөндөмдүүлүгү чексиз. |

***Агностицизм,*** көрүнүктүү өкүлү немец философу Иммануил Кант (1724-1804). Канттын оюу боюнча адамдын аң-сезиминин мүмкүнчүлүктөрү чоң, бирок, ал мүмкүнчүлүктөр чектелүү. Акыл-эс аркылуу нерсенин сырткы көрүнүшүн таанып билүүгө болот, ал эми анын ички маңызын «нерсе өзүндөгүнү» таанып билүүгө болбойт дейт.

**Негизги жоболору**

- дүйнөнү таанып-билүүгө болбойт;
- адамдын акыл-эсинин таанып-билүү мүмкүнчүлүгү чектелүү.

### *4. Философиянын негизги маселесинин азыркы абалы жана келечеги*

***Философиянын негизги маселесинин азыркы абалы жана келечеги***

***Өзгөчөлүктөрү***

- Бүгүнкү күндө миңдеген жылдар бою изилденип келатканына карабастан, философиянын негизги маселесинин онтологиялык жагы да, гносеологиялык жагы да чечилбеген (түйүндүү) түбөлүктүү суроо боюнча калып келет.

- XX кылымда Батыш философиясында бул философиянын негизги маселесине азыраак көңүл бурулууда. Себеби жооп берүү кыйынчылыкты туудургандыктан, проблема өзүнүн актуалдуулугун жоготуп бараткандай.

- Ясперс, Хайдеггер, Камю жана башкалар философиянын негизги маселесине башка негиз сальшты, экзистенционализм проблемасы, б.а. адам проблемасы, анын жашоосу, өзүнүн ички дүйнөсүн башкаруусу, коомчулук менен мамилеси, жашоосунун маңызы, жашоодогу орду, бактысы ж.б.

## II бөлүм. Философиянын тарыхый типтери

### Суроо 6. **Байыркы Кытай философиясы**

***1. Кытайдын негизги улуттук философиялык окуулары***

**Кытайдын негизги улуттук философиялык окуулары**

- Байыркы улуттук философиялык окуулар
  - Даосизм;
  - Конфуцианство;
  - Легизм.
- Азыраак тараган философиялык окуулар
  - Моизм;
  - Натурализм;
  - Номинализм.
- Кытай философиясынын негизги багыттары (буддизм тараганда кийинки б.з.III к. – XIXк. чейин)
  - Чань-буддизм (улуттук кытай буддизми, индия буддизминин таралышынын таасиринен пайда болгон);
  - Неодаосизм;
  - Неоконфуцианство.
- XX кылымда Кытайдын улуттук философиясынын дүйнөлүк философиялык идеялар менен байытылышы
  - Христиан дининин идеялары;
  - Марксизм идеялары;
  - Европалык алдыңкы философтордун идеялары;
  - Америкалык философия-прагматизм идеялары.

***2. Кытай мифологиясынын жана философиясынын дүйнөнүн жана адамдын жаралышына түшүндүрмөсү***

***Кытай мифологиясынын жана философиясынын адамдын жана дүйнөнүн жаралышына түшүндүрмөсү***

***Өзгөчөлүктөрү***

- Байыркы кытай маданияты жердин, жандуу жана жансыз жаратылыштын жаралышына философиялык - мифтик – түшүндүрмө берген.
- "И - Цзин" байыркы кытайдын философиялык чыгармасы. Анда дүйнөнүн башталмасы катары эсептелген дайыма айланып жүрүүчү беш элемент: жер, суу, от, жыгач, темир айтылат.
- Байыркы кытай мифологиясы жана философиясы дүйнөнүн жаралышына, адамдын келип чыгышына алгачкы түшүндүрмөлөрдү беришти жана дүйнөгө белгилүү Кытайдын философиялык мектептеринин-даосизм, конфуцианство, легизмдин ачылышына ыңгай түзүлдү.

***Кытай маданиятында адамдын жана дүйнөнүн келип чыгыш этаптарынын болунушу***

- укмуштуудай чоң жумуртка сымал Хаос;
- 18000 жыл аралыгында Алгачкы башталма гигант Пань-Гунун жумуртка -Хаосто жаралышы;
- гигант Пан-Гунун Жумурткадан чыгышы жумуртка сымал Хаостун талкаланышына алып келди;
- Хаостогу жеңил жана кургактыктан Асман, оор жана нымдуулуктан Жер жаралган;
- 18000 жыл Пан-Гунун Асман менен Жердин ортосунда турушу Жер менен Асмандын өз ордуларында бекип калышына алып келген;
- Пань-Гунун өлүмү анын денесинен башталмалардын жаралышына алып келген: Күн жана Ай - анын эки көзүнөн, үнүнөн – күндүн күркүрөгү, дем алышынан - шамал, дайралар - канынан, сөөгүнөн жана тишинен - асыл таштар;
- Пань - Гунун денесинен пайдаланган мителерден адамдын келип чыгышы, же фантастикалык алгачкы ата-бабалар Фуси менен Нюйвинин адам-дракондордун сүйүүсүнөн келип чыккан.



ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КИТЕПКАНА
ИНВ № 977828

Суроо 7 **Даосизм - байыркы Кытайдагы философиялык окуу**

***Даосизм*** - Кытайдагы байыркы философиялык окуу, ал курчап турган дүйнөнүн түзүлүшүнүн негизин, жашап туруш жолдорун түшүндүрүүгө аракеттенет. Даосизмдин негиздөөчүсү *Лао Цзы* (картаң окутуучу) б.з.ч. VI - V кк. жашаган. Негизги булактары - философиялык трактаттар "Даоцзин" жана "Дэцзин".

**_Негизги түшүнүктөрү_**

- *«Дао»* - эки мааниге ээ: биринчиден, өзүнүн өнүгүүсүндө адам жана жаратылыш баруучу жол, дүйнөнүн жашоосун камсыз кылуучу универсалдуу дүйнөлүк мыйзам; экинчиден, ал субстанция, дүйнө пайда болгон алгачкы башталма.
- *«Дэ»* - жогорудан чыккан жакшылык, алгачкы башталма; «Дао» курчап турган дүйнө жаралган энергия.

**_Даосизм философиясынын негизги идеясы_**

- дүйнөдө бардыгы бири-бири менен байланышкан: башка кубулуш, заттар менен байланышпаган бир дагы зат, бир дагы кубулуш жок;
- дүйнөнү түзүп турган материя бирдиктүү; жаратылышта материя айланып турат (бардыгы жерден жаралып, жерге кетишет);
- дүйнөлүк тартип, жаратылыш мыйзамдары, тарыхтын жолу туруктуу, ал адамдын эркинен көз каранды эмес, адамдын жашоосунун негизги принциби - тынчтык («у-вэй»);
- бакытка жетүү, чындыкты таануу - каалоолордон жана кызыкчылыктардан бошонуу;
- бири-бирине бардык учурда жол берүү.

Суроо 8. **Байыркы Кытайдын социалдык-философиялык мектеби – конфуцианство жана легизм**

### *1. Конфуцианствого мүнөздөмө*

***Конфуцианство*** – адамды баарынан мурда социалдык турмуштун катышуучусу катары караган байыркы философиялык мектеп. Конфуцианствого негиз салуучу *Конфуций* (Кун – Фу Цзы) б.з.ч. 551-479 жж. негизги булагы *«Лунь Юй» («Аңгемелешүү жана пикирлешүү»)* чыгармасы

**_Өзгөчөлүктөрү_**

- Конфуцианствонун негизги суроосу коомдо адамдар өздөрүн кандай алып жүрүшү керек, аларды кандай башкаруу керек;
- Бул философиялык мектептин өкүлдөрү коомдогу жумшак башкарууну же ата балага мамиле кылгандай башкарууну тандашат;
- Коомдогу адамдардын жүрүм-турумуна карата конфуцианствонун алтын эрежеси: «өзүнө каалабаганды башкага кылба»;
- Конфуцийдин окуусу кытай коомунун биригишинде чоң роль ойногон. Арадан 2500жыл өтсө да анын окуусу азыр да актуалдуулугун жогото элек.

**_Конфуцианисттердин окуусунун негиздөөчү принциптери_**

- коомдо, коом үчүн жашоо;
- бири-бирине жол берүү;
- улууларды угуу;
- өзүн кармай билүү;
- адамгерчиликтүү болуу.

**_Конфуцианстводогу жетекчилердин жана баш ийүүчүлөрдүн проблемалары_**

*Баш ийүүчүлөргө тиешелүү сапаттар*

- императорго баш ийүү жана конфуцианствонун принциптери боюнча иштөө;
- керектүү билимге зо болуу керек;
- өлкөнүн патриоту болуп ак ниет кызмат өтөө;
- бийик максаттары жана өзүмчүлдүк сапаты болуш керек;
- курчагандарга жана мамлекетке жалаң гана жакшылык кылуу.

*Жетекчиге тиешелүү сапаттар*

- жетекчиликке ак ниеттен кызмат кылуу;
- ишке болгон аракетти арттыруу;
- дайыма үйрөнүп, жетишкендиктерди жаратуу.

2. ***Легизмге мүнөздөмө***

***Легизм*** *(мыйзамчылар* ***мектеби же*** *Фацзя)* - Байыркы Кытайдын башкы социалдык окуусу

***Өзгөчөлүктөрү***

- Легизмдин негиздөөчүлөрү Шан Ян (б.з.ч. 390-338-жж.) жана Хан Фэй (б.з.ч. 288-233-жж.).
- Цинь-Ши-Хуа (б.з.ч. III к.) императордун доорунда легизм официалдуу идеология болгон.
- Легизмдин негизги суроосу: (конфуцианство сыяктуу эле) коомду кандайча башкаруу керек?
- Легисттер коомду мыйзамга таянган мамлекеттик күч менен башкарууну жакташат.
- Легизм – күчтүү мамлекеттик бийликтин философиясы.

***Легизмдин негизги постулаты (далилсиз жоболору)***

- эреже катары, айрым индивиддердин (социалдык группалардын) кызыкчылыктары өз ара карама-каршы;
- ээн баштык, зомбулук жана касташууну болтурбас үчүн коомдук мамилелерге мамлекеттик жөнгө салуу, кийлигишүү, башкаруу зарыл;
- мамлекет мыйзамды урматтаган, баш ийген атуулдарды сыйлап, күнөөлүүлөрдү каардуу жазалашы керек;
- мыйзам бардыгына бирдей, эгерде алар мыйзамды бузушса жаза жөнөкөй адамга да, жогорку чиновниктерге да бирдей колдонулушу керек;
- мамлекеттик аппарат жогорку билимдүү профессионалдардан түзүлүшү керек (мураска берилбеши керек);
- мамлекет - коомдун негизги жөнгө салуучу механизми, ал коомдук мамилелерге, экономикага жана атуулдардын жеке турмушуна чейин кийлигишүүгө укуктуу.

Суроо 9. **Байыркы Индия философиясы**

***1. Байыркы Индия философиясынын өнүгүү этаптары***

**Байыркы Индия философиясынын өнүгүү этаптары**

**Ведалык этап** (б.з.ч. XV-VI к.). *Ведалар* (которгондо – «билим») диний – философиялык трактаттар. Байыркы Индия философиясын изилдөөчүлөрдү акыркы бөлүм веда – упанишад (мугалимдин тизесине жакын отуруу) кызыктырган, анда веданын мазмунуна философиялык трактовка берилген.

- «ыйык жазуу» диний гимн («самхиты»);
- диндик ырым-жырымдарды сүрөттөө («брахмандар»), брахмандар тарабынан жазылган жана брахмандар диндик ырым-жырымдарды өткөрүүдө пайдаланышат;
- токойчу дербиштердин китеби («араньяки»);
- ведаларга философиялык түшүндүрмө («упанишады»).

***Азыркы күндөргө чейин жеткен ведалар***

- Ригведа;
- Самоведа;
- Яджурведа;
- Атхарваведа.

**Эпикалык этап** (б.з.ч. VI-IIк.), негизги белгилүү булактары катары эки поэма – эпос *«Махабхарат»* жана *«Рамаяна»* эсептелет, аларда доордун көптөгөн философиялык проблемалары козголот.

***Ведага оппозициялык окуулар***

- буддизм;
- джайнизм;
- чарвака – локаята.

***Ведалык окууларды улантуучу философиялык мектептер («даршандар»)***

- йога;
- веданта;
- вайшешина.
- ньяя;
- миманса;
- санкхья.

**Эра сутр** (б.з.ч. IIк. - б.з. VII к.) байыркы Индия философиясынын жыйынтыктоочу этабы.

Андан ары (орто кылымдарда), Байыркы Индия философиясында Гаутама Будданын окуусу үстөмдүк кылат – буддизм.

Суроо 10. **Буддизм жана анын негизги идеялары**

**Буддизм** – Индияда кеңири тараган диний – философиялык окуу (б.з.ч. Vк. кийин), Кытайда, Түштүк-Чыгыш Азияда (б.з. III к. кийин), ошондой эле жана башка региондордо таралган.

***Өзгөчөлүктөрү***

- Бул окуунун негиздөөчүсү *Гаутама Будда* (Сидхардха Шакьямуна) (б.з.ч. 563-483-жж. Князь Раджа) Түндүк Индияда княздын үй бүлөсүндө төрөлгөн. Будда татаал турмуштук жолду басып өткөн (раджанын мураскору, дербиш, акылман) жана «жетилген» (б.з.ч. 527 ж.), андан кийин өзүнүн рухий жетишкендиктерин элге жайылткан.
- Буддизмдин негизги идеясы эки акыркы «канааттануу» жана баш тартуу жолунан ортоңку жолду тандоо.
- «Ортоңку жол» - бул билим, акылмандуулук, агартуу, байкоо, өзүн-өзү жетилтүү, акыркы максаты Нирвана - жогорку жакшылык болуп эсептелет.

***Будда ачкан төрт жакшылык (арийлик) чындык***

- жердеги жашоо азап чегүүлөргө толгон;
- азап чегүүлөрдүн өзүнчө себептери бар (даңкка, канааттанууга ж.б. жетүүгө умтулуу);
- азап чегүүлөрдөн кутулууга болот;
- азап чегүүлөрдөн кутулуунун жолдору бар, ал жердеги каалоолордон баш тартуу.

***Буддизмдин беш жол көрсөткүч осуяты***

- өлтүрбө;
- уурдаба;
- пакиза бол;
- жалган айтпа;
- мас кылуучу жана баңги заттарды пайдаланба.

Суроо 11. **Байыркы Грек философиясы.**

1. ***Байыркы Грек философиясынын өнүгүүсүнө жалпы мүнөздөмө***

**Байыркы Грек философиясы** - Грециянын территориясында жашаган грек философтору тарабынан жана Кичи Азия, Жер ортолук деңизи, Кара деңиз, Крым, Азия, Африка өлкөлөрүнүн, Рим империясынын философтору тарбынан иштелип чыккан.

***Өзгөчөлүктөрү***

- бул философиянын материалдык өнүп-өсүү, гүлдөөсүнүн негизи экономикалык өнүгүү болгон (шаарлардын борборлорундагы соода-сатыктын, кол өнөрчүлүктүн өнүгүшү);
- байыркы грек философиясы материалдык өндүрүш процессинен обочолонуп, бөлүнүп калган, философтор өз алдынча катмарга айланган, коомдогу рухий жана саясий жетекчиликке талапкер болгон;
- байыркы грек философиясынын негизги идеясы - космоцентризм;
- кийинки этаптарда космоцентризм менен антропоцентризм аралашып кеткен;
- кудайлар жашашы жөнүндөгү түшүнүк болгон, байыркы грек кудайлары адамдарга жакын жана жаратылыштын бир бөлүгү катары эсептелген;
- адам курчаган чөйрөдөн бөлүнгөн эмес, жаратылыштын бир бөлүгү катары эсептелген;
- философияда эки багыт пайда болгон - идеалисттик (« Платондун багыты») жана материалисттик («Демокриттин багыты») бул экөө кезектешип үстөмдүк кылып турушкан: Сократка чейинки этапта - материалисттик, классикалык этапта эки багыт бирдей, эллинисттик этапта материалисттик, римдик этапта - идеалисттик.

## 2. Байыркы Грек философиясынын этаптарына кыскача мүнөздөмө

**Байыркы Грек философиясынын өнүгүү этаптары**

**Сократка чейинки этап** - (б.з.ч. VII - V кк.), негизги проблемалары жаратылыш кубулуштарын түшүндүрүү, космостун маңызы, алгачкы башталманы издөө болгон, философиялык ой жүгүртүүнүн ыкмасы- жекече көз карашын баяндоо.

**«Сократка чейинки» этаптагы - философтор**

- милет мектеби – «физиктер» (Фалес, Анаксимандр, Анаксимен);
- Гераклит Эфесский;
- Элей мектеби;
- атомисттер (Демокрит, Левкипп);

**Классикалык (сократтык) этап** (б.з.ч. V к. ортосу IV к. аягы) – байыркы Грек философиясынын өнүккөн убагы (байыркы Грек аймактарынын гүлдөп өскөн убагына дал келет).

**Эллинисттик этап** (б.з.ч. IV к. аягы II к.) – грек бийликтеринин негизинде жана Александр Македонскийдин жетекчилигинде Азия, Африка өлкөлөрүнүн түзүлүшү жана аймактардагы кризистерге туура келген.

**Римдик этап** (б.з. I к. – б.з. V к.)

Суроо 12. **Байыркы Грециянын (Сократка чейинки) философиялык мектептери**

## 1. *Милет мектеби («физиктер») – Фалес, Анаксимандр, Анаксимен*

***Милет мектеби*** Байыркы Грецияда б.з.ч. VI к. түзүлүп, мектеп уюшулган шаардын атынан коюлган: Милет – Кичи Азиянын өтө чоң соода – сатык өнүккөн аймагы.

### *Өзгөчөлүктөрү*

- милет мектебинин окуулдөрү материалисттик көз караштагы философтор;
- философия менен бирге так жана табигый илимдер менен алектенишкен;
- табийгаттын мыйзам ченемдерин түшүндүрүүгө аракеттенишкен (андыктан «физик» деген экинчи атальшты алышкан);
- субстанцияны, дүйнө жаралган алгачкы башталманы издешкен.

### *Окуулдору*

***Фалес*** – (болжол менен б.з.ч. 640-560-жж.) – милет мектебинин негиздөөчүсү. Көптөгөн илимий философиялык мурастарды калтырган гректин көрүнүктүү окумуштуу философу.

*Негизги көз карашы*

- дүйнөнүн башталмасы катары сууну («архэ») эсептеген;
- жерди суунун үстүндө турган жалпак диск катары элестеткен;
- жансыз жаратылышты жандуу деп эсептеген (гилозоист – бардыгынын жаны бар деп түшүнүү);
- ааламдын борбору Жер деп эсептеген;
- жылда 365 күндү так эсептеп аныктаган;
- математикалык бир катар ачылыштарды кылган (Фалестин теориясы ж.б).

***Анаксимандр*** (б.з.ч. 610-540-жж.), Фалестин окуучусу

*Негизги көз карашы*

- алгачкы башталма катары «апейронду» эсептейт, ал түбөлүктүү, чексиз субстанция;
- материянын сакталуу мыйзамын ачкан, бардык нерселер эң майда микроскоптук элементтерден турат деген (б.а. нерселердин атомдук түзүлүшүн ачкан);
- биринчилерден болуп адамды жаныбардан эволюциялык жол менен келип чыккан деген жобону айткан (Ч. Дарвиндин окуусу).

***Анаксимен*** (б.з.ч. 546-526-ж.) Анаксимандрдын окуучусу

*Негизги көз карашы*

- алгачкы башталма катары абаны эсептейт;
- Жердеги бардык нерселер абанын концентрациясынан келип чыккан деген ойду айткан;
- Кудайды жаратылыштын күчү менен окшоштурган.

## 2. Гераклит Эфесский

Гераклит – (б.з.ч. VI к. экинчи жарымы – V к. биринчи жарымы) – байыркы грек философиясынын эң көрүнүктүү философ-материалисти, материалисттик багыттын негиздөөчүсү.

⇕

**Негизги көз карашы**

⇓

- алгачкы башталма катары отту эсептейт;
- диалектиканын негизги мыйзамы болгон карама-каршылыктын биримдигинин жана күрөшүнүн мыйзамын ачкан (бул Гераклиттин философияга кошкон улуу ачылышы);
- бүт дүйнө дайыма кыймылда жана өзгөрүүдө деп эсептеген («бир эле дайрага эки жолу түшүүгө болбойт»);
- курчап турган дүйнөнүн салыштырмалуулугун тааныган («деңиздин суусу адам үчүн кир, балыктар үчүн таза»);
- бардык процесстердин кыймылдаткыч күчү: «күрөш (согуш) ал баарынын атасы, баарына эне».

## 2. Атомисттер

**Атомиттер** – материалисттик философиялык мектеп, окуулдөрү (Демокрит, Левкипп) бардык нерсенин «курулуш материалы» микроскоптук эң майда бөлүкчөлөр – «атомдор» деп эсептешкен. Философиядагы материалисттик багыттын негиздөөчүсү Демокрит («Демокриттин багыты» - идеалисттик «Платондун багытына» карама-каршы).

⇕

**Демокриттин окуусунунун негизги жоболору**

⇓

- бүтүндөй материалдык дүйнө атомдордон турат;
- атом – эң майда бөлүкчө;
- атом бөлүнбөс бөлүкчө (бул жобо кийинчерээк илимий өнүгүүдө четке кагылды);
- атомдор ар кандай көлөмдөргө жана ар түрдүү формаларга ээ;
- атомдор түбөлүктүү кыймылда болушат;
- атомдорду сезимдик таанып билүү аркылуу «көрүүгө» мүмкүн эмес.

## Суроо 13. Софисттердин жана Сократтын философиясы

### *1. Софистикага жалпы түшүнүк*

**Софистика** — байыркы Грециядагы философиялык мектеп, (б.з.ч. V к. - IV к. биринчи жарымы). Бул философиялык мектептин өкүлдөрү жөн гана теоретик - философтор болушпастан, алар элге философияны, башка билимдин түрлөрүн, ораторлук искусствону үйрөткөн философ - педагогдор болушкан (грек тилинен которгондо "софисттер" - акылман окутуучу).

- *улуу софисттер* (б.з.ч. V к.) Протагор, Горгий, Гиппий, Продик, Антифонт, Критий;
- *кичүү софисттер* - Ликофрон, Алкидамант, Трассимах;
- *Сократ* - официалдуу түрдө софистердин катарына кирген эмес, бирок өзүнүн практикалык ишмердүүлүгүндө софисттердин идеяларын, софистиканы колдонгон.

### *2. Сократтын философиясы*

**Сократ** (б.з.ч. 469-399-жж.) - байыркы Грек философиясынын көрүнүктүү өкүлү, софистика - философиялык мектебине байланышы болгон.

#### *Өзгөчөлүктөрү*

- Сократтын артында жазма философиялык мурастары калбаса да, ал байыркы Грек философиясынын тарыхына көрүнүктүү ойчул, философ - педагог жана оратор катары кирген;
- Сократ ойлоп тапкан жана өзү колдонгон ыкма «майевтика» деген аталышты алган. Майевтиканын маңызы логикалык ыкманын негизинде аңгемелешүүчүнү талкууланууучу суроонун чындыгын өз алдынча табууга жеткирүү;
- Сократ өзүнүн философиясын жана агартуучулук иштерин көп эл топтолгон жерлерде, аянттарда, базарларда (диалог, талаш-тартыш) жүргүзгөн, анын негизги темасы учурдагы кызыктуу маселелер, бүгүнкү күндө актуалдуу болгон жамандык жана жакшылык, сүйүү, бакыт, акыйкат ж.б.у.с.
- Сократ эмпирикалык билимдин жактоочусу болгон, анын оюу боюнча ар кандай билим жакшы, ал эми жамандык түшүнбөстүктөн келип чыгат.
- Сократты официалдуу бийлик өкүлдөрү түшүнүшкөн эмес, аны кадимки софист катары эле кабылдаган, жаштарга тескери таасирин тийгизүүчү, коомдун негиздерин бузуучу катары эсептеп, аны 399ж.б.з.ч. өлүм жазасына буюрган, Сократ уу ичип өлгөн.

#### *Сократтын ишмердүүлүгүнүн тарыхый мааниси*

- элге билим берүүгө аракеттенип, агартуучулук иш жүргүзгөн;
- адамзаттын жашоосунда түбөлүктүү түйүндүү болгон жакшылык жана жамандык, сүйүү, ар-намыс ж.б.у.с. суроолорго жооп издеген;
- майевтика ыкмасын ачкан, бул ыкма бүгүнкү билим чөйрөсүндө кеңири колдонулат;
- өзүнөн мурунку философторго окшобой, чындыкка жетүүнүн эркин, талаш-тартыш, далилдөө ыкмасын колдонгон;
- өтө көптөгөн окуучуларды тарбиялаган, «сократтык мектептин» башында анын окуучусу, ишин улантуучу Платон турган.

Суроо 14. **Платондун философиясынын мааниси**

| |
|---|
| ***Платондун философиясынын тарыхый мааниси*** |

⇩

| |
|---|
| ✓ философ тарабынан алгачкы фундаменталдык чыгармалар калтырылган; |
| ✓ философиялык багыт катары идеализмге («Платондун багыты» -материализмге - «Демокриттин багытына» карама-каршы) негиз салынган; |
| ✓ биринчи жолу жаратылыш гана проблемасы эмес, коом - мамлекет, закондор ж.б. терең изилдөөгө алынат; |
| ✓ философиялык категорияларды бөлүп көрсөтүүгө аракет болгон (бытие -пайда болуу, түбөлүктүү - убактылуу, тынч - кыймылдуу, бөлүнбөс –бөлүнүүчү ж.б.); |
| ✓ философиялык мектеп (Академия) түзүлгөн, ал 1000 жылга жакын убакыт иштеп, көптөгөн көрүнүктүү агартуучуларды өстүрүп чыгарган (Аристотель ж.б.). |

### 1. *Платондун Академиясы*

| |
|---|
| ***Платондун Академиясы*** - 387-ж. Афина шаарында түзүлгөн диний-философиялык мектеп, ал 1000 жылга жакын убакыт өз ишин улантkан. |

| |
|---|
| ***Өзгөчөлүктөрү*** |

⇩

| |
|---|
| ✓ Академиянын белгилүү тарбиялануучуларынын бири: Аристотель (Платондун окуучусу, ал да өзү философиялык жеке - Ликий мектебин ачкан), Ксенокрит, Кратет, Аркесилай, Клитомах Карфагенский, Филон ж.б |
| ✓ Академия 529-ж. византиялык император Юстиниан тарабынан «зыяндуу» идеяларды таратуунун булагы катары эсептелип жабылган. Бирок платонизм жана неоплатонизм багыттары европалык философияда негизги багыттар болуп калган деңгээлге жеткен. |

## Суроо 15. **Аристотелдин философиясы**

### *1. Жалпы жоболор*

***Аристотель*** - (б.з.ч. 384-322-ж.) - классикалык этаптагы көрүнүктүү байыркы грек философу, Платондун окуучусу, Александр Македонскийдин тарбиялоочусу. Анын көрүнүктүү чыгармаларына: «Органон», «Физика», «Механика», «Метафизика», «Жан жөнүндө», «Жаныбарлар тарыхы», «Никомахова этика», «Риторика», «Саясат», «Поэтика» кирет.

***Аристотелдин философиялык ишмердүүлүгүнүн негизги этаптары***

- б.з.ч. 367-347-ж. (20 жыл) 17 жашынан баштап Платондун Академиясында анын окуучусу болгон (Платон өлгөнгө чейин);
- б.з.ч. 347-335-ж. (12 жыл) падыша Филиптин чакыруусу менен Македонский өлкөсүнүн борбору Пелле шаарында Александр Македонскийдин тарбиялоочусу болгон;
- б.з.ч. 335-322-ж.-өзүнүн Ликий философиялык мектебин ачып, өмүрүнүн акырына чейин ал жерде эмгектенген.

***Аристотель тарабынан бөлүнгөн философиянын түрлөрү***

- теориялык, бытие проблемасын, бытиенин ар кандай сфераларын, алгачкы башталманы, ар кандай кубулуштардын себептерин изилдөө («алгачкы философия» деген аталышты алды);
- адамдын практикалык ишмердүүлүгү жана мамлекеттин түзүлүшү жөнүндө;
- поэтикалык;
- факт жүзүндө философиянын төртүнчү бөлүгү логика Аристотель тарабынан бөлүнгөн деп эсептелет.

***Аристотелдин философиясынын тарыхый мааниси***

- Платондун «таза идея» окуусуна сын көз караш менен карап, бир катар маанилүү түзөтүүлөрдү киргизген;
- дүйнөнүн жана адамдын жаралышына материалисттик түшүндүрмө берген;
- 10 философиялык категорияны негиздеген;
- бытиеге категориялар аркылуу аныктама берген;
- материянын маңызын аныктаган;
- логиканын өнүгүшүнө чоң салымын кошкон (дедуктивдик ыкмага түшүнүк берген).

## 2. *Аристотелдин философиясындагы жан жана адам, материя проблемалары*

***Материя проблемасы*** (Аристотелдин философиясында негизги орунду ээлейт) ⇔ ***Жан проблемасы*** ⇔ **Адам проблемасы**

***Материя,*** Аристотелдин оюу боюнча, бул потенция (латын. potentia – күч)

***Өзгөчөлүктөрү***

- Жердеги бардык бар нерселер потенцияга (күчкө) жана формага ээ;
- нерсенин ушул сапаттарынын биринин өзгөрүшү нерсенин маңызынын өзгөрүшүнө алып келет;
- реалдуулук – бул материядан формага, формадан материяга ырааттуулук менен өтүү;
- потенция (күч) (материал) бул пассивдүү башталыш, форма – активдүү;
- бардык нерселердин эң жогорку формасы Кудай, ал дүйнөдөн сырткары бытиеге ээ.

***Жан,*** Аристотелдин оюу боюнча, аң-сезимди алып жүрүүчү жана организмдин функцияларын башкаруучу б.с.

*Аристотель белгилеген жандын үч деңгээли*

- *өсүүчү жан* (айбанча жашоо, ичип-жеп, уктагандан башка эч нерсеге кызыкпоо) тамактануу, өсүү жана көбөйүү функциясына жооп берет;
- жаныбарча жан жогорудагы (тамактануу, өсүү, көбөйүү) андан сырткары каалоо жана туюу функцияларына жооп берет;
- адамдык жан (акыл-эстүү жан) жогоруда аталган бардык функцияларды жана ойлонуу, пикир алмашуу функцияларын башкарат. Бул сапаттары адамды курчаган дүйнөдөн айырмалап турат.

***Өзгөчөлүктөрү***

- Аристотель адам проблемасына материалисттик көз карашта. Адам акыл-эси жана ойлоосу менен айырмаланган жаныбарлардын бир түрү деп түшүнөт;
- Аристотелдин оюу боюнча адам адамдар (коллектив) менен жашоого тубаса жөндөмдүү. Бул коомдун келип чыгышына, чоң коллективдин жаралышына, эмгектин бөлүнүшүнө, тили, маданияты боюнча билүүгө шарт түзөт;
- Коомдун жөнгө салып туруучу механизми болуп (душмандардан коргоо, ички тартипти сактоо, экономиканы өнүктүрүү ж. б.) мамлекет эсептелет.

Суроо 16. **Орто кылымдардын теологиялык философиясы**

## 1. *Орто кылымдардын теологиялык философиясынын жалпы түшүнүгү жана негизги мүнөздөмөлөрү*

**Орто кылымдардын теологиялык философиясы** – V – XVI кк. Европада кеңири тараган философиялык багыт, кудайды эң жогорку башталма катары эсептеген, ал эми курчап турган дүйнөнү болсо ал тарабынан жаратылган катары кабыл алат.

### Өзгөчөлүктөрү

- Христианствонун, ерестин жана антикалык философиянын негизинде б.з. **I-V** к.к. эле Рим империясынын тушунда пайда болуп, калыптана баштаган. **V-XIII** к.к. да жогорку гүлдөөгө жетишкен;
- Традициалдуулугу, чектелгендиги, өткөнгө кайрылуусу, реалдуу дүйнөдөн алыстыгы, согушчулдугу, догматизми, насыяттуулугу менен айырмаланган.

### Негизги өкүлдөрү

- Тертуллиан Карфагенский (160-220);
- Августин Блаженный (354-430);
- Боэций (480-524);
- Альберт Великий (1193-1274);
- Ансельем Кентерберийский (1033-1109);
- Пьер Абеляр (1079-1142);
- Уильям Оккам (1285-1349);
- Николай Отрекур (XIV к.);
- Фома Аквинский (1225-1274).

### Негизги мүнөздөрү

- теоцентризм (кудайды бүт баарынын баштапкы себепчиси, жогорку реалдуулук катары кабыл алуу);
- космосту, жаратылышты, курчап турган дүйнөнүн кубулуштарын окуп -үйрөнүүгө аз көңүл бурулган, себеби алардын баары Кудайдын жаратуулары деп эсептелген;
- жаратуу жана ачуу догматтарынын үстөмдүгү;
- материализм жана идеализмдин ортосундагы карама-каршылыктар жылмаланат;
- адамды жаратылыштан бөлөт жана андан үстөм коет;
- кудайдын алдын ала бешенени аныктоосунун чегинде адамдын эркин тандоо мүмкүнчүлүгүн эсепке алуу;
- кудайга жаккан жүрүш-туруштун негизинде өлгөндөрдүн кайра тирилүүсү жөнүндөгү идея көтөрүлгөн;
- дүйнө Кудайды таанып-билүү аркылуу гана таанылат, бул болсо Кудайга ишеним аркылуу ишке ашат деп эсептелинген.

## *2. Жаратуу жана ачуу идеялары. Жакшылык жана жамандык проблемалары*

**Орто кылымдардын теологиялык философиясы**

⇕

***Негизги идеялар (догматтар)***

⇩

**Жаратуу идеясы боюнча**

⇩

- Кудай дүйнөнү жоктон жараткан;
- дүйнөнү жаратуу Кудайдын эркинин натыйжасы;
- дүйнө кудайдын улуулугу менен жаралган;
- жаратылыш өзүн-өзү жарата албайт;
- ааламдагы жалгыз жаратуучу башталма - Кудай;
- Кудай түбөлүк, дайыма бар жана баарын көрүп билет;
- чыныгы бытие Кудай гана;
- Кудай тарабынан жаратылган дүйнө чыныгы эмес жана экинчи;
- дүйнө башканын (кудайдын) эркинен жаралгандыктан, түбөлүктүү эмес, өзгөрмөлүү жана убактылуу;
- Кудай менен анын жаратkандарынын ортосунда так чек жок.

⇩

**Ачуу идеясы боюнча**

⇩

- дүйнөнү Кудайды таанып гана таанууга болот;
- Кудайды таанып-билүүгө мүмкүн эмес;
- Кудайды таанып-билүүгө мүмкүн эместигине карабай, ал өзүн Библия аркылуу таанууга уруксат берген;
- Кудайды жана дүйнөнү таануунун жалгыз жолу - Библия;
- Кудайды ишеним аркылуу гана таанууга болот.

⇕

**Жаратуу идеясынын негизинде жакшылык жана жамандык проблемаларынын чечилиши**

⇩

- курчап турган дүйнө Кудай тарабынан гана жаралган;
- Кудай жакшылык менен адилеттүүлүктүн алып жүрүүчүсү;
- демек, курчап турган дүйнө башынан эле жакшылык менен толгон;
- дүйнөгө жамандыкты Кудайга каршы чыккан шайтан алып келет;
- жамандык алгач дүйнөдө болбогондуктан, ал жакшылык катары маскировкаланат жана өзүнүн караңгы максаттарына жетет;
- дүйнөдө жакшылык менен жамандык дайыма күрөштө, бирок дүйнөнү Кудай жараткандыктан жана Кудай жакшы болгондуктан, акыр-аягында жакшылык женет.

⇩

Жакшылык жана жамандык проблемаларын чечүүдө орто кылымдык теологиялык философия оптимисттик мүнөзгө ээ.

## *3. Схоластика, номинализм жана реализм жөнүндө негизги түшүнүктөр*

**Схоластика** - орто кылымдардын теологиялык философиясында үстөмдүк кылган багыт. Реалдуу чындыктан ажырымдуулугу, түнттүгү, консерватизми, догмалуулугу, диний идеяларга толук жана каршылыксыз баш ийгендиги, схемалуулугу, насыяттуулугу менен айырмаланган.

⇕ ⇕

**Мүнөзү**

- «схоластика» термини латындын schola (мектеп) деген сөзүнөн келип чыккан, философиянын бул тиби Европанын мектептеринде бир нече кылымдар окутулган;
- ошентип, схоластика чыгармачыл изилдөө менен алектенген илим катары эмес, диний окууларды философиялык жактан негиздөөнү максат кылган мектептик – университеттик дисциплина катары көрүнгөн (ошол үчүн аны «чиркөөнүн кызматчысы» деп атаган);
- схоластикага Библияны абсолюттук акыйкат, нормативдик текст катары кабыл алуу мүнөздүү.

**Схоласттар билимди эки түргө бөлүшкөн**

- табияттан тышкаркы, (Библия аркылуу айтылган Кудайдын сөздөрү);
- *табигый,* адамдын акыл-эси менен изделүүчү (б.а. адам Библиянын текстин, Кудайдын идеясын кантип түшүнсө, ошол билим).

⇩

- Бул жаатта схоласттардын ортосунда көп талаш-тартыштар болуп турган, Библияны комментарийлеген көптөгөн томдор жазылган.

⇕ ⇕

Орто кылымдардагы теологиялык философияда (схоластикада) эки карама-каршы багыт орун алышкан: ***номинализм жана реализм***

⇩ ⇩

**Реализм** - жактоочулары чыныгы бытие катары жеке нерселерди эмес, жалпы түшүнүктөрдү, универсалдарды (Кудайдын идеяларын) эсептеген диний философиялык багыт. Негизги өкүлдөрү: Ансельем Кентерберийский, Шамполук Вильгелм.

**Номинализм** (лат. nomen - ат, аталыш) - жактоочулары чыныгы реалдуулук катары конкреттүү жекече нерселерди, ал эми жалпы түшүнүктөрдү нерселердин аттары катары гана эсептеген философиялык багыт. Номинализм боюнча универсалдар нерселерден кийин жашашат. Негизги өкүлдөрү: Росцелин, Уильям Оккам.

### 4. Орто кылымдардагы теологиялык философиянын мааниси

| **Философиянын андан ары өнүгүшү үчүн орто кылымдардагы теологиялык философиянын мааниси** |
|---|

⇩

| |
|---|
| ✓ антикалык философия жана Кайра Жаралуу, Жаңы мезгил философияларын байланыштыруучу звено болду; |
| ✓ антикалык философиялык идеяларды сактап калган жана өнүктүргөн; |
| ✓ философияны жаңы сфераларга бөлүштүрүүгө мүмкүндүк берген бытие жөнүндөгү окуу болгон онтология менен катар таанып-билүү жөнүндөгү окуу-гносеология бөлүнүп чыккан; |
| ✓ идеализмдин объективдүү жана субъективдүү болуп бөлүнүшүнө алып келген; |
| ✓ жаңы мезгилде номиналисттердин тажрыйбага таянуусунун негизинде эмпиризм, өздүк аң-сезимдин проблемаларына кызыгуусунун негизинде рационализм келип чыккан; |
| ✓ тарыхый процесске ой- жүгүртүүгө болгон кызыкчылыкты ойготкон; |
| ✓ жакшылыктын жамандыкты жеңишине ишеним аркылуу оптимизм идеясын көтөргөн. |

## Суроо 17. Кайра жаралуу доорунун философиясы

### *1. Кайра жаралуу доорунун философиясынын жалпы түшүнүгү жана өбөлгөлөрү*

XIV-XVIIк.к. Европада пайда болуп, өнүккөн философиялык багыттардын жыйындысы кайра жаралуу доорунун философиясы деп аталат. Бул багыттарды чиркөөгө жана схоластикага каршы багытталгандык, адамдын денелик жана рухий потенциалына болгон ишеним, оптимизм жана жашоого умтулуучулук бириктирет.

⇕

**Келип чыгуу өбөлгөлөрү**

⇓

- эмгек куралдарынын жана өндүрүштүк мамилелердин өркүндөшү;
- феодализмдин кризиси;
- кол өнөрчүлүктүн жана соода-сатыктын өнүгүшү;
- шаарлардын өсүшү, алардын феодалдардан жана чиркөөлөрдөн көз карандысыз болгон соода, кол өнөрчүлүк, аскердик, маданий жана саясий борборлорго айланышы;
- алгачкы парламенттердин пайда болушу;
- чиркөөнүн жана схоластикалык философиянын кризиси;
- Европада билимдүүлүктүн деңгээлинин жогорулашы;
- улуу географиялык ачылыштар (Колумбдун, Васко да Гаманын, Магелландын);
- илимий-техникалык ачылыштар (атма куралдарды, станокторду, домна мешин, микроскопту, телескопту, китеп басууну ойлоп табуу, медицина, астрономия жаатындагы ачылыштар ж.б).

## *2. Кайра жаралуу доорунун философиясынын негизги багыттары жана мүнөздүү белгилери*

**Кайра жаралуу доорунун философиясы**

⇕

**Негизги багыттары**

⇩

- ✓ **гуманисттик (XIV-XV** кк., өкүлдөрү: Данте Алигъери, Франческо Петрарка, Лоренцо Волли ж.б.) – көңүлдүн борборуна адамды койгон, адамдын кадыр-баркын, улуулугун, күчүн даңазалаган;
- ✓ **неоплатондук** (XVк. орт.-XVI., өкүлдөрү: Николай Кузанский, Пико делла Мирандолла, Парацельс ж.б.) - Платондун окуусун улантышкан, идеализмдин негизинде жаратылышты, космосту, адамды үйрөнүүгө аракеттенишкен;
- ✓ **натурфилософиялык** (XVI-XVII кк. башы) өкүлдөрү: Джордано Бруно, Г.Галилей ж.б. чиркөөнүн жоболорунун кадырын түшүрүүгө, космосту жана дүйнөнүн жаралышын илимий, астрономиялык ачылыштардын негизинде түшүндүрүүгө аракеттенишкен;
- ✓ **реформациялык (XVI-XVII** кк.), өкүлдөрү: М.Лютер, Т.Монцер, Ж.Кальвин, Э.Роттердамский ж.б. – чиркөөлүк идеологияны түп-тамырынан карап чыгууга умтулушкан;
- ✓ **саясий** (XV-XVIк.к.), негизги өкүлү - Макиавелли, мамлекетти башкаруу, башкаруучулардын жүрүш-турушу проблемаларын үйрөнгөн;
- ✓ **социал - утописттик (XV-XVII** к.к.), өкүлдөрү: Томас Мор, Кампанелла ж.б. - коомдун идеялдуу формаларын издешкен, мындай идеялдуу коомдордо жеке менчик жок болот, баары тең жана бирдей жашайт деп элестетишкен.

⇕

**Мүнөздүү белгилери**

⇩

- ✓ антропоцентризм жана гуманизм - адамга болгон кызыкчылыктын өсүшү, анын чексиз мүмкүнчүлүктөрүнө жана кадыр-баркына ишенүү;
- ✓ чиркөөгө жана чиркөөлүк идеологияга карама-каршы туруу (б.а. Кудайды, динди эмес, Кудай менен адамдардын ортосунда ортомчу болуусун каалаган чиркөөнү, анын «кызматчысы» болгон схоластиканы тануу);
- ✓ негизги кызыкчылыкты формадан мазмунга идеясына өткөрүү;
- ✓ курчап турган дүйнөнү принципиалдуу жаңы, илимий-материалисттик түшүнүү (Жердин шар формасында, Күндү тегеренип айлана тургандыгы, Ааламдын чексиздиги, жаңы анатомиялык билимдер ж.б.);
- ✓ социалдык проблемаларга, коомго, мамлекетке зор кызыгуу;
- ✓ индивидуализм;
- ✓ социалдык теңдик идеясынын кеңири таралышы.

### *3. Гуманизм*

**Гуманизм**

⇕

**Өзгөчөлүктөрү**

⇓

- ✓ **гуманизм** философиялык багыт катары Европада XIV-XV к.орт. тараган. Борбору Италия болгон;
- ✓ гуманистик философия өзүнүн жанры боюнча адабият менен биригип кеткен;
- ✓ белгилүү гуманист - философтор ошол эле мезгилде жазуучулар да болушкан. Аларга Д.Алигьерини, Ф.Петрарканы, Л. Воллини кошууга болот.

⇕

**Негизги мүнөздөмөлөрү**

⇓

- ✓ чиркөөгө жана схоластикага каршы багытталгандык;
- ✓ кудайдын эң күч-кубаттуулугун азайтууга жана адамдын баалуулугун далилдөөгө умтулуу;
- ✓ антропоцентризм - адамга өзгөчө көңүл буруу, анын күчүн, улуулугун, мүмкүнчүлүктөрүн даңазалоо;
- ✓ турмушка оптимисттик көз караш.

### *4. Неоплатонизм*

**Неоплатонизм** - Платондун окууларын системага салууну жана аны карама-каршылыктардан арылтып, андан ары өнүктүрүүнү максат кылган идеалисттик багыт

**Негизги мүнөздөмөлөрү**

⇓

- ✓ калыптанып калган жана өтө эле систематизацияланган схоластикага Платондун идеяларына негизделген жаңы философиялык системаны каршы коюу;
- ✓ Кудайдын ролу төмөндөтүлгөн жана баштапкы идеялардын мааниси күчөгөн дүйнөнүн жаңы сүрөттөлүшүн үгүттөө;
- ✓ адамдын Кудай тарабынан жаралганы танылган эмес, бирок ошол эле кезде адам өз алдынча микрокосмос катары кабылданган;
- ✓ мурунку философиянын бир катар постулаттарын карап чыгууга жана бардык философиялык багыттарды ынандырган дүйнөлүк философиялык системаны түзүүгө болгон чакырык.

⇕

Негизги өкүлдөрү: **Николай Кузанский** (1401-1464)-дин кызматкери, бирок новатордук көз караштарды жактаган, бытиени жана таанып билүүнү жаңыча трактовкалаган; Джованни Пико делла Мирандола (1463-1494)-диний жана философиялык окууларды эклектикалык бириктирүүгө аракеттенген.

*5. Натурфилософия*

**_Натурфилософия_ - XVI-XVII** кк. Европада, өзгөчө Италияда кеңири тараган.

⇕

***Негизги мүнөздөмөлөрү***

⇩

- дүйнөгө материалисттик көз караШты негиздөө;
- философияны теологиядан ажыратууга умтулуу;
- теологиядан эркин болгон илимий дүйнөгө болгон көз карашты калыптоо;
- дүйнөнүн жаңы сүрөттөлүшү (Кудай жана жаратылыш биримдикте, Жер Ааламдын борбору эмес);
- дүйнөнү таанып-билүүгө боло тургандыгын, биринчи кезекте сезим жана акыл-эс аркылуу таанылa тургандыгын бекемдөө.

⇕

Негизги өкүлдөрү

- ***Н. Коперник*** (1473-1543). Идеялары: Жер Ааламдын борбору эмес; Жер Күндү тегеренип айланат (гелиоцентризм); бардык космос телолору өзүнүн траекториясы боюнча кыймылдайт; космос чексиз; космостогу процесстерди түшүнүүгө болот;
- ***Дж. Бруно*** (1548-1600). Идеялары: Күн Жерге карай борбор, бирок Ааламдын борбору эмес; Ааламдын борбору жок жана чексиз; Аалам галактикалардан турат; Жылдыздар – Күн сыяктуу асман телолору; Ааламда дүйнөлөрдүн саны чексиз; Бардык асман телолору кыймылда; Ааламдан сырткары Кудай жашабайт, Аалам жана Кудай бир бүтүндүк;
- ***Г. Галилей*** (1564-1642) - практика жүзүндө Н. Коперник менен Дж.Брунонун идеяларын далилдеген; телескопту ойлоп тапкан; асман телолору траектория боюнча жана өзүнүн огунда айланарын далилдеген; Күндөгү тактарды жана Айдагы көп түрдүү ландшафты айткан; башка планеталардын айланасындагы спутниктерди ачкан; телолордун кулашынын динамикасын изилдеген; дүйнөлөрдүн көптүгүн далилдеген.

## Суроо 18. Орто кылымдардагы араб (араб тилдүү) философиясы

### *1. Араб (араб тилдүү) философиясынын негизги түшүнүгү жана аны мезгилдерге бөлүү*

**Араб (араб тилдүү)** философиясы катары арабдар менен Жакынкы жана Ортоңку Чыгыш элдери тарабынан түзүлгөн, арабдардын маданий жана саясий таасиринин астында болгон философия каралат

***Орто кылымдык араб философиясынын эки негизги этабы:***

- VII-IX к.к. - араб философиясынын жаралуу мезгили;
- IX-XV к.к. - араб философиясы тарабынан байыркы грек философиясын өздөштүрүп, араб философиясынын араб-гректик философияга айлануу мезгили.

### *2. Эрте араб философиясы*

**Араб философиясынын жаралуу мезгилиндеги негизги багыттар**

***Мутакаллимдер мектеби***

Мутакаллимдер радикалдуу исламдын жактоочулары болушкан. Мутакаллим мектебинин өкүлдөрү исламдын диний жоболорун философиялык негиздөөгө аракеттенишкен жана муну менен арабо-исламдык схоластардын ролун аткарышкан.

***Мутазилиттер мектеби***

Мутазилиттер (обочолонгондор) да ислам философтору. Бирок кээ бир жоболору материалисттик мүнөздө

- Көптөгөн ислам жоболорун четке кагышкан: дүйнөнүн, адамдын келип чыгышы, тагдырдын бешенеге жазылышы, рационализмге ыкташкан;
- Кудай жөнүндөгү антропоморфтук элестетүүнү четке кагышкан;
- Кудай менен Ааламды бирге коюшкан;
- Адамдын күчүнө жана акыл-эсине ишенишкен;
- Акыл-эстин жардамы менен адам курчап турган дүйнөнү таанып-билүүгө болот деп эсептешкен.

***Суфизм***

**Суфизмдин** («суф»-жүн, чач; Аль-Бирунинин пикири боюнча «софист» сөзүнө үндөш) өкүлдөрү адамдын жогорку жыргалчылыгы катары өз эрки менен курчап турган дүйнөдөн баш тартууну, аскетизмди эсептешкен.

### 3. *Прогрессивдүү араб философиясы*

***Прогрессивдүү араб философиясынын жаңы этабы (IX кылымдан)***

⇕

**Мүнөздүү белгилери**

⇓

- материалисттик идеялардын таасиринин күч алышы (медицинадагы жана табият таануудагы ачылыштардын натыйжасында);
- байыркы грек философиясынын идеяларын сиңирип алуу, араб философиясынын араб-грек философиясына айланышы.

⇕

**Өкүлдөрү**

⇓

- Аль-Кинди (800-879)
- Ибн-Сина (980-1037)
- Аль-Фараби (870-950)
- Ибн-Рушд (1126-1198)

*4. Аверроэстин (Ибн-Рушд) философиясы жана анын Европа үчүн мааниси.*

**_Ибн-Рушдтун философиясы (аверроизм)_**

| **_Негизги жоболору_** | **_Пайда болуу жана өнүгүү өзгөчөлүктөрү_** |
|---|---|
| ✓ жаратуу идеясын четке кагат (дүйнө түбөлүк, ал жаратылбаган жана жок болбойт); | ✓ Ибн-Рушд арабдардын бийлиги астындагы Испанияда жашаган жана иштеген, батыш арабдык-европалык философиянын өкүлү болгон; |
| ✓ кудайдын бар экендиги эске алынып, бирок анын материяга карай алгачкылыгы эске алынбайт (Кудай жана курчап турган материалдык дүйнө "бирге түбөлүк"); | ✓ ал **аверроизм философиясын** түзгөн, бул философия Европага кеңири тарап, католицизм жана схоластикага каршы турган; |
| ✓ Кудай материяга форма гана берет деп, анын мүмкүнчүлүктөрүн чектелүү карайт; | ✓ Ибн-Рушдтун философиясы өзүнүн маңызы боюнча материалисттик, ал алдыңкы араб философиясы менен Аристотелдин системага салынган жана чыгармачыл иштелип чыккан окуусунун синтези катары пайда болгон; |
| ✓ Кудай бардыгын кыймылга келтирет деген идея четке кагылат; | ✓ Ибн-Рушдтун материалисттик, динге каршы философиясы европалык философияга чоң таасир эткен, кеңири таралып, университеттерде окутулган, схоластикага каршы философиялык окуулардын рухий тартылуу борборуна айланган; |
| ✓ кыймыл материянын өзүнүн ички маңызынан келип чыккан өз алдынча касиети деп далилдөөгө аракеттенген; | ✓ Фома Аквинский аверроизмдин ырааттуу сынчысы болуу менен, Ибн-Рушдтун философиялык идеяларына каршы күрөшкөн. Аквинскийдин "Аверроисттерге каршы акыл-эстин биримдиги жөнүндөгү" эмгеги бар. |
| ✓ детерминизм идеясын сунуштаган (жаратылыштагы нерселердин баары шартталган жана зарылдыктан ишке ашат); | |
| ✓ жандын өлбөстүгүнүн мүмкүндүгү четке кагылат (дененин өлүмү бир эле кезде жандын да өлүмү, бирок коллективдүү акыл-эс – бүткүл адамзаттын акыл-эси, ал өлбөс, адамдын жаны анын бир бөлүгү); | |
| ✓ "Оомалуу акыйкат" жөнүндөгү идея философиялык жана диний акыйкаттардын ар башкалыгы идеясын сунуштаган; дин үчүн акыйкат болгон нерсе, философия үчүн жалган болушу мүмкүн жана тескерисинче. | |

## *5. Аль-Фарабинин философиясынын мааниси.*

| *Аль – Фарабинин философиясынын мааниси* |
|---|

⇩

| |
|---|
| ✔ Аль-Фараби Аристотелдин философиясын системага салган жана араб дүйнөсүнүн шартына ылайыкташтырган; |
| ✔ биринчи болуп эманация жана кудайдын эң күчтүү эместиги жөнүндөгү идеяны киргизген; |
| ✔ анын идеялары Ибн-Синанын философиясынын негизи катары кызмат кылган. |

| |
|---|
| Ибн-Сина (Авиценна) араб философиясын прогресстин жаңы деңгээлине көтөргөн. Негизги философиялык эмгектери: "Айыктыруу китеби" («Куткаруу китеби»), "Билим китеби". Аларда төмөндөгүлөрдү белгилеген: |

⇩

| |
|---|
| ✔ ислам теологдорунун эскини бекем кармоочулугун сындаган; |
| ✔ философияны динден ажыратууга аракет кылган (ошол мезгилде анын көптөгөн замандаштары аларды ажырагыс байланышта деп эсептеп, философиянын диний жоболорду негиздөөчү ролун көрсөтүшкөн); |
| ✔ философияны адамзаттын акыл-эсинин жетишкендиктерин жалпылоочу өзүнчө илим деп эсептеген; |
| ✔ табият таануу илимдеринин жетишкендиктеринин натыйжасында көптөгөн философиялык идеяларды негиздеген (м., өзүнүн медициналык ачылыштарында); |
| ✔ Кудайдын бар экендигин танбаган, бирок анын эң күчтүүлүгүнө каршы чыккан; |
| ✔ көптөгөн жаратылыштагы кубулуштар кудайдын эрки менен катар, жаратылыштын закон ченемдүүлүктөрү боюнча да жүрүшөт; |
| ✔ дүйнөнүн жаралышынын себебин "эманациядан" – дүйнөнүн кудайдан келип чыкканын, бирок кудайдын эрки менен эмес, табигый зарылдыктан деп түшүнгөн; |
| ✔ «алгачкы башталма» идеясына каршы чыгып, материянын ажырагыс касиети катары кыймылды эсептеген; |
| ✔ жашаган бардык нерселер материалдуу деп эсептеген (кудай да, курчап турган дүйнө да); |
| ✔ жандын өзгөчө касиети - идеалдуулук менен түбөлүктүүлүктү бөлүп караган; |
| ✔ ошондой эле Кудайды да, жаратылышты да түбөлүк деп эсептеген. |

### *6. Аль-Киндинин философиясы.*

***Аль-Киндинин философиясы***

***Түпкү субстанциялар жөнүнүндөгү окуу***

Аль-Кинди түпкү субстанцияларга (категориялар аналогу) киргизген:

- материяны;
- форманы;
- кыймылды;
- мейкиндикти;
- убакытты.

***Дүйнөнү таанып билинүүчүлүгү жөнүндөгү идеялары***

Аль-Кинди илимий таанып билүүнүн үч баскычын бөлүп караган

- логикалык-математикалык;
- табият таануучулук;
- метафизикалык (философиялык).

***Аль-Киндинин философиясынын мааниси***

- Аль-Кинди араб дүйнөсү үчүн байыркы грек философиясын, анын ичинде Аристотелди ачкан. Аристотелдин идеяларынын таасири астында араб философиясына көп материалисттик идеялар, категориялар түшүнүгү, логика, таанып билүү жөнүндөгү окуу келген;
- Аль-Кинди өзүнүн түпкү субстанциялар окуусун сунуштаган (категориялардын арабдык аналогу);
- ал ошол мезгил үчүн революциячыл болгон адамдын акыл-эси аркылуу дүйнөнү таанып билүү мүмкүндүгү жөнүндөгү идеяны иштеп чыккан. Аны мутакаллимдер – ортодоксалдуу "ислам схоласттары" четке кагышкан;
- илимий таанып билүүнүн үч баскычын бөлгөн, акыйкаттуу билимге жетүү үчүн ырааттуу түрдө үчөөнү тең басып өтүү керек деген;
- араб философиясында аристотелизм традициясын баштаган (чыгыш перипатетизми) жана анын Европа менен Азиядагы эң прогрессивдүү окууга айлануусуна өбөлгө түзгөн (Орто кылым схоластикасы муну жасай албаган).

Суроо 19. **Жаңы мезгил философиясы**

## *1. Рационализм*

**Рационализм** (лат. ratio-акыл-эс) жаңы мезгилдеги бытиенин жана таанып билүүнүн негизи катары акыл-эсти эсептеген философиялык багыт

**Онтологиялык рационализм**

- бытиенин негизинде акыл-эстүү башталма жатат (б.а. бытие акылга ээ). Бул мааниде рационализм идеализмге жакын;
- бирок рационализм идеализм менен бир эмес. Анткени анын мааниси идеянын материядан алгачкылыгында эмес, бытиенин акылдуулугунда.

**Гносеологиялык рационализм**

- таанып-билүүнүн негизинде акыл-эс жатат;
- рационалисттер эмпиристтерге оппонент болушкан, ошол эле кезде схоласттарга каршы чыгышкан, таанып-билүүнүн негизинде ачылуу эмес, билим жатат дешкен.

**Эмпиристтер менен болгон тартыштагы негизги аргументтер**

- тажрыйба өзүнөн - өзү, акыл-эс тарабынан иштелбестен туруп, таанып-билүүнүн негизин түзө албайт;
- акыл-эс али тажрыйбада негизделбеген жана кийин гана тажрыйба аркылуу далилдене турган ачылыштарды өз алдынча жасоого жөндөмдүү.

Өкүлдөрү: Рене Декарт, Барух Спиноза, Готфрид Лейбниц

**Этикалык рационализм**

Этикалык рационализм боюнча акыл-эс этиканын, жүрүш-туруштун негизинде жатат.

## *2. Эмпиризм*

**Эмпиризм** жактоочулары таанып билүүнүн негизинде тажрыйба, сезимдик таанып билүү жатат деп эсептеген философиялык багыт: «тажрыйбада, сезимде али болбогон нерсе акыл эсте болушу мүмкүн эмес», «билим-күч».

- XVII кылымда Англияда, кийинчерээк АКШда кеңири тараган;
- эмпиризмдин негиздөөчүсү катары Френсиз Бэкон эсептелет;
- көрүнүктүү өкүлдөрү: Томас Гоббс, Джон Локк, Джон Дьюи (АКШ);
- эмпиристтер рационалисттерге оппонент болушкан.

### *3. Декарттын философиясынын мааниси*

**Рене Декарт** (1596-1650) – көрүнүктүү француз философу жана окумуштуу – математиги. Дүйнөгө белгилүү: «Мен ойлоном, демек бармын» афоризминин автору

⇕

**Декарттын философиясынын мааниси**

⇩

- ✓ таанып-билүүдө акыл-эстин башкы ролун негиздеген;
- ✓ субстанция, анын атрибуттары жана модустар жөнүндөгү окууну иштеп чыккан;
- ✓ дуализм теориясынын автору. Муну менен философиядагы материализм жана идеализм багыттарын элдештирүүгө аракет кылган;
- ✓ таанып-билүүнүн илимий методдору жана «тубаса идеялар» жөнүндөгү теорияны негиздеген.

⇕

**Декарттын рационализм идеясынын – акыл эстин бытие жана таанып-билүүгө карай алгачкылыгын далилдөөсү**

⇩

- ✓ дүйнөдө адамга түшүнүксүз көптөгөн нерселер жана кубулуштар бар (алар барбы? алардын касиеттери кандай? Кудай барбы? дүйнөнүн чеги барбы?);
- ✓ ар кандай кубулушка жана нерсеге күмөн саноого болот (курчап турган дүйнө жашайбы? чын эле Күн жарык чачабы? ж.б.);
- ✓ демек, күмөн саноо реалдуу жашайт, бул факт жана далилдөөгө муктаж эмес;
- ✓ күмөн саноо - ойдун касиети, демек, адам, күмөн саноо менен ойлонот;
- ✓ реалдуу жашаган адам ойлоно алат;
- ✓ демек, ой бытиенин да, таанып-билүүнүн да негизи;
- ✓ ойлонуу акыл-эстин иш-аракети болгондуктан, бытиенин жана таанып-билүүнүн негизинде акыл-эс гана жатат.

## 4. Ф. Бэкондун философиясынын мааниси

**Ф. Бэкон** (1561-1626) - англиялык философ жана саясий ишмер, философиядагы эмпиризм багытынын негиздөөчүсү, 1620-1621-жж. Великобританиянын лорд-канцлери, королдон кийинки экинчи постто турган

**_Бэкондун философиясынын мааниси_**

- философияда эмпирикалык (тажрыйбалык) багыттын башатына негиз салынган;
- гносеология (таанып – билүү жөнүндөгү окуу) философиядагы экинчи даражадагы тармактан онтологиянын деңгээлине көтөрүлгөн жана ар кандай философиялык системанын эки башкы бөлүктөрүнүн бири болуп калган;
- философиянын жаңы максаты аныкталган - адамга ишмердүүлүгүндө практикалык натыйжаларга жетүүсүндө жардам берүү (муну менен Бэкон кыйыр түрдө келечектеги америкалык прагматизмге негиз салган);
- илимди классификациялоонун алгачкы аракети көрүлгөн;
- антисхоластикалык, буржуазиялык философияларга импульс берилген.

**Эмпиризм**

**Негизги жоболору**

- Фр.Бэкондун негизги философиялык идеясы болгон эмпиризмдин мааниси -тажрыйба гана таанып- билүүнүн баштапкы булагы деп эсептегенинде;
- Канчалык тажрыйба көп болсо (мейли теоретикалык же практикалык), адам ошончолук акыйкаттуу билимге жакын;
- Бэкон боюнча акыйкаттуу билим жалгыз максат болбоосу керек;
- Билим менен тажрыйбанын башкы милдети - адамдын ишмердүүлүгүндө практикалык натыйжаларга жетүүсүнө жардам берүү, жаңы ойлоп табууларга, экономиканын өнүгүшүнө, адамдын жаратылышка үстөмдүк кылуусуна түрткү болуу. Буга байланыштуу Бэкон төмөнкү лозунгду көтөргөн: «Билим – күч».

## 5. Ф. Бекондун илимдерди классификациялоосу

**_Адамдын акылынын касиеттери_** ⇨ негиз болушат: ⇨ **_Ф. Бэкондун илимдерди классификациялоосу_**

| Адамдын акылынын касиеттери | | Ф. Бэкондун илимдерди классификациялоосу |
|---|---|---|
| эс тутум | ⟺ | тарыхый илимдер |
| элестөө | ⟺ | Поэзия |
| ой жүгүртүү | ⟺ | философия |

| Бекон боюнча философиянын предмети | | Адамдын таанып-билүү жолу |
|---|---|---|
| жаратылыш; | ⟺ | сезимдик кабыл алуу жана тажрыйба аркылуу; |
| Кудай; | ⟺ | жаратылыш аркылуу; |
| адам. | ⟺ | рефлексия аркылуу. |

## Суроо 20. **Агартуу философиясы. Жалпы түшүнүк**

XVIII кылымдагы француз философиясы агартуу философиясы деп аталат. Мындай аталыштын себеби, анын өкүлдөрү кудай, курчап турган дүйнө жана адам жөнүндөгү калыптанып калган элестөөлөрдү кыйратышып, жаңычыл, буржуазиялык идеяларды пропагандалашкан, натыйжада улуу француз революциясын (1789-1794) идеологиялык жактан даярдашкан

***Негизги багыттары***

### *Деизм*

- деизмдин жактоочулары жеке Кудай идеясын четке кагышкан;
- жаратылыш менен Кудайды теңдештирүү менен макул болушпаган (пантеизм менен);
- кудайды бардык нерселердин башаты, себепчиси дешкен (бирок андан ары Кудай себепчи катары таанылат);
- Кудайдын жаратылыш процесстерине жана адамдардын иштерине кийлигишүүсүн, тарыхтын жүрүшүнө болгон таасирин четке кагышкан (Кудай жаратып гана тим болгон деген идея).

**Өкүлдөрү**

- Вольтер;
- Монтескье;
- Руссо;
- Кондильяк.

### *Атеисттик - материалисттик багыт:*

бул агымдын жактоочулары Кудайдын бар экендигин танышкан, дүйнөнүн жана адамдын келип чыгышын материалисттик жана табигый илимдердин позициясында түшүндүрүшкөн, таанып билүү маселелеринде эмпиризмге артыкчылык беришкен.

**Өкүлдөрү**

- Мелье;
- Ламетри;
- Дидро;
- Гельвеций;
- Гольбах.

### *Утопиялык - социалисттик багыт*

француз агартуусунда XVIII кылымдын ортосунда калыптана баштаган, бирок өзгөчө таралууга 1789-1794-жылдардагы Улуу француз революциясынын тушунда жана андан кийин туш болгон. Социал - утописттер негизги кызыкчылыкты тең укукка жана социалдык адилеттүүлүккө негизделген идеалдуу коомду иштеп чыгуу жана куруу проблемасына арнашкан.

**Өкүлдөрү**

- Мабли;
- Морелли;
- Бабеф;
- Оуэн;
- Сен-Симон.

Агартуучулар кайсыл багыттын жактоочулары болушпасын, бардыгы жаркын келечекти жана коомдук прогрессти билим алуудан көрүшкөн.

Суроо 21. **XIX кылымдагы Немец философиясы дүйнөлүк философиядагы кубулуш катары**

***1. XIX кылымдагы немец философиясынын негизги багыттары жана өзгөчөлүгү***

**Немец философиясы**

***Негизги багыттары***

- Классикалык немец философиясы (XVIII к. аягы XIX к. 1-жарымы);
- Материализм (XIX к. ортосу жана 2-жарымы);
- Иррационализм (XIX к. 2-жарымы жана аягы), «жашоо философиясы»;
- Гельвеций;
- Гольбах.

***Өзгөчөлүктөрү***

- Анын өкүлдөрү адамзатты кылымдар бою кыйнап келген проблемаларды терең изилдей алышкан жана философиянын бүткүл келечектеги өнүгүшүн аныктаган жыйынтыктарды чыгарышкан;
- Немец философиясы өзүнө дээрлик ошол мезгилдеги бардык белгилүү философиялык багыттарды бириктире алган;
- дүйнөлүк философиянын «алтын фондуна» кирген ондогон көрүнүктүү философторду берген (Кант, Гегель, Фихте, Фейербах, Маркс, Энгельс, Шопенгауэр, Ницше ж.б.).

***2. Классикалык немец философиясы***

**Классикалык немец философиясы XVIII кылымдын аягы – XIX кылымдын 1-жарымында өзгөчө кеңири тараган**

***Субъективдүү идеализм***

**Иоганн Фихте** (1762-1814) субъективдүү идеализмдин концепциясын иштеп чыгууга чоң салым кошкон. Субъективдүү идеализм боюнча адам үчүн жалгыз жана башкы реалдуулук өзү, өзүнүн аң сезими.

***Материализм***

***Людвиг Фейербах (1804-1872)***

***Негизги идеялары***

- идеализмди сындаган жана дүйнөнүн бир бүтүн, ыраттуу материалисттик сүрөттөлүшүн сунуштаган;
- өзүнүн философиясында толук атеист катары Кудайдын жок экендигин далилдөөгө аракеттенген: «Кудайды адамдар өздөрү ойлоп тапкан».

**Классикалык немец философиясынын мааниси**

- философтордун көңүлүн традициялык проблемалардан (бытие, ойлоо, таанып-билүү) адамдын маңызын изилдөөгө бурган;
- өнүгүү проблемасына өзгөчө көңүл бурган;
- философиянын логико-теоретикалык аппаратын бир кыйла байыткан;
- тарыхты процесс катары түшүнүү калыптана баштаган.

**Объективдүү идеализм**

***Негизги окулдору***

**Иммануил Кант** (1724-1804) – классикалык немец философиясынын баштоочусу

**Негизги идеялары**

- Күн системасынын пайда болушун Ньютондун закондорунун негизинде, табигый себептердин натыйжасында-мейкиндикте материянын ажыраган бөлүктөрүнүн айланып жүргөн тумандуулугунан пайда болгондугун түшүндүргөн;
- адамдын таанып билүү жөндөмү чектүү экендиги жана курчап турган дүйнөнүн нерселери менен кубулуштарынын ички маңызын («нерсе өзүндө») таанып билүүгө мүмкүн эместиги жөнүндөгү теорияны айткан;
- категориялар жөнүндөгү окууну –философия таянган негизги, эң жалпы түшүнүктөр жөнүндөгү окууну негиздеген;
- моралдык закон иштеп чыккан («категориялык императив»);
- согуштун экономикалык эффективдүү эместиги жана ага укуктук тыюу салууга негизделген келечектеги «түбөлүк тынчтык идеясын сунуштаган».

**Георг Гегель** (1770-1854)

**Негизги идеялары**

- бытие менен ойлоону теңдештирген;
- материалисттик дүйнөдөн, аң-сезимден көз карандысыз болгон жана бүт бытиенин алгачкы себепчиси болгон ***абсолюттук идея*** жөнүндөгү окууну иштеп чыккан, муну менен *объективдүү идеализмдин* концепциясын терең негиздеген. Бул идея батыштын көп өлкөлөрүндө кеңири тараган;
- Гегелдин философияга сиңирген өзгөчө эмгеги – *диалектиканы* окуу катары иштеп чыккан (эң жалпы өнүгүү жана анын негизги закондору, принциптери жөнүндөгү окуу).

***Фридрих Шеллинг*** *(1775-1854)*

**Негизги идеялары**

- объективдүү идеализмдин позициясында жаратылышты түшүнүүнү терең негиздеген;
- эркиндик жана укуктук түзүлүш жаратылышта башынан эле берилгендиги жөнүндөгү идеяны киргизген.

### *3. XIX кылымдагы немец материализми*

**Материализм XIX кылымдын 2-жарымында кеңири тараган. Негизги багыттар**

**Вульгардык материализм**

**Өзгөчөлүктөрү**

- вульгардык материалисттер адам, курчап турган дүйнө, таанып-билүү проблемаларына табият таануучулук илимдердин (физика, химия, биология) позициясында караган;
- жаратылыш закондорун (жүрүш – туруш, жаныбарлардын жашоосунун уюшулушу, табигый тандоо ж.б.) механикалык түрдө адам коомуна карай колдонушкан (соц. дарвинизм). Аң-сезимдин идеалуулугун карашкан;
- аң-сезимдин ишмердүүлүгүн физиологиялык процесс катары карашкан («боор өттү бөлүп чыгаргандай, мээ да ойду бөлүп чыгарат»).

**Өкүлдөрү**

- Фохт;
- Бюхнер;
- Молешотт.

**Марксизм**

**Негизги идеялары**

- дүйнөнүн ырааттуу-материалисттик сүрөттөлүшүн бекемдешкен;
- материалдык жана коомдук бытие үчүн экономиканын, өндүрүштүн ролун көрсөткөн;
- философиялык проблемаларды диалектиканын позициясында чечмелеген (диалектикалык материализм);
- тарыхты максаттуу багытталган жана закон ченемдүү процесс катары караган (тарыхий материализм);
- адамдын, коомдун, мамлекеттин келип чыгышынын баштан аяк сүрөттөлүшүн берген;
- атеисттик позицияда турган.

**Бөлүктөрү**

- Марксисттик философия;
- Саясий экономия (экономикалык окуу);
- Илимий коммунизм (социалдык-саясий теория).

***Марксизмдин негиздөөчүлөрү***

- Карл Маркс (1818-1883)
- Фридрих Энгельс (1820-1895)

**Людвиг Фейербахтын философиясы.** Людвиг Фейербахтын атеисттик жана материалисттик философиясын немец классикалык философиясына да, материализмине да кошууга болот. Анткени Фейербах классикалык немец философиясын аягына чыгарып, XIX кылымда немец материализмине негиз салган.

## *4. Иррационализм. «Жашоо философиясы».*

**Иррационализм** бытиенин жана тарыхтын объективдүү закондорун, диалектиканы танган, курчап турган дүйнөнү жана тарыхты хаос, кокустуктардын чынжыры катары кабыл алган философиядагы багыт (XIX к. 2-жар.). Иррационализмдин негиздөөчүсү Артур Шопенгауэр (1788-1860). Негизинен Шопенгауэрдин философиясы пессимизмге, адамдын курчап турган дүйнөгө жана өзүнүн жашоосуна таасир этүү мүмкүнчүлүгүнө ишенбөөчүлүккө толгон.

⟺

**«Жашоо философиясы»** иррационализмге жакын, көңүлүнүн борборуна керексиз түшүнүктөр болгон бытие, идея, материяны эмес, дүйнөдөгү адам бытиесин, анын жашоосун коет. Адам үчүн жалгыз реалдуулук – жашоо дейт. Негиздөөчүлөрүнүн бири катары ***Ф. Ницше*** (1844-1900) эсептелет. Ницше адамдын өзүнүн тагдырына толук таасир эте алуу мүмкүнчүлүгү, анын жүрүм-турумунун кыймылдаткыч күчтөрү («жашоого эрк», «бийликке эрк»), Кудайдын иллюзордуулугу, актуалдуу эместиги жөнүндөгү идеяларды сунуштаган.

⇩

Азыркы мезгилдеги философиялык багыттар – ***прагматизм*** менен ***экзистенциализмге*** негиз салган.

## *5. Канттын философиясынын тарыхый мааниси*

- Күн системасынын келип чыгышына илимий негизделген түшүндүрмө берген (мейкиндикте ажыраган элементтердин айланган тумандуулугунан);
- адамдын акыл-эсинин, таанып билүү жөндөмдүүлүктөрүнүн чектелүү экендиги жөнүндөгү идеяны көтөргөн;
- ойлоонун каркасын түзгөн эң жалпы түшүнүктөрдүн (категориялардын) 12 син киргизген;
- категориялык императивди – моралдык законду иштеп чыккан;
- ар бир коомдо жана эл аралык мамилелерде демократия жана укуктук тартип идеясын сунуштаган;
- согушту айыптаган, согуштун экономикалык жактан зыяндуулугу жана ага укуктук тыюу салуу идеясын көтөргөн.

### *6. Гегелдин диалектикасы*

**Георг Вильгелм Фридрих Гегель** (1770-1831) – Германияда, жалпы эле Европада эң авторитеттүү философтордон болгон, классикалык немец идеализминин алдыңкы өкүлү

⇩

**Диалектика** Гегелдин окуусунда биринчи болуп так формулировкаланган, бүткүл түшүнүк аппараты, закондору жана категориялары иштелип чыккан. Гегель боюнча диалектика – дүйнөлүк рухтун жана ал тарабынан жаралган дүйнөнүн жашап турушунун жана өнүгүүсүнүн негизги закону

⇳ ⇳

| **Диалектиканын мааниси** | Өнүгүү механизми (*абстрактуудан конкреттүүгө карай*) |
|---|---|
| ✓ бардыгы – дүйнөлүк Рух, адам, жаратылыш, анын процесстери карама-каршы башталмаларга ээ (М., күн жана түн, ысык-муздак, жакшылык-карылык, байлык – кедейлик, согуш – тынчтык ж.б.); | ✓ белгилүү бир тезис жашайт (жалпы өнүгүү башталган биринчи ***тезис*** катары Гегель «бытие» тезисин атайт); |
| ✓ бул башталмалар бири-бирине каршылыкта. Бирок ошол эле кезде өзүнүн маңызы боюнча биримдикте жана өз ара байланышта; | ✓ алгачкы тезиске дайыма ***антитезис*** болот (антитезис бытие - «небытие»); |
| ✓ карама-каршылыктардын биримдиги жана күрөшү дүйнөдөгү бардык жашап тургандардын өнүгүшүнүн булагы. | ✓ эки карама-каршы тезистердин өз ара аракетинде ***синтез*** - жаңы бекемделүү келип чыгат, ал өз учурунда өнүгүүнүн эң жогорку деңгээлинде тезиске айланат. (бытие жана бытие эместик синтезди берет - «пайда болуу» жаңы тезис болуп калат). |

### *7. Фейербахтын антропологиясы*

**Антропологиялык материализмдин теориясы**

⇩

- ✓ жаратылыш жана адам гана реалдуу жашайт;
- ✓ адам жаратылыштын бир бөлүгү;
- ✓ адам материалдуулук менен идеалдуулуктун биримдиги;
- ✓ адам философиянын негизги предмети болуусу керек;
- ✓ идея өзүнөн-өзү эмес, адамдын аң-сезиминин продуктысы катары жашайт;
- ✓ Кудай реалдуу эмес, Кудай адамдардын элестөөлөрүнүн жемиши;
- ✓ жаратылыш түбөлүк жана чексиз, аны эч ким жаратпаган жана жок кыла албайт;
- ✓ бизди курчап турган нерселердин баары - материянын ар кандай көрүнүштөрү.

## Суроо 22. **Марксизм философиясы**

### *1. Марксисттик философиянын жалпы түшүнүгү*

**Марксисттик философия** немец философтору *Карл Маркс* (1818-1883) жана *Фридрих Энгельс* (1820-1895) тарабынан Х1Хкылымдын 40-жылдарында калыптана баштаган *марксизм* окуусунун составдык бөлүгү

***Марксизмдин жана марксисттик философиянын келип чыгышына түрткү болгон коомдук кубулуштар***

- марксисттик философияга чейинки материалисттик философия (Демокриттин, Эпикурдун, XVIIк. англиялык материалисттер - Бэкондун, Гоббстун, Локктун, ХУШк. Француз материалисттеринин жана өзгөчө Х1Хкылымдын ортосундагы Людвиг Фейербахтын атеисттик-материалисттик философиясы);
- илим менен техниканын ыкчам өнүгүшү;
- Улуу Француз революциясынын идеяларынын кыйрашы (эркиндик, теңдик, бир туугандык, француз Агартуусунун идеялары), аларды реалдуу турмушка ашырууга мүмкүн эместик;
- социалдык - таптык карама-каршылыктардын жана конфликттердин күч алышы (1848-1849-жылдардагы революциялар, согуштар, 1871-жылдагы Париж коммунасы);
- буржуазиянын революциялык күчтөн консервативдүү күчкө айланышы, салттуу буржуазиялык баалуулуктардын кризиси (нике, адеп-ахлактуулук).

***Марксизмди негиздөөчүлөрдүн башкы эмгектери***

- К.Маркстын «Фейербах жөнүндөгү тезистери»;
- К. Маркстын «Капиталы»;
- К. Маркстын «1844ж. экономика - философиялык кол жазмалары»;
- К.Маркс менен Ф.Энгельстин «Коммунисттик партиянын манифести»;
- К.Маркс менен Ф. Энгельстин «ыйык үй-бүлө» жана «Немец идеологиясы»;
- Ф. Энгельстин «Табият диалектикасы»;
- Ф. Энгельстин «Анти-Дюринги»;
- Ф. Энгельстин «Маймылдын адамга айланышында эмгектин ролу»;
- Ф. Энгельстин «Үй-бүлөнүн, жеке менчиктин жана мамлекеттин келип чыгышы».

## 2. *Марксисттик философиянын негизги багыттары*

**Марксисттик философия** (мүнөзү боюнча материалисттик)

⇩ ⇩

**Тарыхый материализм**

⇩

- коомдук өнүгүүнүн ар бир этабында адамдар өздөрүнүн жашоосун камсыз кылуу үчүн өзгөчө, объективдүү, алардын эркининен көз карандысыз өндүрүштүк мамилелерге киришет;
- өндүрүштүк мамилелер, өндүргүч күчтөрдүн деңгээли экономикалык системаны түзүшөт жана ал мамлекеттин, коомдун институттары менен коомдук мамилелердин базисин түзөт;
- коомдук жана мамлекеттик институттар, коомдук мамилелер экономикалык базиске карай надстройканы түзүшөт;
- базис жана надстройка бири-бирине таасир этишет;
- өндүргүч күчтөр менен өндүрүштүк мамилелердин өнүгүшүнө, базис менен надстройканын белгилүү тибине жараша коомдук-экономикалык формация аныкталат. Марксисттик философия коомду 5 формацияга бөлөт: алгачкы общиналык-өндүрүштүк күч менен өндүрүштүк мамилелердин төмөн деңгээли, коомдун башаты; кул ээлөөчүлүк - кулчулукка негизделген экономика; феодализм - ири жерге болгон жеке менчикке жана дыйкандын эмгегине негизделген экономика; капитализм-эркин, жалданма жумушчулардын эмгегине негизделген өнөр жай өндүрүшү; коммунизм - мамлекеттик менчиктеги эркин адамдардын эркин эмгегине негизделген келечектин коому. Мындан башка азиялык өндүрүш жолуна негизделген өзгөчө коомдук-экономикалык формация белгиленген (Байыркы Египет, Месопотамия, Кытай);
- өндүргүч күчтөрдүн деңгээлинин өсүшү өндүрүштүк мамилелердин өзгөрүшүнө жана коомдун-экономикалык формациясынын өзгөрүшүнө алып келет;
- экономиканын деңгээли материалдык өндүрүш, өндүрүштүк мамилелер мамлекеттин, коомдун тагдырын, тарыхтын жүрүшүн аныкташат.

***Диалектикалык материализм*** (Гегелдин диалектикасына негизделет, бирок материалисттик принципте)

⇩

- *философиянын негизги маселеси* бытиенин пайдасына чечилет (бытие аң-сезимди аныктайт);
- аң-сезим өз алдынча маңыз катары эмес, материянын касиети катары түшүнүлөт;
- материя тынымсыз кыймылда жана өнүгүүдө турат;
- Кудай жок, ал идеалдуу образ, адамзатка түшүнүксүз кубулуштарды түшүндүрүү үчүн болгон адамдардын фантазиясынын мөмөсү жана адамга үмүт, жубатуу берет. Кудай курчап турган чындыкка эч кандай таасир көрсөтпөйт;
- материя түбөлүк жана чексиз, мезгил-мезгили менен өзүнүн жашоосунун жаңы формаларына ээ болуп турат;
- өнүгүүнүн маанилүү фактору болуп практика - адамдын курчап турган дүйнөнү жана өзүн-өзү өзгөртүп түзүүсү эсептелет;
- өнүгүү диалектиканын закондору боюнча жүрөт: карама-каршылыктардын биримдиги жана күрөшү, сандан сапатка өтүү, танууну тануу.

## Экономикалык теория

### Негизги жоболор

- ***өндүрүш каражаттары*** - жаңы товарды өндүрүүгө мүмкүндүк берген, жогорку деңгээлдеги эмгектин функциясы болгон уникалдуу товар. Жаны товарды өндүрүү үчүн өндүрүш каражаттары менен катар жумушчу күчү зарыл, өндүрүш каражаттарын ***жумушчу күчү*** ишке киргизет.
- Капитализмдин эволюциясынын жүрүшүндө негизги жумушчу массасынын ***өндүрүш каражаттарынан*** ажыроо процесси жүрөт. Негизги товар болгон өндүрүш каражаттары аз сандагы менчик ээлеринин колуна топтолот. Өндүрүш каражаттарына жана өз алдынча акча табууга ээ эмес эмгекчи масса өзүнүн эң зарыл керектөөлөрүн канааттандыруу максатында менчик ээлерине ***эмгек акы үчүн жалданма жумушчу күчү катары кайрылууга аргасыз.***
- Жалданма жумушчу күчү тарабынан өндүрүлгөн продуктынын наркы анын эмгек акысынан жогору, Маркс боюнча алардын ортосундагы айырма ***кошумча нарк*** болуп саналат, анын бир бөлүгү капиталисттин чөнтөгүнө, башка бөлүгү дагы келечекте көбүрөөк кошумча нарк алуу үчүн жаңы өндүрүш каражаттарын сатып алууга жумшалат.
- Марксисттик философиянын негиздөөчүлөрү мындай абалдан чыгууну ***коммунисттик коомдук - экономикалык мамилелерди*** орнотуудан көргөн.

### Социалисттик коомдук - экономикалык мамилелердин орноо тартиби

- Өндүрүш каражаттарына болгон жеке менчикти жоюу;
- адамды адам эксплуатациялоону жана башка адамдын эмгегинин натыйжаларын (кошумча продуктынын) аз сандагы менчик ээлерине ыйгарууну жоюу;
- Өндүрүш каражаттарына болгон жеке менчикти коомдук (мамлекеттик) менчик менен алмаштыруу;
- Өндүрүлгөн продуктыны жана эмгектин натыйжаларын коомдун мүчөлөрүнө адилеттүү бөлүштүрүү.

## Суроо 23. **XX кылым философиясы**

### *1. Советтик философия*

XX кылымдын 20-жылдарынан 90-жылдарына чейин легалдуу орус философиясы же СССР элдеринин философиясы катары ***советтик философия*** өнүккөн.

#### ***Өзгөчөлүгү***

- Ачык материалисттик мүнөздө болгон жана марксисттик философиянын рамкаларынын чегинен чыкпаган, негизинде диалектикалык жана тарыхый материализм жатат ушул себептүү бир топ догматикалык жактарга ээ;
- Совет философиясынын негиздөөчүсү В.И.Ленин. Бүткүл совет философиясы В.И.Лениндин философиялык чыгармачылыгынын таасири астында болгон. В.И.Ленин марксисттик материалисттик философиялык окууну өнүктүрүүгө жана аны Россиянын шарттарына ыңгайлаштырууга аракет кылган.

#### ***Советтик философиянын үч этабы***

- 1917-30-жж. – официалдуу марксизм – Ленинизмдин күчтүү басымы астында көпкө созулган дискуссиялар мезгили;
- 30-50-жж.–философияны толук идеологияга айландыруу. Аны официалдуу бийликтин кызматчысына айландыруу; философиялык маселелер боюнча И.В. Сталиндин позициясынын аныктоочу таасири;
- 50-80-жж. – советтик философиянын өз алдынчалуулугунун жаралуу мезгили.

#### ***Совет философиясына бир кыйла салым кошкон философтор***

- М.И. Бухарин (аң-сезим, психика проблемалары);
- А. Богданов (системалар теориясы – «тектология»);
- А.Ф. Лосев (адам, тарых);
- А.М. Деборин (материализмди чыгармачыл түшүнүү);
- Л. Гумилев (тарых, этногенез маселелери);
- М. Мамардашвили (адам, мораль, адеп-ахлак проблемалары);
- В. Асмус (изилдөөлөрдүн кенири чөйрөсү);
- Ю. Лотман (коом, философия, тарых).

#### ***Советтик философия тарабынан 1960-80-жылдары каралган негизги проблемалар***

- баалуулуктар проблемасы;
- марксизм - ленинизмди жаңыча түшүндүрүүнүн, «чыныгы Маркска», «чыныгы Ленинге» кайрылуу проблемалары;
- гносеология проблемасы;
- аң-сезим проблемасы;
- идеалдуулук проблемасы;
- маданият проблемасы;
- философиялык методдор проблемасы.

## 2. Космизм философиясы

**Космизм - философиядагы космосту, курчап турган дүйнөнү, адамды өз ара байланыштагы бир бүтүндүк катары караган агым. Негизги өкүлдөрү: Н.В. Бугаев, В.И. Вернадский, К.Э. Циалковский, А.Л. Чижевский**

### *А. Л. Чижевскийдин (1897-1964) космикалык биология философиялык системасы*

*Негизги жоболору*

- Жерде жашоонун (биосферанын) өнүгүшү ички себептердин эле эмес, космостун күчтүү таасиринин астында да жүрөт;
- Жердеги ар кандай процесстерде, биосферанын жашоосунда аныктагыч роль Күнгө таандык. Күндүн активдүүлүгү жаныбарлардын жүрүш-турушуна, деңиздердин көтөрүлүшүнө, тартылышына, социалдык катаклизмдер-согуштарга, революцияларга таасир этет;
- Чижевский өзүнүн идеяларын илимий түшүнүктөр менен эмес, ырлар, көркөм чыгармалар менен берегенге аракеттенген;
- Чижевскийдин философиясы Батышта оригиналдуу, илимий негизи бар катары кабылданган. СССРде болсо илимий эмес жана абсурдуу деп жарыяланган.

### **И. В. Бугаевдин (1837-1902) космикалык монад философиялык системасы**

*Негизги жоболору*

- бүткүл космос рухий бирдиктердин сансыз көптүгүнөн-монадалардан турат;
- монадалар өзүнө энергияны, билимди, «өткөндү эстөөнү» концентрациялайт;
- жашоонун жана космикалык монадалардын өз ара аракетине жараша Жердеги, Ааламдагы цивилизация ишке ашат.

### *К. Э. Циалковскийдин (1857-1935) түбөлүктүүлүк, жаратпоочулук, жоголбоочулук (материянын) идеялары*

*Теориялык мааниси*

- Циалковский боюнча материянын негизинде майда бөлүкчөлөр -атомдор жатат, алардын түрдүү конфигурациясы материалдык дүйнөнүн көп түрдүүлүгүн жаратат;
- заттар, телолор бузулганда жоголушпайт, атомдорго бөлүнүшүп, жаңы заттар жана телолор пайда болушат. Ааламда атомдордун айлануусу жашайт, а материя мезгили менен формасын өзгөртүп, сакталат;
- жердеги жашоо Ааламдагы жалгыз жашоо эмес, Космос өзүнүн мааниси боюнча жандуу, жашоо болсо космикалык бытиенин ажырагыс бөлүгү. Ошондуктан Ааламда башка дагы акыл-эстүү дүйнөлөр, цивилизациялар бар;
- Циалковский илим менен техниканын мүмкүнчүлүктөрүнө, адамдын космосту багындыра алышына ишенген.

### *В. И. Вернадскийдин (1863-1945) ноосфера теориясы*

*Теориялык мааниси*

- Адамдын эволюциясына жараша анын курчаган дүйнөнү кайра түзүүчүлүк ишмердүүлүгү күчөйт, ноосфера - акыл - эс чөйрөсү пайда болот, бул болсо адамдын жашоосунун, анын материалдык жана рухий маданиятынын чөйрөсү, орду;
- Ноосфера тынымсыз кеңейип барат жана бытиенин башка областтарын камтыйт. Биосфера тынымсыз, кайрылгыс түрдө ноосферага өтөт;
- Келечекте ноосфера Жерди бүт кучагына алат жана космоско өтөт.

Суроо 24. **Прагматизм. Жалпы түшүнүк.**

**Прагматизм** – өзүнүн башкы максаты катары философиялык маселелерди изилдөөдө абстрактуу акыйкатты табууну эмес, практика жүзүндө адамдарга турмуштук маселелерди чечүүдө жардам берүүчү конкретүү каражаттардын арсеналын иштеп чыгууну эсептеген идеалисттик философиялык багыт.

⇕

Негиздөөчүлөрү америкалык философтор **Ч.Пирс** жана **У. Джемс**.

⇕

Азыркы прагматизмдин окуусунун андан ары иштелип чыгышына, калыптанышына жана өнүгүшүнө **Джон Дьюи** (1859-1952) өзгөчө салым кошкон.

***Америкалык философияда Дж. Дьюнин ролу жана орду***

- Дьюи философия, социология, педагогика жана башка дисциплиналар боюнча 30 китептин жана 900 илимий макалалардын автору;
- Анын философиясы СССРде жана Европада кеңири тараган эмес, бирок АКШда жана бир катар англис тилдүү өлкөлөрдө абдан популярдуу. Дьюнин философиясын билгендер аны Американын эң алдыңкы философу деп эсептешет;
- Ал традициялуу философиянын (философиялык фундаментализмдин) көпчүлүк стреотиптерин бузган жана маанилүү философиялык проблемаларга новатордук менен караган.

### 1. *Дж. Дьюинин эмпиризми (тажрыйба — анын философиясындагы негизги түшүнүк)*

Өзүнүн философиялык багыты боюнча Д. Дьюи **эмпирист** болгон, б.а. өзүнүн изилдөөлөрүндө тажрыйбага өзгөчө көңүл бөлгөн.

- алгачкы башталма идеясын четке каккан;
- философиянын борбордук түшүнүгү тажрыйба болушу керек, бардык философиялык изилдөөлөр анын айланасында жүрүшү шарт деген ойду айткан;
- тажрыйба деп адамдын аң-сезиминде болгон нерселердин баарын - тубасасын да, турмушта өздөштүргөнүн да түшүнгөн;
- тажрыйбанын алып жүрүүчүсү катары адамдын аң-сезимине өзгөчө көңүл бөлгөн;
- тажрыйбаны сезимдик, сезимдиктен тышкары (спиритикалык, рухий), диний моралдык, көркөм, социалдык, маданий жана башка деп бөлгөн;

## *2. Прагматизмдин философиялык системасындагы философиянын максаты*

**Философиянын максаты**
(Дьюи, Джемс боюнча)

⇨ *Адамга тажрыйбалардын агымында коюлган максатка карай жылуусу жана ага жетүүсү үчүн жардам берүү*

⇩

***Өзгөчөлүктөрү***

⇩

- **американкалык прагматиктер философия тажрыйба менен тыгыз байланышта болуп адамга акыйкатты табууга жардам берет, ал жаңы тажрыйбага алып келет жана андан ары коюлган максатка жетүүгө болот деп эсептешкен (Джемс боюнча);**
- **Дьюи бул идеяны новатордук түрдө өнүктүргөн жана философиянын маселелерин тактаган.**

## *3. Тажрыйбаны өнүктүрүү жолдору. Социалдык реконструкция идеясы.*

Дьюи боюнча **философиянын негизги маселеси** тажрыйбаны туура колдонуп, жекече максаттарга жетүү эмес, *ал эми философиянын жардамы менен тажрыйбанын өзүн кайра өзгөртүү, адам турмушунун бардык сфераларында тажрыйбаны системалуу өткөрүүдө турат.*

⇕

***Тажрыйбаны өнүктүрүүнүн үч жолу***

⇩

**Социалдык реконструкция - коомдун өзүн өнүктүрүү - тажрыйбаны өнүктүрүүнүн маанилүү шарты, анткени тажрыйбанын бир кыйла чоң үлүшү индивид менен коомдун өз ара байланышында жана коомдун ичинде топтолот;**

**Дьюинин пикири боюнча тажрыйбага терең иштелип чыккан «жогорку технологиялар» илимий методдорун колдонуу аны өнүктүрүүдөгү негизги каражат;**

**Ойлоону өнүктүрүү (илимий методдордун негизинде) - тажрыйбаны реконструкциялоонун үчүнчү маанилүү жолу;**

⇩

- **Дьюинин оюу боюнча «жогорку технологиялар» илимий методдорун иштеп чыгуу жана өндүрүшкө киргизүүнүн эсебинен коом турмуштун бардык сфераларында жогорку натыйжаларга жетишти (ИТР);**
- **ошол эле кезде илимий методдор да, жогорку технология да коомду, моралды, тажрыйбаны башкарууда таптакыр колдонулбайт;**
- **демек, тажрыйбаны кайра түзүү керек, мында илимий методдорду жана жогорку технологияларды колдонуу зарыл (эң алгач билим берүүдө).**

Суроо 25. **Психоанализ**

### 1. *Психоанализдин жалпы түшүнүгү*

**Психоанализ** - адамдын жана коомдун турмушундагы аң-сезимсиздиктин жана башка психикалык процесстердин ролун түшүндүрүүчү азыркы мезгилдин философиялык багыттарынын бири.

Психоанализдин негиздөөчүсү катары австриялык окумуштуу – психиатр **Зигмунд Фрейд** эсептелет (1856-1939)

***Фрейд тарабынан жасалган негиздоочу ачылыштар***

**Аң-сезимсиздик** - ар бир адамга тиешелүү болгон өзгөчө психикалык реалдуулук, аң сезим менен катар жашайт жана бир топ даражада аң сезимди башкарат;

Аң-сезимсиздиктин жашоосунун өзгөчө формасы – түш көрүү. Фрейддин оюнча түш - адамдын реалдуу турмушунда ишке ашпаган жашыруун умтулууларынын ишке ашышы.

**Сүрүп чыгаруу реакциясы** (аң сезимден аң сезимсиздикке) - терс эмоцияларды, терс тажрыйбаны ж.б. бардык психиканы тең салмактуулугун жана соолугун бузган нерселерден психологиялык коргонуунун жолу.

Терс эмоциялар, ишке ашпаган каалоолор - бардык аң сезимсиздикке сүрүлүп чыккандар эртеби-кечпи «кокус», спонтандуу аракеттер, кылык-жоруктар, жаңылыштыктар түрүндө сыртка чыгышат.

### 2. *Адамдын психикасынын аныктоочу факторлору*

Адамдын психикасын багыттап жана башкарып турган **негизги факторлор**

- **канааттануулар** - психика компас сыяктуу кандай гана болбосун канааттанууга жол издейт;
- **сүрүп чыгаруу** - психика аң - сезимсиздикке келишпеген, тыюу салынган идеялар менен каалоолорду (ассоциалдык, сексуалдык) суруп чыгарат.

Аң - сезимсиздикке сүрүлүп чыккандар **сублимацияга** дуушар болушат (социалдык ишмердүүлүктүн жана маданий чыгармачылыктын «уруксат берилген» типтерине айланат).

### 3. *Психиканын топографиялык жана динамикалык схемалары (Фрейд боюнча)*

**Психиканын топографиялык схемасы**

***Өзгөчөлүктөрү***

- аң-сезимсиздик чоң кире бериш бөлмө сыяктуу, ал адамдын ар түрдүү ойлорунун, каалоолорунун, эмоцияларынын өз саатын күтүп тургандай;
- аң-сезим - кичинекей кабинет, ага мезгил-мезгили менен адамдын ойлору, каалоолору «чакырылып» турат;
- кире бериш бөлмө менен кабинеттин ортосунда аң-сезимге жарамдуу ойлорду гана өткөрүп турган каровл турат;
- кээде каровл кетет, уктап калат, ошондо «керексиз келүүчүлөр» кабинетке кирип кетишет;
- бирок алар кийин каровл тарабынан кайрадан кире бериш бөлмөгө куулушат.

**Психиканын динамикалык схемасы**

Психика үч катмардын жыйындысы - **Ал, Мен, Менден тышкаркы**

- «Ал» - адамдын ойлорунан, каалоолорунан турган аң-сезимсиздик;
- «Мен» - адамдын аң-сезими, психиканын бардык компоненттери-нин ортосундагы ортомчу;
- «Менден тышкаркы» - инсанга таасир этип, басып турган тышкы реалдуулук, «тышкы цензура»: закондор, тыюу салуулар, мораль, маданий традициялар.

***Өзгөчөлүктөрү***

- «Мен» өзүнө «Аны» каратып алгысы келет. Бул чанда гана ишке ашат. Чынында «Ал» ачык же жашыруун формаларда «Менди» өзүнө баш ийдирип турат;
- Фрейд «Менди» чабандес менен атка салыштырат. Чабандес («Мен») бир караганда атты башкаргандай туюлат, бирок ат («Ал») чабандестен күчтүүрөөк жана чынында аны өзүндө алып барат. Кээде чабандес таптакыр атты контролдой албай, ат каякка барса, аны менен кетет;
- «Менден тышкаркы» да «Менди» көбүнчө өзүнө баш ийдирип турат.

Адамдын «мени» төмөндөгүлөрдөн күчтүү басымга дуушар болуп турат:

- аң - сезимсиздиктен - «Андан»;
- тышкы дүйнөдөн;
- норма, тыюу салуулардан – «менден» тышкаркыдан.

## Суроо 26. **Азыркы теологиялык философия**

### *1. Теологиялык философиянын жалпы түшүнүгү*

**Теологиялык философия**

***Каралуучу маселелер***

- Кудай бардык бар нерсенин жаратуучусу;
- Кудайдын эң жогорку жаратканы - адам, анын жашоосу.

***Өзгөчөлүктөрү***

- теологиялык философия адамга жакыныраак болду;
- бир катар догмалардан арылды;
- социалдык гармония, адептүүлүк, тынчтык маселелерине көбүрөөк көңүл бурула баштады.

### *2. Теологиялык философиянын негизги багыттары*

***Негизги багыттар***

**Неотомизм**

Өкүлдөрү: Э.Жильсон, Ж.Маритэн, Ф.Стенберген, К. Войтыла (Рим Папасы Иоанн Павел II)

***Өзгөчөлүктөрү***

- неотомизмдин базасы - Ф.Аквинскийдин окуусу, борбордук принциби - **ишеним менен акыл-эстин гармониясы;**
- азыркы неотомисттер материя менен идеянын ортосундагы карама-каршылыктардан, гностицизмден жана агностицизмден, эмпиризмден жана рационализмден жогору көтөрүлүүгө умтулушат;
- Папа Иоанн Павел II (К. Войтыла) чиркөө мурунку катачылыктарын мойнуна алат жана кечирим сурайт деген идеяны сунуштаган (индульгенция, инквизиция, илимди куугунтуктоо).

**Тейярдизм**

Негиздөөчүсү: **Пьер Тейяр де Шарден** (1881 -1955)

***Өзгөчөлүктөрү***

- максаты: илимдин жетишкендиктери менен теологиялык философияны бириктирүүчү жана Ааламдын негиздерин түшүндүрүүчү комплекстүү илим - **феноменологияны** иштеп чыгуу;
- маанилүү принциби - **эволюционизм** дүйнөдөгү бардык нерселерге, жандуу, жансыз жаратылышка эволюция мүнөздүү деген түшүнүк;
- тейярдизм өзүнүн багыты боюнча теологиялык философиядагы *реформатордук агым,* католицизм догмаларын сындайт, табигый илимдердин жетишкендиктерине таянат.

## Суроо 27. **Азыркы позитивисттик философия**

### *1. Позитивизмдин жалпы түшүнүгү*

**Позитивизм** - XIXкылымдын 30-40-жылдарында пайда болгон философиялык багыт. Негиздөөчүсү – **Огюст Конт** (1798-1857)

⇕

***Теориянын мааниси***

- философия илимий мүнөздөрдөн арылып, анык илимий билимдерге гана таянышы керек;
- позитивисттердин ою боюнча философия фактыларды гана (ички маңызды эмес) изилдеши керек, баалоочу функциядан арылып, башка илимдер сыяктуу илимий каражаттардын арсеналына ээ болуп, илимий методдорго таянышы керек.

***Позитивизмдин негизги өнүгүү стадиялары***

- классикалык позитивизм (О.Конт, Г.Спенсер);
- махизм;
- неопозитивизм;
- постпозитивизм.

### *2. Неопозитивизм*

**Неопозитивизм** - XXкылымдын 1-жарымында жана ортосунда кеңири тараган жана популярдуу болгон

⇕

***Негизги өкүлдөрү***

- **«Вена кружогунун»** философтору (М.Шлик, Р.Карнап, О.Нейрат, Г.Рейехенбах);
- **Львов – Варшава мектебинин** өкүлдөрү (А. Тарский, Я. Лукасевич);
- Б.Рассел;
- Л. Витгенштейн.

***Негизги идеялары***

- **неопозитивизмдин негизги идеясы** - философия илимий *тилде логикалык анализдөө* менен алектениши керек, анткени тил адамдын курчаган дүйнөнү позитивдүү кабыл алуусунун башкы жолу;
- тилди логикалык анализдөө - бул текстти, белгилерди, түшүнүктөрдү анализдөө, белгилердин семантикасы (мааниси) (муну менен неопозитивизм герменевтика менен жакындашат);
- неопозитивизмдин негизги принциби - **верификация принциби** - илимдин жоболорун тажрыйбанын фактылары менен салыштыруу. Жобо илим үчүн аны фактылар менен текшерүүдө гана кызыкчылык жаратат;
- мурунку философиядагы көп проблемалар (бытие, аң-сезим, идея, Кудай) философиядан алынып салынышы керек, анткени аларды илимий жактан чечүүгө жана верификациялоого мүмкүн эмес;
- дагы бир негизги максаты - философияны *метафизикалык проблемалардан* (илимий чечүүгө мүмкүн болбогон) *арылтуу* б.с.

***3. Постпозитивизм***

Постпозитивизм (XXкылымдын 2-жарымы, аягы) позитивизмдин соңку варианты.
Негизги өкүлдөрү: К.Поппер (1902-1994), Т.Кун (1892-1971).

⇩

***Өзгөчөлүктөрү***

⇩

- постпозитивизм символдорду логикалык изилдөөнүн маанилүүлүгүнөн баш тартып, илимдин тарыхына кайрылат;
- постпозитивизмдин негизги максаты - илимий билимдердин структурасын эмес, өнүгүшүн изилдөө;
- постпозитивизм философияга болгон өзүнүн мамилесин жумшартат;
- постпозитивисттердин пикири боюнча теориянын акыйкаттуулугу менен верификациялоо мүмкүнчүлүгүнүн ортосунда көз карандуулуктун зарылдыгы жок, анткени илимдин жалпы мааниси менен илимий тилдин ортосунда чоң каршылык жок, ошондуктан верификацияланбоочу проблемаларды философиядан четтетүүнүн зарылчылыгы жок;
- постпозитивисттердин ою боюнча илим линейлүү эмес, секирик түрүндө өнүгөт, жогорулоо, түшүү мүнөздүү, бирок негизги тенденция өсүүгө багытталган.

***Постпозитивизмдин негизги проблемалары***

⇩

- фальсификация проблемасы (эгер илимий теорияда бир же бир нече акыйкаттуу эмес фактылар табылса, бүтүндөй теориядан баш тартуу керекпи?);
- илимий теориялардын акыйкаттуулук проблемасы (илимий теориялардын тууралыгын кайсы критерийлер менен текшерүүгө болот?);
- рационалдуулук проблемасы (илимде рационалдуулук деген эмне?);
- илимий теориялардын проблемасы (илимий теориялардын жакындыгын, өлчөмдөштүгүн кайсы критерийлер аркылуу аныктоого болот?);
- антагонисттик теориялардын ортосундагы жалпы чекиттерди табуу, түшүнүү проблемасы.

## Суроо 28. **Герменевтика**

### *1. Герменевтиканын жалпы түшүнүгү*

**ерменевтика** - интерпретациялоонун, түшүндүрүүнүн, түшүнүүнүн теориясын жана рактикасын изилдеген философиялык багыт. Герменевтика аталышын байыркы грек удайы Герместин атынан алган. Гермес кудайлардын эркин адамдарга түшүндүрүп ерүүчү ортомчу болгон.

⇩

***Негизги принциптер***

- герменевтиканын негизги идеясы: бар болуу - демек түшүнүктүү болуу;
- изилдөө предмети болуп текст эсептелет;
- герменевтика текстти туура чечмелөөгө жана түшүнүүгө болгон зарылчылыктын натыйжасы.

***Негизги маселелер***

- Түшүнүү кандайча мүмкүн?
- Маңызын түшүнүүнү талап кылган бытие кандай түзүлүштө?

***Фундаменталдык түшүнүктөр***

- «герменевтикалык үчтүк» - тексттин автору, тексттин өзү жана окурмандын ортосундагы өз ара мамиле;
- «герменевтикалык айлампа» - түшүнүү процессинин циклдүү мүнөзү.

## Суроо 29. **Экзистенциализм**

### *1. Жалпы түшүнүк*

**Экзистенциализм** – таанып билүү предмети адам, анын проблемалары, кыйынчылыктары, курчап турган дүйнөдө жашоосу болгон философиялык багыт.

⇩

***Экзистенциализм караган проблемалар***

⇩

- адам бытиесинин уникалдуулугу, сезимдеринин, үмүттөрүнүн, кайгы-кубанычынын, чочулоосунун терең;
- адамдын ички дүйнөсү менен курчап турган жашоонун ортосундагы таң каларлык карама – каршылык;
- адамдын обочолонуу проблемасы (коом, мамлекет адам үчүн таптакыр жат реалдуулук болуп калды, алар адамдын «Менин» басышат);
- адамдын жалгыздык проблемасы (курчаган дүйнөдө адам жалгыз, ал өзүн керексиз сезет);
- жашоонун маанисиздиги жөнүндөгү проблема;
- ички тандоо проблемасы;
- адамдын өзүнүн ички « Менин» жана тышкы дүйнөдөгү ордун табуу проблемасы.

## 2. *Кьеркегордун философиясы - экзистенциализмдин жаралышы*

**Экзистенциализмдин негиздөөчүсү Кьеркегордун философиясы (1813-1855)**

### *Экзистенциализмдин келип чыгуу себептери*

- Кьеркегор төмөнкү маселени койгон: эмне үчүн философия өтө көп маселелердин - бытиенин, материянын маңызы, Кудай, рух таанып-билүүнүн үстүнөн иштейт да, адам маселесине көңүл бурбайт. Андан сырткары адамды анын ички дүйнөсү менен бирдей карайт?
- Кьеркегордун оюу боюнча философия адамга, анын майда проблемаларына бурулушу, ага түшүнүктүү болгон акыйкатты табууга, өзүнүн «Менин» ондоого жана өзү ички тандоо жүргүзүшүнө жардам бериши керек.

### *Философ бөлүп караган түшүнүктөр*

- **чыныгы эмес жашоо** - адамдын толук бойдон коомго баш ийүүсү, «бардыгы менен жашоо», «бардыгыныкындай жашоо», «агым менен кошо болуу», өзүнүн «Менин», уникалдуулугун андап-сезбөө;
- **чыныгы жашоо** - коомдун басымынан бөлүнүп чыгуу, аң-сезимди тандоо, өзүн табуу, өзүнүн тагдырынын кожоюну болуу. Чыныгы жашоо - бул экзистенция.

### *Адамдын чыныгы жашоого жетүүсүнүн үч стадиясы*

- эстетикалык - бул стадияда адамдын жашоосу тышкы дүйнө менен аныкталат. Адам «агым менен кошо болот» жана канаат алууга гана умтулат;
- этикалык - бул стадияда адам аң-сезимдүү тандоо жүргүзөт, аң-сезимдүү түрдө өзүн тандайт, эми аны милдет башкарат;
- диний - мында адам өзүнүн эмнеге арналганын терең сезет, ал үчүн тышкы дүйнө өзгөчө маанигэ ээ эмес, анын жолуна тоскоолдук боло албайт. Ушул учурдан баштап өмүрүнүн аягына чейин ар кандай кыйынчылыктарга жана тышкы кырдаалдарга моюн бербей жашайт.

### 3. *К. Ясперстин философиясы*

**Карл Ясперс** (1883-1969) - XXкылымда экзистенционалдык проблеманы алгачкылардан болуп көтөрүп чыккан немец философу. Негизги эмгеги: «Көз караштардын психологиясы», 1919-ж.

***К. Ясперстин философиясынын өзгөчөлүктөрү***

⇩

- Ясперс боюнча адам « ээн калган», « бардыгы сыяктуу эле чоң мааниси жок» жашоодо өмүр сүрөт. Өзүнүн ким экендигин андап-сезбейт, өзүнүн жөндөмдөрүн, мүмкүнчүлүктөрүн билбейт;
- бирок өзгөчө учурларда чыныгы натурасы, ички сапаттары тышка чыгат. Мындай **чектүү кырдаалдар** - адам үчүн, анын мындан аркы тагдыры үчүн манилүү болгон жашоо менен өлүмдүн ортосундагы кырдаалдар;
- ушул учурдан баштап адам өзүн аңдап сезет жана жогорку бытие-*трансцедменталдуулук* менен өз ара байланышат;
- адамдын бүткүл турмушу аңдап же аңдалбаган түрдө трансцеденталдуулукка — энергиянын толук азат болуп, жогорку абсолютту түшүнүүгө багытталат;
- адам трансцеденцияга жакындашат, энергияны **трансцедменталдуулуктун «шифрлери»** аркылуу аңдап сезет.

⇕

***Трансцедменталдуулуктун «шифрлери»***

⇩

- эротика жана секс;
- өзү менен биримдикте болуу (ички дүйнөсү менен макул болуу);
- эркиндик;
- өлүм – бытиенин аягы.

### *4. Ж. П. Сартрдын философиясы*

**Жан - Пол Сартрдын (1905-1980) философиясы**

⇕

***Негизги түшүнүктор жана жоболор***

⇩

- Сартрдын философиясынын негизги түшүнүгү: **«өзү үчүн - бытие»** - адам үчүн жогорку реалдуулук, анын ички дүйнөсү үчүн негизги багыт;
- бирок адам өзүн толук бойдон « бирөө үчүн - бытие» аркылуу - башка адамдар менен өз ара мамиледе гана аңдап билет. Адам «башканын» өзүнө болгон мамилеси аркылуу өзүн көрөт;
- **эркиндик** - адамдын жашоосунун маанилүү шарты, активдүүлүгүнүн негизи;
- Адам эркиндикке өзү үчүн өтө маанилүү болгон тандоодо жетишет: жашоо-өлүм, башка маанилүү проблемалар учурунда. Бул адамдын экзистенциалдык тандоосу. Муну менен адам өз тагдырын бир нече жыл мурун аныктайт;
- адам эркиндиги абсолюттуу (б. а. салыштырмалуу эмес). Адам эркин, себеби ал каалоого жөндөмдүү (ар кандай шарттарда);
- эркиндик проблемасы **жоопкерчилик** проблемасын жаратат. Адам өзү жасаган иштерге, өзү үчүн жоопкер;
- адам жоопкер болбогон жалгыз нерсе – өзүнүн төрөлүүсү. Калган бардык нерседе, өзгөчө экзистенциалдык (тагдырды аныктоочу) тандоодо адам эркин жана жоопкер.

### 5. *А. Камюнун философиясы*

**Альберт Камю (1913-1960) жана анын жашоонун маңызы проблемасы**

⇕ ⇕

| ***Негизги жоболор*** | ***Жашоонун абсурдуулугунун, негизсиздигинин далилдери*** |
|---|---|
| ⇩ | ⇩ |
| адамдын жашоосу өз маңызы боюнча маанисиз. Көп адамдар өзүнүн жашоосуна максат коййойт. Ал эми өз жашосуна маани бергендер эртеби, кечпи алдыда өлүм турганын түшүнүшөт. Баары өлөт. **Адам жашоосу – абсурд** (негизсиз); | өлүм менен беттешүү - мында мурдагы маанилүү нерселер актуалдуулугун жоготсо, маанисиз сезилет; |
| жашоонун маңызы тышкы дүйнөдө эмес (ийгиликтерде, жол болбоодо, өз ара мамиледе), **адамдын жашоосунун өзүндө.** | тышкы дүйнө менен беттешүү - адам миллион жылдар бою жашап жаткан жаратылыш астында алсыз. |

## 6. *М. Хайдеггердин философиясы*

**М.Хайдеггер (1889-1976)** - философиянын предметин жана маселелерин экзистенциалдык түшүнүүнүн негизинде иштеп чыгуу менен алектенген.

⇕

***Негизги түшүнүктөр жана жоболор***

⇓

- Хайдеггер боюнча **экзистенция** - адам өзүн өзүнө тиешелүү кылган бытие; адам бытиесинин, жашоосунун өзүнө тиешелүүлүгү жана ал үчүн бардыгы;
- адам бытиеси курчап турган дүйнөдө жүрөт, муну философ «дүйнөдөгү бытие» деп атайт, ал төмөндөгүлөрдөн турат: «башкалар менен бирге бытие», «өзүнүн бытиеси».
- **«башкалар менен бирге бытие»** адамды сорот, ал адамдын толук ассимиляциясына, жүзүн жоготуусуна, «башкалар сыяктууга» айлануусуна багытталган;
- «өзүнүн бытиеси» «башкалар менен бирге бытие» менен бир мезгилде өзүнүн « Менин» айырмалай билгенде гана мүмкүн;
- демек, адам өзү менен өзү болууну каалоо менен « башкаларга» каршы тура алышы, өзүнүн идентичтүүлүгүн сакташы керек;
- өзүнүн идентичтүүлүгүн сактоо - **адамдын башкы проблемасы жана камкордугу болушу керек.**

## 7. *Экзистенциализмдин келечеги*

**Экзистенциализм философиясынын өнүгүү өбөлгөлөрү**

⇓

- экзистенциализм философиясы азыркы кезде Батыш Европада абдан популярдуу жана актуалдуу;
- азыркы кезде философиялык изилдөөлөрдүн борборун адам проблемасына: анын жашоосу, өзүн издөөсү, өзүнүн уникалдуулугун сактоо, жашоосунун маңызы проблемаларына которуу тенденциясы байкалууда;
- бул проблема (адамдын жашоосу, анын проблемалары) келечекте материя менен аң сезимдин алгачкылыгы жана мамилеси жөнүндөгү проблеманы экинчи планга сүрүп, философиянын негизги маселесине айланышы мүмкүн.

Суроо 30. **XVIII-XIX КЫЛЫМДАРДАГЫ КЫРГЫЗ ДААНЫШМАНДАРЫНЫН ДҮЙНӨКАРАШЫ**

| |
|---|
| **«Кандай гана эл болбосун анын басып өткөн жолу, жашап өткөн өмүрү бай. Ал өмүрлөр тек дат басып керексиз калган сынык эмес, ал өзүнүн бай тажрыйбасы менен соңку урпактарга бүтүндөй таалим» (Т.Сыдыкбеков, кыргыз эл жазуучусу).** |
| **« ...акын ошол эле учурда ойчул. Эми поэзия менен философия бири-биринен четтебестен, өз ара колдошуу үчүн бири-бирине тынымсыз кол сунушат, ал түгүл көп учурларда бири-бири менен өтө аралашып кеткендиктен, философиялык айрым чыгарманы эң оболу поэзиялык, ал эми поэзиялык чыгарманы – философиялык деп айтасыз» (В.Г. Белинский, улуу орус жазуучусу).** |
| **Философиялык жоболор системасын биз элибиздин өткөндөн калган мурастарынын ичинен көрө албайбыз. Бирок ошондой болсо да философиялык теориянын жоктугу философиялык түшүнүмдөрдүн болбогондугуна жатпайт: болмуштун жалпы жагдайлары жана закондору жөнүндө ой жүгүртүү – ар бир элде табигый нерсе, ошондуктан бизде да андай жалпылыктар туурасында айрым так пикирлерди, өз алдынча жоболорду бермет сөз даражасында айтып келген адамдар дайыма болуп келген,- аларды «акылмандар», «даанышмандар», «улукмандар» деп атаганы бекеринен эмес. Философиялык мааниде айрым ойлорду айтуу көркөм сөз өкүлдөрүнүн залкарларына да ар кыл даражада тийиштүү болору жөндүү,- бизде да ушул фактыны көрөбүз. Кыргыз эли философиялык теорияларды түзүүгө жетпегени менен, ар бир башка элдей эле философиялык түшүнүмдөр чөйрөсүнөн четте турган эмес» (А. Салиев, философ-окумуштуу, академик).** |
| **«Өткөндүн маданиятынын жетишкендиктерин кеңири пайдалануу эскиге кайрылуу эмес, унутулуп калган интеллектуалдык баалуулуктардын кайра жаралышы, жаңы баалуулуктарды түзүүдө аларды чыгармачылык менен колдонуу катары түшүнүү керек» (Ж. Жаныбеков, философия илимдеринин доктору).** |

*1) Калыгул Бай уулу*

***Калыгул Бай уулу*** (1785-1855ж.) Ысык-Көлдүн күнгөй бетинде Кара Ой деген аймакта манаптын үй-бүлөсүндө дүйнөгө келген.

⇕

***Калыгулдун дүйнөкарашынын мааниси***

⇩

- Ал өзүнүн сабатсыз болгондугуна карабастан, мусулман дүйнөсүнүн кенчи болгон Курандын сүрөлөрүн жатка билген жана аны кийинчерээк өзү жараткан чыгармаларында пайдаланган;
- Курандын баалуулугуна астейдил ишенген жана жогору баалаган, аны: "Куранды эстен чыгарган, мыкаачы болор. Кичүүсү укпай улуусун, ыймансыз болор", - деген саптарынан байкоого болот;
- Акын өзү жашаган доорунда уруулардын арасындагы боло калуучу чыр-чатактарды болтурбоого аракеттенген. Кыргыз урууларынын ынтымакта, биримдикте, өз ара кызматташтыкта болушун эңсеген. "Ырыс алды ынтымак, ынтымагың жок болсо – алдыңдан таяр алтын так", - деген ыр саптары азыркы учурда да өз маанисин жоготкон жок;
- Даанышмандын белгилүү чыгармаларынын бири "Акыр заман"-деп аталышы бекеринен эмес, ал казактын акыны Букар Жыраунун (1693-1787ж.) "Акыр заман" чыгармасынан чоң таасирленген. Орустардын кыргыз жергесине келиши, үстөмдүгүнүн бекемделиши, карапайым элдин кыйынчылыкка дуушар болушу, адилетсиздиктин күчөшү тынчын алган. Калыгул "Заман" агымынын баштоочусу болуп саналат. Ал өзүнүн табият тартуулаган акылын, ой-санаасын өз элинин биримдиги, эркиндиги, жыргал турмушу үчүн арнаган инсан.
- Жаратылыштын, жер эненин, суунун, өмүр менен өлүмдүн көрүнүштөрүнө терең философиялык ой жүгүртүү менен:

  Жакшы болсоң, жердей бол,<br>
  Баарын чыдап көтөргөн.<br>
  Таза болсоң суудай бол,<br>
  Баарын жууп кетирген.

  ***

  Чындап ажал келген соң,<br>
  Чыккан жан келбейт ал кайтып.<br>
  Өткөн өмүр – учкан куш,<br>
  Колуңа келбейт ал кайтып, - деп объективдүү баа бере алган.

*2) Арстанбек Буйлаш уулу*

***Арстанбек*** (1824-1878-ж.) Ысык-Көлдө манаптын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Ал Буйлаштын токол аялынын баласы болгондуктан, турмуштун өтө оор жана татаал запкыларын көп тарткан.

***Арстанбектин дүйнөкарашынын мааниси***

- Акын 10-11 жашында кыргыз элине белгилүү "Кожожаш", "Бердикожо", "Беш казак" деген кенже эпосторду комуздун коштоосунда айта билген.

  Ал бугу-сарбагыштардын ортосундагы чабыштарды, кыргыздар менен казактардын (Кененсары, Ноорузбайдын) салгылашууларынын, орус империясынын кыргыз жергесиндеги колониялык саясатын көргөн жана ага өз баасын бере алган инсан. Элдердин биримдигин сактоого жан-дили менен аракеттенген;

- Коомдук турмушта болуп жаткан ар кандай өзгөрүштөргө сереп салып, анын оң жана терс көрүнүштөрүнө далилдүү баа бере алган. Ата-бабалардан келе жаткан каада-салтты, бай мурасты өнүктүрүүнүн талапкери болгон. Кыргыз элинин өз алдынча эркин, башка бирөөлөргө көз карандысыздыкта жашап, туулуп өскөн жеринин ээси болушун эңсеген. Кыргыз оозеки чыгармаларындагы эли-жери үчүн күрөшкөн эр азаматтарды сыймыктануу менен сөз кылган;

- Орустардын кыргыз жергесиндеги үстөмдүгүнүн бекемделишин, карапайым калк үчүн турмуш дагы кыйынчылыкка дуушар болушу катарында караган. "Заман" агымынын көрүнүктүү өкүлү болгон, анын негизги чыгармаларынын бири "Тар заман".

  "Ушул заман тар заман,  
  Азуулууга бар заман,  
  Бечарага зар заман", - деген саптарын доорго өтө чечкиндүү, адилеттүү айтылган баалоо катарында кароого болот;

- "Каптаган тузду көтөргөн, көлүк болду элибиз.  
  Башка чапса былк этпес, өлүк болду элибиз", - деп кыргыздардын социалдык-саясий турмушундагы мүчүлүштүктөрдү так, даана көрсөтө алган. Өз жерин, элин коргоо үчүн патриоттук сезимди күчтөндүрүүгө умтулган. Арстанбек 1878-жылы жарык дүйнө менен коштошкон, бирок ал калтырган улуу мурас элдин жүрөгүндө түбөлүккө сакталып калды.

### 3) Молдо Кылыч Шамыркан уулу.

*Молдо Кылыч* (1866-1917) Тянь-Шань, Кочкор өрөөнүндө белгилүү Төрөкелди баатырдын тун уулу Шамыркандын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Ал беш жашында атасынан, көп өтпөй энесинен ажырап тууганларынын колунда калган.

**Молдо Кылычтын дүйнөтаанымы**

- Кыргыз элинин «Буудайык», «Бүркүттүн тою» аттуу чыгармаларына өзүнүн вариантын жараткан, андан Молдо Кылычтын залкар ойчул, философ, даанышман акындыгын даана көрүүгө болот. Бул тууралуу Мухтар Ауэзов: «Кылычтын чыгармаларындагыдай куштардын сүрөттөлүшүн дүйнөлүк көркөм адабияттан да кезиктирүү кыйын»,- деп айтса, кыргыз элинин айрым илимпоздорунун: Молдо Кылычтын « билги этнограф жана географ, ботаник жана зоолог, мекен жеринин сүрөтчүсү жана акыны»,-деген эскерүүлөрү бекеринен эмес;
- Табият менен адамдардын биримдиги, өз ара байланышы, адамдардын табиятты коргоодогу милдеттүүлүгү жөнүндөгү проблемаларды өз чыгармаларында биринчи орунга койгон. Мисалы: «Чүй баяны», «Керме-Тоо», «Жинди суу» чыгармаларынан бул проблема ачык байкалат;
- 1910-жылы декабрь айында Кемин өрөөнүндөгү катуу жер титирөөгө арналган «Кыса жана Зилзала» аттуу чыгармасы 1913- жылы Казань шаарында өзүнчө китеп болуп жарык көргөн. Чүй, Ысык-Көл, Тянь-Шань аймактарындагы орус империясынын жүргүзгөн саясаттары жаккан эмес жана жер титирөө мындай жаман көрүнүштөргө кудайдын жазасы деген ойду айткан;
- «Заман» агымынын улантуучусу, «Зар заман» аттуу көлөмдүү чыгармасын жараткан. «Замананын шумдугу-сөздүн кетти чындыгы. Боздотту го карыпты, болуш-байдын чыгымы»,- деген ыр саптарынан ойчул-акындын коомдук турмушка түшүнүгүнүн тереңдигин, боорукерлигин, ар-намысты баалай билгендигин түшүнүүгө болот;
- Акындын диндик окуу жайдан, медреседен билим алгандыгынан улам совет доорунда динчил катары күнөөлөшкөн, эмгектери өрттөлгөн, окууга тыюу салынган. Залкар акын, ойчул-даанышман катары эмес, кыргыз инсаны катары да бааланбай келген. Кыргызстан Компартиясынын Борбордук комитенинин 1988-жылдын 29-декабрында кабыл алынган «Молдо Кылыч Шамырканов менен Касым Тыныстановдун чыгармачылык мурастары жөнүндө» деген токтомунан кийин гана акын жараткан баалуулуктарга көңүл бурулуп, изилдөөгө ыңгайлуу шарт түзүлгөн.

**Өзгөчөлүктөрү**

- Акын адегенде жергиликтүү молдолордон, кийин мечит-медреселерден кат сабаты жоюлгандан кийин, Токмоктогу мектеп интернаттан орто билим алган. Замандаштарынан айырымаланып окуганды, жазганды билген, өздүк кол жазмалары жарык көргөн;
- Ал философиянын түйүндүү суроосу болгон табийгат жана адам проблемаларына токтолгон, бирок диндик түшүнүктөрүнөн алыс кете алган эмес. Айланасындагылардын сабатын жоюуга аракеттенип, агартуучулук иш жүргүзгөн;
- Адам баласынын жашоосунда ыйман, ар-намыс маселелерине чоң көңүл бурган. Жамандыкты жакшылык жеңет деген ишенимте жашаган.

### 4) Молдо Нияз

***Молдо Нияз*** (1823-1896ж.) азыркы Ош областынын Кадамжай районундагы Кызыл-Булак айылында туулган. Өз заманындагы акындардан айырмаланып эркин жаза алган.

⇕

***Молдо Нияздын дүйнөкарашынын өзгөчөлүгү***

⇩

- Илим-билимдүү мударис, Кокон хандыгынын саясатын жалпы коомчулуктун маданий деңгээлин мыкты билген, ойчул, нускоочу, насаатчы-тарбиячы, маданий агартуучу инсан;
- “Диалектика” деген түшүнүктү биле электе эле адамдар “ой жүгүртүшкөн”, - деген Ф.Энгельстин сөзү Молдо Нияздын дүйнөкарашынан даана байкалат. Философемаларында мезгилдин удаалаштык ирээттүүлүгү, өсүмдүк менен жаныбарлар дүйнөсүнүн чиеленишкен байланышы, бири-бирине ыкталган жана ыңгайлашкан шарттары, анын өнүгүүсү диалектикалык түшүнүктө берилет.

  Жаратылыш көрүнүштөрү, жыл мезгилдери, күн убакыты, жер, суулар дүйнөлүк өнүгүүнүн объективдүү процесси катары эсептелинип, алардын адам баласынын жашоо-тиричилигиндеги маанилүү жана пайдалуу жагдайлары, анын коодугу, сулуулугу көркөм чагылдырылат;
- Табийгат аң сезимден сырткары жашоо мүмкүнчүлүгүнө, табигый мыйзамдуулукка ээ экендигин рационалдуу таануусу, адамзаттын жаратылыштан, анын башка тирүү жандыктарынан айырмаланган “аң сезимге” ээ экендигин түшүнүүсү ойчулдун терең философиялык дүйнө таанымынан, билиминен, кандайдыр бир деңгээлде байыркы чыгыш философиялык окуусуунун таасиринен кабар берет;
- Молдо Нияздын чыгармачылык кредосундагы моралдык мурастарды бүтүндөй ошол тарыхый доордун гуманисттик баалуулуктарынын жетишкендиктери катары баалоого болот. Себеби, ойчулдун этикалык көз карашындагы моралдык сыпаттоолору жалпы адамзаттык гуманизмдин үлгүлөрүнө ылайык келет. Анын адептик таалимдериндеги адам түшүнүгү анын маңызы “асылдык” катары бааланып, анын чордонунда инсандык зоболону бийик тутуу, адеп-ахлах жана ыймандуулук идеялары турат. Анын гуманисттик идеялары жалпы адамзаттык маданиятты өркүндөтүүдө аксиологиялык маңызга ээ;
- Өмүрүнүн акырына чейин чыгармачылык ишмердүүлүгү менен байыртадан калыптанып жана өнүгүп келаткан маданий баалуулуктарды сактап калууга, өнүктүрүүгө, коомдук бүтүндүктү, андагы ички биримдикти, достукту чыңдоого аракеттенген;
- Коомдук аң сезимди өстүрүү, адамдардын сабатсыздыгын жоюу, илим-билимге багыттоо, элдин рухий деңгээлин көтөрүү, адамзаттын жаратылышка болгон мамилелерин, сезимдерин өстүрүү ойчулдун чыгармачылыгынын өзөгүн түзөт. Даанышман акындын жашап өткөн өмүрү өрнөк, үмүт-тилеги, ой-максаттары чакырык жана чыгармачыл ишмердүү эмгеги баалуу мурас.

### 5) *Нурмолдонун дүйнөтаанымы*

*Нурмолдо* (1838-1924) Ала-Бука районундагы Кош Терек айылында жарык дүйнөгө келген.

**_Нурмолдонун дүйнөтаанымы_**

- Ойчулдун дүйнөтаанымынын калыптанышына элдик оозеки чыгармачылык, Чыгыш ренессансынын илимдери, «заман» агымы, ислам диний окуусу, элдик эмпиризалык билимдер сыяктуу факторлор чоң таасирин тийгизген;
- Нурмолдонун чыгармачылыгынын маңызында аалам диалектикасы, табият кубулуштары, социожаратылыштык экосистема, социосаясий мамилелер, адамдык жашоо турмуш, өмүр жана өлүм, жакшылык жана жамандык сыяктуу философиялык түшүнүмдөр камтылган;
- Дүйнөтаанымынын генезисинде диндик (суфизм) таасирлердин болгонуна карабастан, жалпы адамзаттык максаттуулуктарга ылайык коомду прогресске үндөөчү агартуучулук нускоолор кеңири;
- Даанышман дүйнөнүн реалдуулугун демейки аң- сезимдин аспектисинен карап, дүйнөнүн диний картинасын түзүүгө аракеттенген. Албетте, бул анын диндик сабаттуулугу жана ислам дининин үстөмдүгүнүн күчтүүлүгү менен мүнөздөлөт;
- Акындын чыгармачылыгындагы башкы проблемаларга адам, анын руханий дүйнөсү, адеп-ахлагы, ишеними, көз карашы, тарыхтагы, коомдогу орду, жаратылыш менен байланышы кирет. Анын түшүнүгүндө адам курчап турган дүйнөнү өздөштүрүүгө гана эмес, аны өзгөртүүгө да жөндөмдүү. Адамдын дүйнөнү таанып билүү жөндөмдүүлүгүнүн негизи катары илим каралып, акын илим-билимдин зарылдыгын баса көрсөтөт;
- Кыргыз эли үчүн Нурмолдонун философемалары коомдо тарыхый ролду аткаруу менен адамзаттын социомаданий өнүгүүсүндө дайыма актуалдуу болуп кала берет.

**_Өзгөчөлүктөрү_**

- Нурмолдонун артында калган өздүк кол жазмалары табылбаса да, ал өз доорунун көрүнүктүү ойчул-мудариси катары белгилүү;
- Реалдуу дүйнөнү жандуу процесс (гилозоист) катары кароосу натурфилософиялык ой жүгүртүүгө түрткү берген;
- Ойчул акын курчап тургун дүйнө каптип жана кайдан пайда болду деген суроону чечмелөөгө аракеттенген. Нурмолдо «кудайдын чындыгын» логикалык жана диний аң сезимдин деңгээлинде рационалдык идеялар менен туюндурат;
- Нурмолдо «заман» жөнүндө тарыхый материалдарды эркин пайдаланып, анын детерминациясын тапканга аракет кылган. Ойчулдун чыгармаларынан эки концепцияны байкоого болот: биринчиден, коомдук өнүгүш процессине, анын жакшырышына оптимисттик көз караште болсо, экинчиден өткөн тарыхты кайталангыс процесс катары карап, кыргыздын улуттук аң сезимин көтөрүү үчүн агартуучулук иш аракет аткарат, өмүрүнүн акырына чейин ата-бабалары курган Наманган дагы «Молдо Кыргыз Медресесинде» мударисттик кылган.

## *б) Өтө Көкө уулу (Жеңижок)*

***Жеңижок*** (1860-1916) Талас аймагындагы Сары Көбөн (Манас районунда) деген жерде кедейдин үй-бүлөсүндө төрөлгөн.

⇕

***Жеңижоктун дүйнө карашы***

⇩

- Ойчулдун чыгармаларынын улуттун рухий маданиятынын өнүгүшүнө үлүшү чоң, анын философемаларында дидактика, мораль өзгөчө маанилүү орунду ээлейт;
- Акындын адептүүлүккө карата айтылган акыл-насаат үгүтү жеке адамдын турмушуна гана эмес, бүткүл коомдун турмушуна таандык. Этикалык түшүнүктөрдү ал кыргыз элинин кылым карыткан этика проблемаларын камтыган үлгүлөрүнөн алгандыгын, чыгармаларында чебер пайдалангандыгын белгилөөгө болот;
- Илимий билими жок эле акын, «философ», «эколог», «гилозоист» катарында ой жүгүрткөн. Анын суу тууралуу айткандарында Байыркы Грек философторунун оюу сыяктуу материалисттик көз караш ачык көрүнөт:
  «Өмүр отун тутантып, жагып чыккан аккан суу.
  Жер , Ааламдын баарын, багып чыккан аккан суу».
  Фалестин «бардык нерсе суудан жаралып, сууга айланат»,- деген оюн Жеңижок жогорудагы ыр саптары менен бергендей туюлат;
- Жаратылыштын кооздугуна суктанып гана тим болбостон, же байкоочулук позициядан ишмердүүлүк позицияга өтүүгө үндөгөн. «Адамды адам кылган эмгек» деген принципти бекем кармаган, адабий көркөм тил аркылуу адам эмгеги менен эл алдына, жогорку бийиктиктерге көтөрүлүп, өзү жөнүндө из . калтырарын даңазалаган;
- Эстетикалык дүйнөкабылдоосун «жаратылыш», «аалам» түшүнүктөрү аркылуу байланыштырып, алардын болмушун ар кандай түстөрдө сүрөттөйт. Анын эстетикалык түшүнүмдөрүндө адам сулуулугу менен табийгаттын көркөмдүгү ааламдагы сонундуктардын жыйындысы катары кабылданат. Адам сулуулугун сүрөттөөдө акын үчүн жаратылыш кооздугу эстетикалык үлгү болуп саналат;
- Этикалык идеяларында эл достугу, кызматташтыгы негизги орундардын бирин ээлейт. Өз элинин чыныгы патриоту катары басып өткөн жолуна сыймыктануу менен кыргыз жергесинен орун алып калган ар кайсы улуттардын, этникалык топтордун ортосундагы өз ара кызматташтыкты, ынтымакты, гуманисттик мамилелердин идеясын талыкпастан коргогондордун бири;
- Таланттуу акын гана эмес, чебер таануучу субъект катары Ала-Тоонун байлыгын ырга кошуп кыргыз жерин мекендеген 78 түрдүү фаунанын, 32 түрдүү флоранын, 38 жерлердин аттарын чыгармасында көркөм бере алган.

## III бөлүм. Негизги философиялык маселелер.

### Суроо 31. Бытие.

**Онтология** – бытие маселесин изилдеген философиянын борбордук бөлүктөрүнүн бири, ал эми бытие маселеси – философиянын негизги бөлүктөрүнөн. Философиянын пайда болушу да дал ушул бытие маселесин изилдөөдөн башталган. Байыркы Индия, Байыркы Кытай, антикалык философиялар биринчи орунда онтологияга кызыгышып, бытиенин маңызын түшүнүүгө далалаттанышкан.

⇕

**Бытие** – бул бардык бар нерсени өзүнө камтыган, реалдуу жашаган, стабилдүү, өз алдынча, объективдүү, түбөлүктүү, чексиз субстанция.

⇎

***Бытие эмес*** – абсолюттук эч нерсе, бир нерселердин толук жоктугу.

***Бытие эместик*** – бытиеге карама-каршы абал, ошол эле кезде бытие менен бирге турат, реалдуу.

⇕

**"Бытие"** ***философиялык категориясынын мазмунун ачып берүүчү жоболор.***

- курчап турган чөйрө, заттар, кубулуштар реалдуу жашашат, алар бар;
- курчап турган чөйрө өсүп-өнүгөт, анын ички себептери бар, кыймылдын булагы анын өзүндө;
- материя жана рух-бирдиктүү; ошол эле убакта карама-каршы турушат, реалдуу жашашат;

**Субстанция** - өзүнүн жашоосу үчүн өзүнөн башка эч нерсеге муктаж болбогон маңыз.

- *ноуменалдык бытие* ("ноумен" – зат, өз алдынча) байкоочудан, (анын аң сезиминен) көз каранды эмес реалдуу жашоочу бытие.
- *феноменалдык бытие* – ("феномен" – тажрыйбада берилген кубулуш) таанып билүүчү субъект кандай көрсө, ага ылайык көрүнгөн бытие.

**Бытиенин негизги формалары**

⇩

**Материалдык** бытие же **жаратылыш** бытиеси – курчап турган чөйрөнүн, нерселердин (көлөмгө, тыгыздыкка, массага ээ болгон) жаратылыш кубулуштарынын бар болушу.

**Адам** бытиеси – бул уникалдуу тирүү жан дүйнөсү, жер менен космостук башталыштагы, социалдык менен табияттыктын органикалык биримдиги.

**Коомдук** бытие коомдун жашап турушунун материалдык шарттарынын жыйындысы. Ага адамдарды курчап турган жаратылыш чөйрөсү, адамдардын өздөрү, эмгек ишмердүүлүгүнүн продуктылары кирет. Коомдук бытие – бул адамдардын көп кырдуу рухий практикалык турмуш тиричилиги жана дүйнөсү, алардын бири-бирине мамилеси. Коом адамдын эркинин, эс тутумунун жана акыл эсинин чөйрөсү болуп саналат жана ал коомдун өнүшүнүн жашап турушунун түгөнгүс булагы.

**Рухий** бытие же **аң-сезим** бытиеси – бул өзгөчө көрүнүштөрдөгү реалдуулук, ал өлчөөгө, көрүүгө мүмкүн бологон адамдардын рухий практикалык иштеринен көрүнөт. Ал экиге бөлүнөт: **жекелентилген** рухий бытие (жеке адамдын аң-сезими, анын көрүнүштөрү, идеялар, образдар, сезимдер, эмоциялар, ой-кыялдар, түшүнүктөр) жана **коомдук** аң-сезим (адеп-ахлактык, эстетикалык, философиялык, диний, илимий, эколоиялык ж.б.).

**Материя** – бул адамдан, анын аң сезиминен тышкары жашоочу объективдүү реалдуулук.

**Материянын түрлөрү**

**Зат** – дискреттүү (өз алдынча ички бөлүктөргө ээ) мейкиндикте орду бар. Заттын формалары ар түрдүү: элементардык бөлүкчөлөр, вирустар, тирүү организмдер, макротелолор, космостук жылдыздар, планеталар системасы ж.б.

**Талаа** – бул кванттардан турган татаал, электромагниттик түзүлүш, мейкиндикте тең салмактуу бөлүнгөн, дайыма кыймылда болот. Талаанын түрлөрү: гравитациялык, электромагниттик, биологиялык ж.б. Зат жана талаа бирин-бири толуктап, бири-бирине өтүп турушат. Андан асман телосу, Күн пайда болгон.

**Материянын жалпы касиеттери же атрибуттары (материализм боюнча)**

Материянын жашоосунда **объективдүүлүк** касиети тиешелүү, б.а материя адамдан, анын аң сезиминен көз карандысыз жашайт. Ал эч ким тарабынан жаратылбаган, ал болгон, жашайт жана жашай берет.

Материянын **жаратылбагандык** жана **жок болбостук** касиети, бул дүйнөдө жоктон бар болбойт, бардан жок болбойт, б.а белгилүү бир себептин таасринде жаралат деген түшүнүк. Материалисттик философиянын белгилөөсү боюнча айрым нерселер башка бир нерсеге айланып, же жок болуп кетиши мүмкүн, бирок дүйнө өзүнүн жашоосун уланта берет. Мисалы: адамдардын жашоосу, алар улам өлүп, кайра жаңылар төрөлүп жашай берет.

Материянын **түгөнбөстүк** касиети, бул материалдык дүйнөнүн көптөгөн касиеттерин, жактарын, абалын,кубулуштарын көрсөтөт. В. И. Лениндин сөзү менен айтканда, адамдын аң сезими улам жаңы ачылыштарды жасай берет жана жаратылышка өз үстөмдүгүн орното берет.

Материянын **чексиздик** касиети, дүйнөнүн абалынын процесстеринин бүтпөстүгүн көөсөтөт. Материалдык дүйнөнүн башы да, аягы да жок. Анда тынымсыз өнүгүү, формалардын өзгөрүүсү бар.

Материянын **структуралык** (түзүлүштүк) жана **бүтүндүк** касиети, бул келечекте салыштырмалуу өз алдынча болуу менен дүйнөнүн топтору жана бөлүктөрү бири-бири менен түз жана кыйыр байланышта дегендик. Мисалы: жаратылыш жана коом, индивид жана социалдык топтор. Өз учурунда ар бир нерсе бүтүн, структуралык түзүлүшкө ээ.

Суроо 32. **Материя (материалдык бытие).**

***1. Материалдык бытие жана материя түшүнүгүнө негизги мамилелер.***

**Материя (материалдык бытие)**

**“Материя” түшүнүгүнө мамилелер**

- ***материалисттик мамиле*** - материалисттердин тастыктоолору боюнча материя биринчи, материя болмуштун негизи, ал эми рух, адам, коом – материалдык бытиенин башка формаларынын туундусу;
- ***объективдүү идеалисттик мамиле*** - бардыгынан көз каранды эмес, алгачкы идеалдык (абсалюттук) рухтун туундусу катары материя реалдуу жашайт;
- ***субъективдүү идеалисттик мамиле*** – материя өз алдынча реалдуулук катары жашабайт, ал (адамдын аң сезиминде гана болуучу) субъективдүү рухтун продуктысы;
- ***позитивдик мамиле*** - “материя” түшүнүгү жалган, себеби аны тажрыйбалуу илимий изилдөөдө толук үйрөнүүгө жана далилдөөгө мүмкүн эмес.

**Материянын түзүлүшүнүн элементтери**

***Жансыз жаратылыш***

**Жансыз жаратылыштын деңгээлдери**

- субмикроэлементардык (материянын атомдон да майда бирдиктери);
- микроэлементардык (электрондор, иондор);
- ядролук (атомдун ядросу);
- атомдук (атомдор);
- молекулярдык (молекулалар);
- айрым буюмдардын (заттардын) деңгээли;
- макротелолор деңгээли;
- планеталар деңгээли;
- планеталык системалар деңгээли;
- галактикалар деңгээли;
- галактикалык системалар деңгээли;
- метагалактика деңгээли;
- ааламдын деңгээли; бүтүндөй дүйнө;

Материя (материалдык бытие) (уландысы)

Материянын түзүлүш элементтери (уландысы)

***Жандуу жаратылыш***

⇕

**Жандуу жаратылыштын деңгээлдери**

- клеткага чейинки: ДНК; РНК; белоктор;
- Клеткалык (клетка);
- көп клеткалуу организмдердин деңгээли;
- түрлөрдүн деңгээли;
- популяциялар деңгээли;
- биоценоздор;
- бүтүндөй биосфера деңгээли;

***Социум (коом)***

⇕

***Социумдун деңгээлдери***

- жеке индивид;
- үй-бүлө;
- топтор;
- ар-түрдүү деңгээлдеги коллективдер;
- социалдык топтор (таптар, страттар);
- этностор;
- улуттар;
- расалар;
- жекече коомдор;
- мамлекеттер;
- мамлекет союздары;
- бүтүндөй адамзат;

***Материяны мүнөздөөчү белгилери***

- дайыма кыймылда болот;
- өз алдынча уюшулууга ээ;
- убакытта жана мейкиндикте жайгашкан;
- чагылууга жөндөмдүү.

## 2. Кыймыл

**_Кыймыл – материянын ажырагыс касиети._**

### *Касиеттери*

- материянын өзүнөн жаралат (материядагы карама – каршылыктын күрөшүнүн жана биримдигинин негизинде);
- бардыгын кучагына камтыган (бардыгы кыймылда: атомдор эң майда бөлүкчөлөр тартылат жана түртүлөт; тирүү организмдер тынымсыз иштеп турушат, жүрөк согот, физикалык процесстер ишке ашат; химиялык элементтер кыймылда болот; тирүү организмдер кыймылда болот; башкача айтканда жаратылыштагы заттарда айлануу болуп турат; жер жана башка асман телолору өз огунда жана күндүн айланасында кыймылда болуп турат, ж.б.).
- ар дайым (кыймылдын бир формасынын токтому кыймылдын башка жаңы формасынын пайда болушу менен камсыздалат, кыймыл ар дайым болот).

### *Кыймылдын түрлөрү*

- механикалык кыймыл;
- физикалык кыймыл;
- химиялык кыймыл;
- биологиялык кыймыл;
- социалдык кыймыл.

### *Кыймылдын типтери*

***Сапаттык*** – материянын өздүк өзгөрүшү, ички түзүлүшүнүн жана жаңы материалдык объектилердин пайда болушу жана алардын сапатынын кайра курулушу;

- ***Динамикалык кыймыл*** – мурунку материалдык формада, потенциалды ачып көрсөтүү, же мазмундун эски форманын чегинде өзгөрүүсү;
- ***Популяциялык кыймыл*** – объекттин түзүлүшүнүн эң негиздүү өзгөрүүсү, башкача айтканда материянын бир формасынан экинчи башка формасына өтүүгө, же жаңы объекттинин пайда болушуна алып келген кыймыл.

***Сандык*** – мейкиндикте материянын жана энергиянын өтмө белгиси.

***3. Материянын өзүнчө уюшулуу жөндөмдүүлүгү***

**Материянын өзүнчө уюшулуусу** – сырткы күчтөрдүн таасирисиз, катышуусуз өзүнүн пайда болуусу, түзүлүүсү, жетилүүсү, өнүгүүсү.

***Флуктуация*** – материяда дайыма кокустан термелүү жана четке кагуу болуп турат

***Диссипативдик түзүлүшү*** – флуктуациянын натыйжасында пайда болгон материянын жаңы туруксуз абалы.

***Синергетика*** – материянын өзүнчө уюшулушу жөнүндөгү окуу. Синергетиканы орус философу И.Пригожин иштеп чыккан.

***Диссипативдик түзүлүштүн өнүгүү жолдору***

- “диссипативдик түзүлүш”- энтропиянын шартында – сырткы чөйрөнүн энергиясынын таасиринде гана материянын жаңы түрүнө айланат, андан кийин динамикалык типте өнүгөт;
- “диссипативдик түзүлүш”- ички түзүлүштүк алсыздыктан, жаңы байланыштын начардыгынан же сырткы чөйрөнүн энергиясынын - энтропиянын жоктугунан жок болот же өлөт.

### *4. Материянын убакытта жана мейкиндикте жайгашуусу.*

***Материянын убакытта жана мейкиндикте жайгашуусу***

⇕

***маселеге мамиле***

***Субстанционалдык*** – (Демокрит, Эпикур) бул көз карашты жактоочулар убакыт менен мейкиндикти өз алдынча реалдуулук жана материя менен катар өз алдынча субстанция катары эсептешкен, ал эми материя менен убакыт, мейкиндиктин ортосундагы мамилени субстанция аралык мамиле деп түшүнүшкөн.

***Реляциялык*** (латынча relatio – мамиле) (Аристотель, Лейбниц, Гегель): убакыт жана мейкиндик – материалдык объектилердин өз ара кыймылынан түзүлгөн мамиле.

⇕

***Негизги жобо***

- ***убакыт*** - өнүгүү процессинде ошол объектилердин удаалаштыгын жана материалдык жашоо узактыгын көрсөтүүчү материянын жашоо формасы;
- ***мейкиндик*** – материянын жашоо формасы, анын аралыгын, түзүлүшүн, материалдык объектилердин ички элементтеринин бири-бирине болгон жана тышкы объектилер менен аракетин мүнөздөйт;
- убакыт жана мейкиндик өз ара тыгыз байланышкан. Мейкиндикте болуп жаткан кубулуш ошол убакытта болот, ал эми ошол убакытта болуп жаткан кубулуш ошол мейкиндикте жашайт.

***Альберт Эйнштейндин салыштырмалуулук теориясы.*** (XXк. ортосу). Бул теория боюнча убакыт жана мейкиндик салыштырмалуу жана алар материалдык телолордун өз ара кыймылынын шартына байланыштуу салыштырмалуу. Бул теория реляциялык теориянын тууралыгын тастыктады, башкача айтканда убакыт менен мейкиндикти материянын ичиндеги мамиле катары түшүнүү менен, мейкиндик жана убакыт жөнүндөгү мурдагы түбөлүк өзгөрбөс өлчөм деген көз карашты жокко чыгарды.

## 5. *Чагылуу материянын касиети катары.*

***Чагылуу*** - материалдык системалардын өзүндө башка бир өзү менен аракеттенген материалдык системалардын касиеттерин кайра түзүп алуу жөндөмдүүлүгү. Чагылуунун материалдык далили болуп калган издер эсептелет (бир материалдык объектинин башка бир материалдык объектиде): адамдын топурактагы изи, чийилүү, жаңырык, күзгүдөгү, суудагы нерселердин чагылышы.

***Физикалык***

***Химиялык***

***Механикалык***

***Биологиялык***

⇕

***Биологиялык чагылуунун стадиялары***

- дүүлүгүүчүлүк;
- сезгичтик;
- психикалык чагылуу;

***Аң-сезим*** – чагылуунун эң жогорку деңгээли (түрү). Материалисттик көз караш боюнча – аң сезим эң жогорку уюшулган материянын материяны чагылдыруу жөндөмдүүлүгү.

***Чагылуу*** материянын жалпы касиети, ал материалдык объектилердин өз ара аракетинде гана ишке ашат.

⇕

***Мааниси***

***Чагылуунун мааниси*** – анын бир нерседен башка бир нерсеге (нерселерге) маалыматтардын, информациялардын, ошондой эле энергиянын өткөрүп берилүү жолу, механизми экендигинде.

## Суроо 33. Аң-сезим жөнүндө жалпы түшүнүк, анын келип чыгышы.

### 1. *Философиядагы аң-сезим проблемасы.*

**Ан-сезим:** учурдагы философия аң-сезим өзгөчө, идеалдуу табияттагы маңыз экендигин тастыктайт, материалисттер буга макул, бирок идеалдуу аң-сезим материянын туундусу деп эсептешет.

***Аң-сезим проблемасына мамилелер***

***Физикализм*** – ашынган материалистик көз караш, анын өкүлдөрүнүн пикири боюнча ан-сезим өз алдынча субстанция катары жашабайт, ал материянын туундусу, аны физика жана башка табигый илимдердин жардамы менен гана түшүндүрүүгө болот.

***Физикализм таянган айрым илимий фактылар***

- адамдын мээси табийгаттын эң татаал механизми жана материянын эң жогорку деңгээли;
- адамдын аң-сезими мээсиз жашай албайт, мээ – биологиялык орган;
- адамдын жасалма интеллект түзүүгө мүмкүнчүлүгү жаралды, машина (компьютер) материалдык объект;
- адамдын организминдеги дары-дармектин таасири аң-сезимде чагылышы мүмкүн (м: психатроптук заттардын таасири).

***Аң-сезимдин идеалдуулугу*** – физикалисттердин логикалык далилдерине багыт берген жалгыз проблема.

- образдар, материалдык мүнөзгө - массага, өлчөмгө, жытка, формага ээ эмес, алар адамдын аң сезиминде болот;
- аң -сезим, образдарды чоңойтуп, кичирейтип, аларды “өчүрүп” коюга мүмкүнчүлүгү жетет;
- эч ким бирөөнүн аң-сезимин көрө албайт, (м: операцияда хирург мээнин боз өңдүү зат экенин гана көрөт, бирок андан образдарды же ойлорду көрүүгө мүмкүн эмес).

## Ан-сезим проблемасына мамилелер

### ***Физикализмдин тармактары***

- “Теңдештик теориясы” (Д.Армстронг, Дж.Смарт) рухий процесстерди денедеги кан айлануу, дем алуу, мээнин процесстерине теңдештиришет;
- элиминация (чыгарып салуу) теориясы (Ф.Фейербенд) – рух, рухийлик түшүнүктөрү – эскирген, илимий эмес, ырым-жырым деп далилдөөгө аракеттенишет;
- вульгардык материалисттердин теориясы (м, Фохт: “боор өттү бөлүп чыгарып тургандай, мээ – ойду бөлүп чыгарат”).

***Солипсизм*** – (идеалисттик көз караш) жактоочулары индивиддин аң-сезими гана реалдуулук, ал эми материалдык дүйнө анын туундусу деп түшүнгөн багыт (өкүлдөрү: субъект. идеал. Беркли, Юм, Фихте ж.б.).

***Объективдүү идеализм*** – материя сыяктуу эле аң-сезим накталай бар сыяктуу эсептелет, ага чыгармачыл роль берилип, “дүйнөлүк аң-сезимдин” бөлүгү катары инсандан бөлүнүп каралат.

***Орточо материализм:*** аң-сезим материянын өзүн-өзү чагылдыруу жөндөмдүүлүгүнө ээ болгон жогору уюшулган материянын өзгөчө көрүнүшү, бул көз караш россиялык философияда кеңири таралган.

## Аң-сезимдин келип чыгуу маселесине негизги мамилелер

***Аң-сезимдин келип чыгуу маселесине негизги мамилелер***

***Космостук (кудай тарабынан):*** аң-сезим, аны алып жүрүүчүлөрдөн, адамдардан көз карандысыз, өз алдынча жашайт. Аң-сезим түздөн-түз космостон келет (дагы бир көз караш боюнча – кудайдын аң сезиминен) ал бирдиктүү, бөлүнгүс маңыз адамдарга «дүйнөлүк аң-сезимдин» бөлүктөрүнөн таратылган.

⇕

***Жакын теориялар***

- монад (монадология) теориясы – алгачкы жолу Лейбниц тарабынан, анан Даниил Андреев тарабынан өнүктүрүлгөн. Дүйнөдө өтө көп сандагы бөлүнбөс жана түбөлүктүү (өлбөс) монаддар бар, алар Ааламдын энергиясы, материяны жараткан аң-сезимдин негизи бириккен алгачкы рухий биримдик.
- Шардендин теориясы, анда аң-сезим – адамдан жогору турган, материянын "мээси", "ички жагы" катары эсептелет;
- Рейзердин психосфера теориясы – галактикалар акыл-эстүү, алар адамдын мээси менен байланышып, акыл-эс менен заряддап турат дейт;
- гилозоисттик теория – бардык материя (жандуу, жансыз) – жанга ээ, жандуулук материянын касиети:
- Толбеттин теориясы боюнча Аалам гигант акыл-эс, ал эми аң-сезим болсо материяны түзүп турган талаалардын өз ара аракетинин натыйжасы.

***Биологиялык мамиле:*** бардык тирүү организмдерге таандык аң-сезим – тирүү табийгаттын туундусу.

⇕

***Теорияны негиздөө***

- жаныбарлардын жашоосу ички себептердин натыйжасында ишке ашат, аң-сезимге баш ийет;
- инстинкттер табигый гана эмес, үйрөнүлгөн да болот;
- жаныбарлар жашоосунда тажрыйба топтоп, аны пайдаланат;
- жаныбарлардын көптөгөн аракеттери (иттин, мышыктын, аттын ж.б.), татаал жана бул аң- сезимдин чоң ишин талап кылат (м: мергенчиликте);
- жаныбарлардын өзүнчө "моралдык нормалары" бар: жүрүм-турумдары, адаттары, башчылык сапаттары жана башка ушул сыяктуу.

***"Адамдык" мамиле:*** аң сезим адамга гана тиешелүү, адамдын мээсинин продуктысы, ал эми жаныбарларга аң-сезим эмес, инстинкт тиешелүү. Бул көз караш өзгөчө XIX кылымдын ортосунан XX кылымдын ортосуна чейин кеңири таралган.

**Адамдын аң-сезиминин маанилүү мүнөздөмөлөрү**

- ✓ Аң-сезим **социалдык**, б.а. ал адамдардын биргелешкен иш-аракеттеринде, жашоо тиричилигинде гана пайда болот жана калыптанат. К.Маркс белгилегендей, аң-сезим коомдук продукт, жана адамдар жашап турганда ал боюнча кала берет. Алгачкы адамдардын биргелешкен жашоосунда жана эволюциянын жүрүшүндө социалдаштыруунун жөнөкөй формасы катары тил пайда болгон (алгач мимика, жестер). Тилдин пайда болушу, өнүгүшү (тил) адамдагы 2-сигналдык система – бул курчаган дүйнө жөнүндөгү маалыматтарды берүүгө, адамдын оюн сактоого, жеткирүүгө, байланыштырууга мүмкүндүк түздү. Ойлоонун «телосу» тил аң-сезим сыяктуу эле байыркы. Аң-сезим жана тил бир бүтүндүн экинчи (Аң-сезим) тышкы (тил) жагы. Ф. Энгельс өзүнүн чыгармаларында коллективдүү эмгек жана тил аң-сезимдин пайда болушунун жана калыптанышынын кыймылдаткыч күчү социомаданий фактору катары белгилейт.
- ✓ Аң-сезим экинчи, б.а. адамдын жогору өнүккөн мээсинин касиети. Мээ ойлоо органы, ошентсе да мээ өзүнөн-өзү ой бөлүп чыгарууга жөндөмдүү эмес. Коомдо жашаган адамдын мээсинде гана аң-сезим калыптанат.
- ✓ Аң-сезимдин субъектиси - коомдук жашоонун катышуучулары болгон адамдар же адамдардын тобу, коллективи.
- ✓ Аң-сезим субьективдүү, ал адамдын жаш өзгөчөлүгүнөн, жашаган доорунан жана чөйрөсүнөн, ойлоо, таанып-билүү жөндөмдүүлүгүнөн, жашоо-тиричилигинен, о.э. жынысынан да көз каранды.
- ✓ Аң-сезим предметтик-практикалык мүнөзгө ээ: Аң-сезимде тышкы дүйнөнүн предметтери образдар түрүндө жашашат, ойлор,идеялар предметтерге айланышат.
- ✓ Аң-сезим дайыма өздүк аң-сезим болот. Өздүк аң-сезим адамдын өзүн-өзү, өзүнүн денесин, барлыгын аңдап-сезүүсү, өзүнүн иш-аракеттерин, кылык-жоругун башкара билүүсү, аларды баалоосу ж.б.

## Сурoo34. **Аң-сезимди материалисттик түшүнүү.**

### 1. *Чагылуу теориясы.*

***Чагылуу теориясы*** (аң-сезимди материалисттик түшүнүүнүн негизинде): аң-сезим жогору уюшулган материянын материалдык нерселерди чагылдыруу касиети.

⇕

***Чагылуу*** – материалдык объектилердин башка объектилер менен өз ара аракетинин натыйжасында алардын касиеттерин, жактарын өзүндө кайра түзүп алуу касиети, башкача айтканда өз ара аракеттин негизинде калган из.

⇩

***Чагылуунун формалары***

- Механикалык
- Физикалык
- Химиялык
- Биологиялык (тирүү организмдерге таандык)
  - ***Формалары***

⇩

- ***Дүүлүккүчтүк***– биологиялык чагылуунун жөнөкөй формасы – тирүү организмдердин курчап турган дүйнөнүн (жандуу жана жансыз) нерселери менен кубулуштарына болгон реакциясы. Мисалы, гүлдүн желелеринин күндүзү ачылышы, күнкараманын күнгө карай багыты, амебанын жарыкка жана тамакка карай жылышы жана башкалар;
- ***Сезгичтик*** – чагылуунун бир кыйла жогоруураак формасы – жандуу организмдердин курчаган дүйнөнү туюу аркылуу чагылдыруусу;
- ***Психикалык чагылуу*** - туюуларды топтоштуруу, иреттөө, жандуу организмдердин (жаныбарлардын) курчаган чөйрөгө ылайыкташуу максатында жүрүш-турушун моделдештирүү, стандарттуу жана стандарттуу эмес кырдаалдарга жараша көп кырдуу реакция жасай билүү, алардан туура чыгып кетүүнү табуу жөндөмдүүлүгү;
- ***Аң-сезим*** – биологиялык чагылуунун жогорку формасы, адамга гана тиешелүү.

***Аң-сезим*** – курчаган дүйнөнү бир кыйла толук чагылдыруу жана ага ой жүгүртүү, абстракциялоого, рефлексияга (ойлоонун натыйжасында жаңы ойду жаратуу, башкача айтканда, аң-сезимдин өзүнүн өзүнө кайрылуусу) жөндөмдүүлүгү, предметтик-практикалык ишмердүүлүккө жөндөмдүүлүгү, аң-сезимди башкага өткөрүп берүү мүмкүнчүлүгү (оозеки жана жазуу түрүндөгү тил аркылуу).

## *2. Адамдын аң-сезиминин негизги касиеттери.*

***Адамдын аң- сезиминин негизги касиеттери***

***Идеалдуулук*** - бул аң-сезимдин өзгөчө, материалдык эмес маңызы

***Аң- сезимдин идеалдык касиеттери***

- материалдык дүйнөгө карама-каршы (образдар массага, жытка, өлчөмдөргө ээ эмес);
- Материядан көз карандысыз (аң-сезимде материалдуу дүйнөдө жок нерсе да болот);
- кээ бир учурларда материядан алгачкы (кандай гана нерсени адам жаратпасын, ал алгач аң – сезимде образ түрүндө жашайт);
- материалдык каражаттардын жардамы менен кармалгыс, таанылгыс:

***Интенционалдуулук*** – нерселерге багытталгандык. Аң-сезимдин интенционалдуулугу аң-сезимдин нерселери (аң-сезим "көргөн" нерселер) жана формасы ( ал кантип нарсени кабыл алгандыгы) бар экендигин билдирет.

***Аң-сезимдин формалары***

- кабыл алуу;
- пикирлөө;
- баалоо;
- эстөө;
- фантазия;
- турмуштук тажрыйба

***Аң-сезимдин идеатордуулугу*** – идеяларды жаратуу жана кайра түзүү жөндөмдүүлүгү, жөнөкөй чагылуунун чегинен чыгып, ички өз алдынча ишмердүүлүк. Абстракттуу идеяларды иштеп чыгуу – жаныбарлардын чагылдыруусунан негизги айырмачылыгы. Анын натыйжасы болуп аң-сезимдин мазмунун коддоштуруу, берүү жана таратуу тутуму болгон – тилдин иштелип чыгышы. Идеатордуулуктун жардамы астында адамзаттын өнүгүшү аң-сезимдин тереңдеши ишке ашат.

***Аң-сезимдин нерселери (предмети)***

- курчап турган дүйнө, анын нерселери, кубулуштары;
- жогорку дүйнө менен байланыштагы жана байланышпаган өзгөчө, өз алдынча рухий дүйнө.

**Аң сезимдин социалдык маңызы анын функцияларынан көрүнөт**

- ✓ Негизгиси катарында **таанып-билүүчүлүк** функциясын белгилесе болот. Анын жардамында курчаган дүйнө жүзүндө ар кандай маалыматтарды алууга, дүйнөнүн сүрөттөлүшүн түзүүгө жана активдүү өздүк таанып билүүгө мүмкүнчүлүк болот.

- ✓ **Максатка багыттоочулук** функциясы, адамды иш-аракетинде максаттарды жана идеяларды иштеп чыгууга, келечегин алдын ала көрө билүүгө, образдарды жаратууга, ишке ашырууга багыттайт.

- ✓ **Байланыштыруучулук** функциясы, мында аң-сезим адамдардын биргелешкен жашоосунда социалдык тажрыйбаларын өткөрүп берүү кызматын аткарат. Ал ойлоо ыкмалары, практикалык иштер жана таанып билүү ыкмалары, эрежелери, билимдер формасында ишке ашат. Мында адамдардын элестөөлөрүн, ойлорун, идеяларын ичине камтыган тил өзгөчө роль аткарат.

- ✓ **Жөнгө салуучулук** функциясы, аң сезим адамдардын жана социалдык топтордун ортосундагы мамиледе активдүү таасирин тийгизет. Бул функция белгилүү эрежелерди жана жашоо нормаларын сактоого багыттайт. Аң-сезим коомдук жашоодон көрүнөт.

Суроо 35. **Диалектика**

***1. Диалектика жана өнүгүү жөнүндө жалпы түшүнүк.***

***Диалектика*** – бул азыркы философияда таанылган бүткүл бытиенин өнүгүү теориясы, ошол эле кезде ага негизделген философиялык таанып-билүү ыгы да болуп саналат.
Диалектика материянын, рухтун, аң-сезимдин, таанып билүүнүн жана башка аспектилердин өнүгүүсүн теориялык чагылдырат.

*Диалектиканын негизги проблемасы – өнүгүү деген эмне?* ***Өнүгүү*** – материянын негизги белгиси жана жалпы касиети: материалдык жана идеалдык объекттердин жогорку, татаал өзгөрүүсү, уюшулуунун бир топ жогорку баскычына өтүүсү. Өнүгүү – кыймылдын жогорку формасы.

***негизи болуп эсептелет***

***Кыймыл*** – материянын ички касиети жана курчап турган чөйрөнүн уникалдуу кубулушу. Кыймыл – материалдык дүйнөнү байланыштыруучу жол катары да эсептелет.

***Диалектиканын мыйзамдары***

***Өзгөчөлүктөрү***

- курчап турган дүйнөнүн бардык чөйрөлөрүн камтыйт;
- кыймылдын жана өнүгүүнүн терең негиздерин ачып көрсөтөт – анын булагы, эски менен жаңынын байланышы, эскиден жаңыга өтүү механизми.

- карама - каршылыктардын биримдиги жана күрөшү;
- сандан сапатка өтүү;
- танууну тануу;

## 2. *Карама- каршылыктардын биримдиги жана күрөшү мыйзамы.*

| |
|---|
| ***Карама-каршылыктардын биримдиги жана күрөшү*** мыйзамы боюнча бардык нерсе карама-каршы башталыштан, алардын биримдигинен турат, бул бири-бирине карама- каршы жактар дайыма күрөштө болушат (м: күн жана түн, ысык жана муздак ж. б.). Карама-каршылыктардын биримдиги жана күрөшү - бардык нерсенин өнүгүүсүнүн жана кыймылынын ички булагы. |

| ***Гегелдин карама-каршылыктын биримдиги жана күрөшүнө өзгөчө көз карашы*** |
|---|
| ✔ ар бир нерсе, кубулуш, эки негизги сапатка ээ – теңдештик жана өзгөчөлүк; |
| ✔ *теңдештик* бул нерсе же кубулуш өзүнө тең, башкача айтканда бул нерсе – ал өзү гана. Ошол эле убакта өзүнө окшош нерседен окшоштукту бузууга аракет кылуу да болот; |
| ✔ биримдикте болгон теңдештик менен айырманын ортосундагы күрөш – бул каршылык, ал нерсенин өзгөрүшүнө – кыймылга алып келет. М: коом өзүнө-өзү теңдеш, бирок анда ошол коомдун чектеринде батышпаган күчтөр бар, алардын ортосундагы күрөш коомдун сапатынын өзгөрүшүнө, жаңыланышына алып келет. |

| ***Күрөштүн ар кандай түрлөрү*** |
|---|
| ✔ эки тарапка тең бирдей пайда алып келүүчү күрөш (м: атаандашууда бир жак экинчисин кууп жетип, өнүгүүнүн жогорку сапаттык тепкичине өтөт); |
| ✔ күрөштө, бир жагы дайыма экинчисинин үстүнөн үстөмдүк кылып, жеңгени сакталып калат жана жеңүүчүсү өнүгүү менен улам жогорку тепкичке өтөт; |
| ✔ антогонисттик күрөш, мында бир жак экинчисин толук жок кылуунун натыйжасында гана жашай алат. |

*3. Сандык өзгөрүүлөрдүн сапаттык өзгөрүүлөргө өтүү мыйзамы.*

| ***Сандык өзгөрүүлөрдүн сапаттык өзгөрүүлөргө өтүү мыйзамы*** |
|---|

| ***Өзгөчөлүктөрү*** |
|---|

| |
|---|
| ***Сапат*** – нерселердин байланышынын жана айрым мүнөздөмөлөрүнүн стабилдүү системасы, нерсенин аныкталгандыгы. |
| ***Сан*** – нерсенин же кубулуштун эсебинин параметри (көлөмү, салмагы, саны, өлчөмү ж.б.). |
| ***Ченем*** – сандын жана сапаттын биримдиги. |
| Белгилүү бир сандык өзгөрүүлөрдө сапат да өзгөрөт. |
| Сапат чексиз өзгөрө албайт. Айрым учурда сапаттын өзгөрүшү бүтүндөй ченемдин өзгөрүшүнө алып келет, мында нерсенин маңызы өзгөрөт. Мындай учур "түйүн" деп, ал эми башка абалга өтүү «секирию» деп аталат. Мисалы, суу кайнаганда суунун сапаты бүтүндөй өзгөрөт, ал бууга айланат. Мында 100° температура түйүн, ал эми суунун бууга айланышы же бир сапаттык ченеминин башкага өтүшү – секирик болуп саналат. |
| Жаратылышта дайыма эле байланыш учурларды аныктоого мүмкүн эмес. Сандын жаңы сапатка өтүүсү байкоосуз, эволюциялык болушу да мүмкүн. Буга байыркы грек "Куча" ("Үймөк") апориясы мисал боло алат: данга канча данды кошкондо үймөк болот? |

| Аталган мыйзамдын маңызы |
|---|

| |
|---|
| Ар кандай эле сандык өзгөрүү (касиеттердин өзгөрүүсү) сапаттык өзгөрүүгө алып келе бербейт. Качан гана сандык өзгөрүү белгилүү бир ченемден өткөндө, сапаттык өзгөрүү ишке ашат. |

*3. Тануунун тануу мыйзамы.*

***Тануунун тануу мыйзамы:*** жаңы дайыма эскини танып, анын ордун ээлейт, бирок акырында өзү жаңыдан эскиге айланып улам жаңы аркылуу танылып турат. Мисалы, коомдук цивилизациялык этаптардын алмашышы, адам баласынын эволюциясы (м: чоң ата – ата, бала ж.б.).

⇩

***Жаңынын эски формаларды тануусу – алга умтулган өнүгүүнүн механизми жана себеби***

⇳

***Өнүгүүнүн багыты жөнүндөгү маселеге негизги көз караштар***

⇩ ⇩ ⇩

***Өнүгүү*** – төмөндөн жогоруга өтүүчү, дайыма алга умтулган, ырааттуу процесс.

Өнүгүү алга умтулган сыяктуу эле, төмөндү карай да болушу мүмкүн. Бул көз караштын чындыкка жакындыгын турмуш көрсөтүүдө. Мисалы, СССР – бул республикалардын кризиске кептелиши, бирок кайрадан өнүгүүнүн башка жолуна түшүү, алга умтулуу, өнүгүү. Бирок жалпы өнүгүү тенденциясы – алга умтулуу;

⇩

өнүгүү түз сызык түрүндө эмес, спираль түрүндө жүрөт, спиралдын ар бир орому мурунку түзүлүштү жаңы, бийик деңгээлде кайталайт.

Өнүгүү башаламан, эч кандай өнүгүү багытына ээ эмес.

## *5. Диалектиканын негизги принциптери*

**Диалектика** ⇒ **Диалектиканын принциптери**

***Жалпы байланыш*** (когерентүүлүк) – курчап турган дүйнөнүн бүтүндүгү, анын ички биримдиги, процесстердин, кубулуштардын, нерселердин бардык компоненттеринин бири-бирине көз карандылыгы жана бири-бирине байланыштуулугу.

⇕

***Байланыштын түрлөрү***

- сырткы жана ички байланыштар (өтө кеңири тараган байланыштын түрлөрү);
- тикелей жана кыйыр;
- генетикалык жана функционалдык;
- мейкиндиктик жана убактылуу;
- кокусунан жана мыйзам ченемдүү;

***Системалуулук*** - курчап турган дүйнөдө байланыштын көп санданган түрлөрү баш аламан жайгашкан эмес, алар иреттүү. Бул иреттүү байланыш дүйнөнүн бүтүндүгүн, биримдигин көрсөтөт.

***Себептүүлүк*** (детерменизм) – себептин натыйжасында экинчи бир нерсе, кубулуш, процесс пайда болот, жана дүйнөдө себепсиз пайда болгон жана башка нерселерге, кубулуштарга себеп болбогон эч нерсе жок. Себеп жалпы мүнөзгө ээ, ал убакыт менен тыгыз байланышта, ички жана сырткы себептер натыйжаны пайда кылат, бул себептин – натыйжа менен байланышын туюнтат.

***Тарыхыйлуулук*** – дүйнөнүн эки өңүтүн көрсөтөт: дүйнөнүн, тарыхтын түбөлүктүүлүгү жана жок болбостугу, анын жашоосу жана өнүгүүсү убакыт өлчөмүндө дайыма уланып келет.

Суроо 36. **Диалектиканын категориялары**

**Диалектика**

***Диалектиканын категориялары*** – диалектикалык проблемалардын маңызын ачып көрсөтүү үчүн колдонулган жалпы түшүнүктөр, алар бүткүл бытиенин универсалдуу байланыштарын чагылдырышат.

***Маңыз жана кубулуш.***
***Маңыз***, бул кубулуштун артында жашырынып жаткан, сезим-туюмдар менен тикеден-тике кабыл алууга мүмкүн болбогон нерсенин салыштырмалуу туруктуу жагы.
***Кубулуш*** - нерселер менен процесстердин үстүрт, сырткы, салыштырмалуу туруксуз, өзгөрүлмөлүү, сезим-туюмдар менен жеңил кабыл алынган жагы болуп саналат.

***Форма жана мазмун.***
***Форма*** – системанын ырааттуулук, ирээттүүлүк принциби, анын мазмунунун жашоо ыкмасы.
***Мазмун*** – нерсенин, кубулуштун же процесстин тибин, мүнөзүн аныктаган элементтер менен алардын өз ара аракеттенүүлөрүнүн жыйындысы.

***Себеп жана натыйжа.***
Себеп ылайыктуу өзгөрүүлөрдү пайда кылган заттардын бир же бир нече элементтеринин өз ара аракеттерин көрсөтөт.
Натыйжа – өзгөрүү, өз ара аракеттешкен заттарда, элементтерде пайда болгон өзгөрүүлөр. Бир эле себеп бир канча натыйжа бериши мүмкүн. Себеп ички жана сырткы болуп экиге бөлүнөт

***Жекелик, өзгөчөлүк, жалпылык.***
***Жекелик*** – ал өзүнө окшош, тектеш нерселер менен процесстердин өзүнө гана мүнөздүү болгон касиеттери, мейкиндиктин жана убакыттын параметри менен айырмаланган айрым нерсени же процессти мүнөздөйт.
***Өзгөчөлүк*** – ар бир нерсе өзүнө гана таандык индивидуалдык сапаттарга, касиеттерге ээ, ал ушул индивидуалдуулугу менен айырмаланат. Эки окшош бирок, бирдей бир да нерсе же кубулуш болушу мүмкүн эмес.
***Жалпылык*** – айрым же жеке нерселердин окшоштугу, алардын бирдейлиги, байланыштардын тигил же бул топко же системага таандык болушу.

**Диалектиканын категориялары (уландысы)**

**Бүтүн жана бөлүк**

**Бүтүн** – бул мыйзам ченемдер жана интегративдүү касиеттер менен мүнөздөлгөн өз ара байланыш, бөлүктөрдүн биримдиги. Жаңы интегративдүү касиет пайда болгон жерде гана бүтүн болот.

**Бөлүк** – бул бүтүндүн элементи. Бүтүн жана бөлүк өз ара органикалык байланышта. Бүтүндүн жаратылышы, маңызы, сандык жана сапаттык мүнөзү аны түзүп турган бөлүктөрдөн көз каранды. Бөлүктөр бүтүндүн таасиринде болушат.

**Элемент, структура, система.**

**Элемент** – бул өз алдынча, өз ара аракеттерге катышкан, бүтүндүк системаны түзгөн жана белгилүү функцияны аткарган компоненттер.

**Структура** – элементтердин байланыштарынын салыштырмалуу туруктуу системасы. Элементтер менен структура органикалык байланышта, бирин-бири өз ара шарттап турушат. Элементтердин сан жана сапат жагынан өзгөрүшү структуранын өзгөрүшүнө алып келет.

**Система** – бул элементтердин жана структуранын биримдиги. Курчап турган дүйнөнүн нерселери жана процесстери өзүнчө система. Өнүгүү баскычында системалар улам өзгөрүүгө дуушар болушат, жаңы системалар пайда болуп турат.

Элемент, структура, система категориялары курчаган дүйнөнүн татаал объектилерин окуп үйрөнүүдө колдонулуучу компоненттер жана таанып билүүнүн каражаттары болуп саналат.

**Мүмкүндүк жана чындык.**

**Мүмкүндүк** – бул боло турган нерсе, чындыктын жаралышындагы өбөлгөлөр. Керектүү шарттар бар кезде мүмкүндүк чындыкка айланат.

**Чындык** – бул реалдуу жашап турган дүйнө, анын нерселери, процесстери, кубулуштары, башкача айтканда жаратылыш, бүткүл дүйнөлүк тарых, адам, маданият ж.б. Чындык ал өз ичине мүмкүндүктүн бардык түрүн, этабын жана жыйынтыгын камтыйт. Чындыктын өзүндө мүмкүндүк турат.

Суроо 37. **Диалектиканын альтернативалары**

**Диалектиканын альтернативалары**

***Метафизика*** - диалектикага карама-каршы ыкма, мында дүйнөнүн бүтүндүгү, тааным, ойлоо, өнүгүүнүн багыты менен жаңынын байланышы, сандык жана сапаттык өзгөрүүлөр, өнүгүүнүн себептери сыяктуу суроолорду түшүнүүдө пикир келишпейт.

***Метафизиканын диалектикадан айырмачылыктары***

- эски менен жаңынын байланышы жөнүндөгү маселеде: эгер диалектика эски менен жаңынын ортосунда байланыш болот деп эсептесе, метафизика аны четке кагып, жаңы эскини толук сүрүп чыгарат деп эсептейт;
- кыймылдын себеби жөнүндөгү маселеде: метафизика боюнча кыймыл материяны өзүнөн эмес, тышкы күчтөрдүн себебинен чыгарат;
- сан менен сапаттын өз ара байланышын көрбөйт; сан сандык өзгөрүүлөргө (көбөйүү, азайуу ж.б.), сапат сапаттык өзгөрүүлөргө(өзү эле начарлайт, жакшырат) өзгөрүшөт;
- кыймылдын өнүгүшүнүн багыты жөнүндөгү маселеде: эгер диалектика өнүгүү негизинен жогору карай спираль түрүндө ишке ашат десе, метафизика болсо өнүгүүнүн түз сызыктуу же айлана боюнча, же болбосо таптакыр багыты жок деп эсептейт;
- ойлоо системасы жөнүндө: диалектикалык ойлоо «тезис-антитезис» кадамдары менен түшүндүрүлсө, метафизикалык ойлоо «же-же» , «бул болбосо, демек - тигиниси» дегендей формулага таянат, метафизикалык ойлоо ийкемдүү эмес жана бир жактуу;
- курчап тургун чындыкка болгон мамилеси: диалектика дүйнөнү көп түрдүү, көп кырдуу деп билет; метафизика болсо - бир түрдүү «ак-кара» принцибинде көрөт;
- таанып-билүүгө мамилеси: диалектика боюнча таанып-билүү абсолюттук акыйкатка карай ырааттуу жана максаттуу багытталган процесс, ал салыштырмалуу акыйкат билимдердин ырааттуу өнүгүшү аркылуу жүрөт, метафизика боюнча абсолюттук акыйкатты сезимдер менен тажрыйбадан үстөм турган «акыл-эстүү» ыктардын жардамы астында шарт эле таанып-билүүгө болот;
- курчап турган дүйнөгө мамилеси: диалектика дүйнөнү бир бүтүндүктө жана өз ара байланышта көрсө, метафизика нерселер менен кубулуштардан гана турат деп эсептейт.

**Диалектиканын альтернативалары**

***Терс (сынчыл) диалектика*** диалектиканын жалпы кабыл алынган постулаттарын четке кагып, дүйнөгө жана өзүнө сынчыл көз менен карайт. Негиздөөчүлөрү жана көрүнүктүү өкүлдөрү болуп Теодор Адорно(1903-1969), Жан-Поль Сартр (1905-1980) эсептелишет.

***Негизги идеялары***

- диалектика терс (сынчыл) гана боло алат, ал эскиге сын көз менен карап, эскиге көп көңүл бурбашы керек;
- диалектика дайыма, ар бир нерседе, кубулушта сын үчүн шылтоо издеши керек, бардыгына күмөн санап, сындап, бардыгын танышы керек;
- жаңы эскини толук бойдон жана кайрылгыс түрдө четке кагышы керек жана ошол эле кезде шарт эле сындалышы керек, муну менен андан да жаңыны издөөгө өтүшү керек ( башкача айтканда диалектика дайыма алдыга гана жүрүп, бир орунда токтоп калбастан, бардык тоскоолдуктарды жеңиши керек);
- терс (сынчыл) диалектика объективдүү мааниге ээ эмес, ал аң-сезимге гана тиешелүү, анткени аң-сезим гана бардыгын четке кагат жана сындай алат;
- танууну тануу эч качан оң мүнөзгө өтпөөсү керек, чындыктын бардык кубулуштарын дайыма тануу керек жана сындоо зарыл.

***Диалектиканын альтернативалары (уландысы)***

**Диалектиканын альтернативалары**

⇒ **Өз алдынча теория катары эсептелинбеген, диалектикага альтернатива катары ыкмалар**

⇒

- Софистика – логиканын эрежелерин бузуу менен, башты айландырган, далилдерге таянбаган, логикалык жактан туурадай көрүнгөн жыйынтыктарды чыгаруу ыгы.
- Релятивизм – таанып билүүнүн даяр жыйынтыктарын интерпретациялоо.
- Эклектика – бул ыкма өзү каалагандай баш аламан ойлорго негизделген, бирдиктүү башталыш түшүнүгү, системасы жок, жыйынтыгында үстүртөн чындыкка окшош тыянакка негизделет.
- Догматизм – курчап турган дүйнөнү эскирген, сенек, далилдерсиз, жогорудан же кудай тарабынан берилген деген жана ал түшүнүктөрдү абсолюттук акыйкат катары кабыл алуу.

Суроо 38. **Философиядагы адам проблемасы**

1. ***Философиянын тарыхындагы адам жөнүндөгү негизги концепциялар***

**Философиянын тарыхындагы адам жөнүндөгү негизги концепциялар**

Мифологиялык жана диний-идеалисттик көз караштар

✓ **Жандуулук:**
Адамдын маңызы анын жаны – аң-сезими, акыл эсинин бар экендиги менен түшүндүрүлүп, жан адамга кудай тарабынан берилген маңыздын көрүнүшү катары эсептелинет.

Кайра Жаралуу доорундагы жана немец классикалык философиясы

✓ **Ишмердүүлүк:**
Аталган философиялык типтерде адамдын маңызы анын ишмердүүлүгү, активдүүлүгү, эркиндиги менен түшүндүрүлүп, мында ишмердүүлүктүн рухий жагына көбүрөөк басым жасалат.

Диалектикалык-материалисттик философия

✓ **Социалдуулук:**
Бул философия материалдык жана рухий ишмердүүлүктөрдү айырмалап карап, адамдын маңызында материалдык – практикалык ишмердүүлүктүн ролуна басым жасайт. Рухий ишмердүүлүккө болгон жөндөм социалдык шарттарда, коомдук практиканын өнүгүшү менен калыптанып, өнүгөт деп эсептеп, адамды социалдык жандык катары көрсөтөт.

**Философиялык антропология** – адам философиясы, XX к. өзүнчө илим катары бөлүнүп чыкты.

Адам ошол эле кезде биологиялык организм болуу менен, үч жолу "туулат":
- Биологиялык
- Социалдык
- Рухий

Азыркы кезде бул илим адамдагы негизги мүнөздөрдү бөлүп карайт:
- Жандуулук
- Ишмердүүлүк
- Социалдуулук

## *2. Антропосоциогенез проблемасы*

**Антропосоциогенез проблемасы –** (лат.: антропос – адам, социо – коом) адам менен коомдун келип чыгышы жана калыптанышы, адамдын биосоциалдык жандык катары калыптанышы жөнүндөгү проблема.

Негизги концепциялар

### Теисттик (диний) мамиле

Христиан, ислам ж.б. диндер боюнча адам Кудай тарабынан жаратылган, ал Кудай орноткон мыйзамдар боюнча, ал жараткан жаратылыштын мыйзам ченемдүүлүктөрүнө баш ийип жашайт. Адам "жогорку" көрсөтмөлөргө ылайык жашайт, бирок, тандоо эркиндигине ээ: күнөө жолун (адамгерчиликсиз жана антисоциалдык жүрүш-туруш) же рухий жанынын сакталуу жолун (адамгерчиликтүү, ыймандуу жүрүш-туруш).

### Эмгек теориясы же эволюциялык мамиле

Англиялык табият таануучу Ч.Дарвиндин ("Адамдын келип чыгышы жана табигый тандоочулук" эмгеги) жандуулардын эволюциялык өнүгүшү жөнүндөгү теориясына таянып, адамдын келип чыгышын жандуу жаратылыштын эволюциялык өнүгүшүнүн уландысы катары карайт. Антропосоциогенез процессиндеги негизги факторлор катары эмгек жана тил эсептелинет.

### Космикалык мамиле

Бул мамиле өзүнө бир катар көз караштарды камтыйт. Мисалы, адам Жерде башка планеталардын кийлигишүүсү менен пайда болгон: башка планеталыктар атайын бир максатты көздөп, жерге генетикалык өзгөртүлгөн акыл эстүү жандыктарды алып келишкен, же космикалык кораблдин авариясынан жерде калууга аргасыз болуп, жапайыланып, андан ары тукум улап кала беришкен ж.б.

### 3. *Адамдын табияты жөнүндөгү проблема*

**Адамдын табиятын чечмелеген концепциялар**

| **Биологизатордук** | **Социологизатордук** | **Адамдагы социалдык жана биологиялык жактарды синтездеген концепция** |
|---|---|---|
| Аталган концепция боюнча анын маңызын ачуучу сапаттар катары жаратылыштык – биологиялык сапаттар эсептелет. Адамдын жашоосу, жүрүш-турушу, индивидуалдык жана коомдук сапаттары, рухий өзгөчөлүктөрү биологиялык факторлор аркылуу шартталат деп эсептешет. Ага төмөндөгү багыттар кирет: расизм, социал-дарвинизм, социобиология, психологизм, натурализм, волюнтаризм, натуралисттик дуализм ж.б. | Адамдын табияты толук бойдон социалдык катары түшүндүрүлөт. Бул концепция адамдагы биологиялык башталманын ордун жокко чыгарат же ага жете баа бербейт. “Адам адамдык (социалдык) сапаттарды өздөштүрүү жөндөмдүүлүгү менен туулат” деп эсептешет бул концепциянын өкүлдөрү. Ошентип, адамдын биологиялык жагы тигил же бул социалдык идеалды түзүү үчүн чийки материал катары гана түшүнүлүп анын жүрүм-турумуна, интеллектине, чыгармачылык жөндөмүнө эч кандай таасир этпейт дешет. Ага төмөндөгү багыттар кирет: конвенционализм, социологизм, панлогизм, социологиялык дуализм ж.б. | Бул концепция адамды биологиялык жана социалдык жактардын татаал синтези катары кароого умтулат: адам бир эле мезгилде эки дүйнөнүн – жаратылыш жана коомдун мыйзамдары менен жашайт. Бирок, баары бир негизги адамдык сапаттар (ойлоого, практикалык иш аракетке болгон жөндөмдүүлүк) социалдык мүнөзгө ээ. Анткени алар адамга табияттан берилбейт, адамдын социалдашуусунун таасири астында калыптанат. Мисалы, адам социалдашып, “адамча” тамактанат, жаратылыштык жактар социалдык технологиялар менен өркүндөтүлөт. Өз кезегинде адамдагы биологиялык жактар социалдык жактарды шарттташат. Өкүлдөрү: Фролов И.Т., Дубинин Т. ж.б. |

**Адам жөнүндөгү биологизатордук концепция**

- ✓ **Расизм:** адамдын табияты анын расалык таандыктыгы менен аныкталат.
- ✓ **Социал-дарвинизм:** жогорку катмардын өкүлдөрү коомдо алдыңкы орунда турушат, анткени алар жаратылышынан башкалардан жогору өнүгүшкөн.Өкүлдөрү: Мальтус ж.б.
- ✓ **Социобиология:** адамга тиешелүү болгон көпчүлүк жүрүш-туруш стереотиптеринин формалары башка сүт эмүүчүлөргө да тиешелүү, демек, адам жаныбарлар менен бирдиктүү табиятка ээ. Өкүлү: Э. Уильсон ж.б.
- ✓ **Психологизм:** адамдар табияты боюнча ар түрдүү, адамдын маңызын анын психологиялык өзгөчөлүгү түзүп турат. Адамга жалпы социалдык идеалдарды таңуулабастан, алар кандай болсо, ошондой кабыл алуу керек. Өкүлдөрү: А.Шюц ж.б.
- ✓ **Натурализм:** адамдын маңызы жаратылыш мыйзамдары (климат, географиялык чөйрө ж.б.) аркылуу аныкталат. Өкүлдөрү: Жан Моно, Беррес Скиннер, Конрад Лоренц.
- ✓ **Волюнтаризм:** адамдын маңызы анын «бийликке болгон эркинде». Ал адамдын бүткүл жүрүш-турушун аныктайт. Өкүлдөрү: Шопенгауэр, Ницше ж.б.
- ✓ **Натуралисстик дуализм:** ага адамдын материалдык жана рухий болгон эки дүйнөдө жашоосун камсыз кылган эки деңгээлдик маңызы жөнүндөгү диний окуулар киришет. Мисалы: индуизмдеги реинкарнация түшүнүгү ж.б.

**Адам жөнүндөгү социологизатордук концепция**

- ✓ **Конвенционализм:** адамдардын жашоосу жана жүрүш-турушу илимпоздорддун өз ара конвенциясынын (келишиминин) негизинде кабыл алынган эрежелер менен шартталат. Өкүлдөрү: К. Поппер, Т.Кун, И. Лакатос, П.Фейерабенд ж.б.
- ✓ **Социализм:** бул вульгардык-материалистик концепция, адамдагы жаратылыштык негизди танат: Белгилүү бир социалдык шарттарга жараша каалгандай адамды жасап алууга болот. Өкүлдөрү: В.Льеонтев, В.М. Шулятиков ж.б.
- ✓ **Панлогизм:** дүйнөлүк логика же дүйнөлүк акыл эс жашайт. Логиканын (ойлоонун) мыйзамдары – дүйнөнүн калыптануусунун мыйзам ченемдүүлүктөрү. Адам дүйнөлүк акыл эстин идеяларынын ишке ашышы.
- ✓ **Социологиялык дуализм:** адамдагы инстинктивдик энергиялар амоэралдуу жана аларды кармап турууга болбойт, о.е. алар табияты боюнча иррационалдуу. Акыл, аң-сезим эмес, ошол инстинктивдүү энергиялар адамдын жүрүш-турушу менен ишмердүүлктөрүнүн башкы стимулу болуп эсептелишет. Өкүлдөрү: З. Фрейд ж.б.

***4. Адамды жаныбарлардан айырмалап турган сапаттар.***

| |
|---|
| ✓ Жаныбар айлана-чөрөгө карай ыңгайлашат, адам болсо чөйрөнү өзүнө ыңгайлаштырып түзө алат; |
| ✓ Жаныбар физиологиялык керектөөлөрүнө баш ийип аракеттенет, адам болсо коомдук керектөөлөргө ылайык жаратылышты өзгөртө алат, адам физиологиялык керектөөлөрүн да «адамча» канааттандырат, андан сырткары анын рухий керектөөлөрү да бар, б.а. адамдын социалдык жактан шартталган керектөөлөрү бар; |
| ✓ Жаныбар жашоо жолун жана чөйрөсүн өзгөртө албайт, адам тынымсыз жашоо жолун жана чөйрөсүн (суу, суунун асты, жердин асты, аба, космос) кеңейтип барат; |
| ✓ Жаныбар эмгек куралдарын эпизодикалык колдонот, адам болсо эмгек куралдарын таш куралдарынан бүгүнкү жогорку техникаларга чейин өнүктүрдү; |
| ✓ Жаныбар инстинкттерге жана курчап турган дүйнөнү сезимдик кабыл алууга негизденип жашайт. Адам аң-сезимге, акыл-эске, ой жүгүртүүгө ээ болуу менен, социалдык маанилүүлүк сезими менен жашайт; |
| ✓ Жаныбар өзүнүн аракеттеринин түздөн-түз пайдалуулугуна умтулат, адам болсо адеп-ахлактык, эстетикалык баалуулуктарды түзө алат, чыгармачылык жөндөмдүүлүгүнө ээ. |

***5. Адам жана инсан жөнүндө жалпы түшүнүк***

***Адам*** – бир жагынан биологиялык башталмадагы (жогорку сүт эмүүчүлөргө окшош), экинчи жагынан аң сезимдүү, терең абстрактуу ойлонууга, сүйлөөгө (жаныбарлардан айырмаланып), эмгекке, коомдук жашоонун жогорку деңгээлин, маданияттын жетишкендиктерин өздөштүрө билүүгө жөндөмдүү өзгөчө жандык, жаратылыштын кубулушу.

⇕

***Инсандын нормалдуу өнүгүүсүн шарттоочу факторлор***

⇩

***Инсан*** – бул адамдын тубаса жана социалдык чөйрөдөн үйрөнгөн жана өнүктүргөн сапаттары, билимдердин, баалуулуктардын, максаттардын жыйындысы. Демек, адам – бул биологиялык-социалдык биримдиктеги жандык.

⇩

- коомдогу жашоо, өнүгүү жана тарбия – бул инсан катары калыптанууга мүмкүн болгон сапаттарды камтыган, адамдын нормалдуу өнүгүшүнө негизги шарт;
- биологиялык индивидден биологиялык-социалдык инсанга айланууда эмгек жана практика эң чоң мааниге ээ. Адамдын жөндөмүнө ылайык, кызыгуусуна жараша жана өзүнө да, коомго да пайдалуу иш менен аракеттенүүсү анын өзүнүн инсандык сапаттарын ачып көрсөтүүгө мүмкүндүк берет.

***Философиядагы белгиленген инсандык сапаттар.***
***(тубаса жана үйрөнгөн адаттар, жүрүм-турум жана ойлоо образы)***

| ***Позитивдүү (оң моралдык сапаттар)*** | ***Коомдогу терс моралдык сапаттар*** | ***Коомдук пайдалуу сапаттар*** |
| --- | --- | --- |
| ✓ гумандуулук; | ✓ кекирейгендик; | ✓ эркт үүлүк; |
| ✓ адамгерчилик; | ✓ бети-жоктук; | ✓ чечкиндүүлүк; |
| ✓ ар-намыстуулук; | ✓ оройлук; | ✓ акылмандык; |
| ✓ уяттуулук; | ✓ коркоктук; | ✓ билгичтик; |
| ✓ токтоолук; | ✓ арамдык; | ✓ ишенимдүүлүк; |
| ✓ кең пейилдик; | ✓ алдамчылык ж.б. | ✓ патриоттуулук; |
| ✓ адилеттүүлүк; | | ✓ принципиалдуулук ж.б. |
| ✓ ишенимдүүлүк; | | |
| ✓ жөнөкөйлүк ж.б. | | |

## 6. *Кызыгуулардын жана керектөөлөрдүн классификациясы.*

Ар бир адамга, инсанга мүнөздүү белги бул- ***керектоолордун жана кызыгуулардын*** болуусу. Ар түрдүү даражадагы кызыгуулардын жана керектөөлөрдүн болушу, алардын чыр-чатагы, күрөшү коомдун өнүгүшүнүн ички кыймылдаткычы б.с. Бирок, кызыкчылыктардын ар түрдүүлүгү ашынган антогонисттик, жок кылууга (адамды, тапты, мамлекетти ж.б.) багытталбаган учурда же, жалпы кызыкчылыкка үндөш болгондо гана өнүгүүгө алып келет.

***Керектоолор*** – адамдардын тигил же бул иш - аракетин жүзөгө ашырууга түрткү берүүчү негиз. Керектөөлөрдү канааттандыруу – адамдын бактысынын маанилүү компоненти. Ар бир коомго деңгээлине жараша керектөөлөр жана аны канааттандыруу мүмкүнчүлүктөрү тиешелүү. Коом канчалык өнүксө, керектөөлөрдүн сапаты ошончо жогору болот.

- ***Биологиялык*** (табигый) – жашоону сактоо, азыктануу, көбөйүү ж.б.
- ***Коомдо калыптануучу***
  - ***Рухий*** – ички дүйнөсүн байытуу, маданий баалуулуктарды үйрөнүү;
  - ***Материалдык*** – жетиштүү деңгээлдеги жашоону камсыз кылуу;
  - ***Социалдык*** – кесиптик жөндөмдүүлүгүн көрсөтүп, коом тарабынан ылайыктуу баа алуу.

***Кызыгуу*** – кандайдыр бир нерсеге кызыгуу, керектөөлөрдүн конкреттүү көрүнүшү, берилиши

- жеке;
- топтук;
- таптык же катмардык(социалдык топтордун кызыкчылыгы – жумушчулар, мугалимдер, банкирлер ж.б.);
- коомдук (жалпы коомдук, мисалы, коопсуздук, укук тартиптик);
- мамлекеттик;
- бүткүл адамзаттын кызыкчылыгы (М: ядролук согушту, экологиялык катострофаны болтурбоо ж.б.).

- материалдык жана рухий;
- нормалдуу жана нормалдуу эмес;
- жакынкы жана алдыдагы, келечектеги; ;
- чечилүүчү жана чечилгис;
- жалпы жана антогонисттик (жеке келишпес);

## 7. *Социалдык нормалар жана алардын инсанга таасири.*

**Социалдык нормалар – адамдардын жүрүм-турумун жөнгө салуучу коомдогу эрежелер.**

***Коом үчүн социалдык нормалардын мааниси***

- коомдогу тең салмактуулукту, тартипти сактайт;
- адамдагы биологиялык жашыруун инстинктти басат, адамды «маданиятташтырат»;
- адамдын коомдук жашоого ылайыкташуусуна же социалдашуусуна жардам берет.

***Моралдык нормалар*** - адамдын жалпы жүрүм-турумдарын жөнгө салат, алар, баарыбызга белгилүү коомдук мамилелердин чоң чөйрөсүн ичине камтыйт; бардык адамдар же көпчүлүк тарабынан кабыл алынат; коом жана адам анын абийири моралдык нормалардын талаптарын аткаруучулар гана эмес, ошондой эле аны бузуучулар да, айыптоочулар да болуп эсептелет.

***Топтук нормалар*** – чакан топтогу коллективдин жүрүм-турумун тартибин жөнгө салуучу өзгөчө нормалар (м: секталардын, кылмышкер топтордун, дос компаниялардын нормалары ж.б.).

***Атайын (кесиптик) нормалар*** – тигил же бул кесиптин өкүлдөрүнүн жүрүм-турум тартибин жөнгө салышат (м: артисттердин, аскер кызматчыларынын, медицина кызматкерлеринин, дипломаттардын, убактылуу жалданып иштегендердин өз-өзүнө тиешелүү жүрүм-турум нормалары болот ж.б.).

***Укук нормалары***

***Өзгөчөлүктөрү***

- мамлекеттин укуктук өзгөчө органдары тарабынан бекитилет;
- жалпыга милдеттүү мүнөзгө ээ;
- формалдуу аныкталган (жазуу түрүндө так белгиленген);
- коомдук мамиленин так аныкталган чөйрөсүн жөнгө салат (жалпы эле коомдук мамилени эмес);
- мамлекеттин аргасыздоо күчү менен бекемделген (укуктук нормаларды бузган адамдарга зордуктоону колдонуу, мыйзам жол бергендей атайын мамлекеттик органдар тарабынан санкциялар берүү мүмкүнчүлүгү ж.б.).

### *8. Ишмердүүлүк жана анын индивиддин инсанга айлануусундагы мааниси.*

**Ишмердүүлүк** – системалуу, бүтүн, ирэттүү, белгилүү жыйынтыкка багытталган аракет.

⇕

***Эмгек ишмердүүлүктүн негизги түрү***

***Өзгөчөлүктөрү***

- Учурдагы өнүккөн коомдо эмгек – эң жогорку социалдык баалуулук;
- Адамды эмгектен, эмгек куралдарынан жана эмгек жыйынтыктарынан бөлүп кароо мүмкүн эмес. Коомго, адамдын өзүнө пайда алып келген эмгек адамдын потенциалынын өсүшүнө көмөкчү болот;
- Эмгек - адамдын аң-сезиминин, жөндөмдүүлүктөрүнүн калыптанышында жана өнүгүшүндө бүтүндөй эволюцияда өзгөчө роль ойногон;
- Эмгектин натыйжасында гана адам курчаган чөйрөдөгү жаныбарлар дүйнөсүнөн бөлүнүп, жогорку деңгээлдеги коомду түзө алды;
Эмгек адамдын негизги белгиси жана жашоо жолу.

*9. Инсандын турмуштук позициясы жана анын түрлөрү.*

**Турмуштук позиция** – бул инсандын оюнан жана аткарган ишинен көрүнгөн курчаган чөйрөгө кылган мамилеси.

***Пассивдүү ( конформисттик*** - латын сөзү макул жүрүм- туруму) турмуштук позиция - шартка жараша курчап турган дүйнөгө баш ийүүгө багытталган.

- авторитардык жүрүм - турум (адам таасирлүү же өкүмчүл адамдын же жетекчинин жүрүм - турумунан, көз карашынан багыт алат);
- топтук жүрүм-турум (топтун башка мүчөлөрү сыяктуу эле, жеке адам топто кабыл алынган жүрүм - турум нормаларын бекем карманат);
- коомдук жүрүм- турум ("агым менен агуу"- жеке индивид коомдун нормаларына баш ийет), бул жүрүм-турум тоталитардык мамлекеттердин атуулдарына мүнөздүү болот.

***Активдүү турмуштук позиция-*** ситуацияны контролдоого, курчаган дүйнөнү кайра өзгөртүп түзүүгө багытталган.

- активдүү топтун лидерине баш ийет, бирок, өз алдынча көз карашка, жүрүм-турумга ээ;
- топтун, коллективдин лидери болууга умтулат, бирок коомдун нормаларына баш ийет;
- коомдук нормаларды тоготпой жана коомдук эмес– кылмышкер, бандалык же башка бирикме топтордо "өзүн көрсөтүүгө" активдүү умтулат;
- коомдун нормаларын кабыл албоо, бирок өз алдынча курчап турган чындыкты өзгөртүүгө умтулуу (мисалы: революционерлер, Ленин жана башкалар).

### *10. Инсанды тарбиялоо.*

Тарбия – индивидди социалдык нормаларга, рухий маданиятка тартуу, аны эмгекке жана келечек турмушка даярдоо.

***Өзгөчөлүктөру***

- Инсанды тарбиялоо - адамдын коомдо калыптанышы, ошол коомго ылайыкташып жашоосу үчүн зарыл .
- Тарбияны, эреже катары ар түрдүү коомдук институттар беришет: үй-бүлө, мектеп, досторунун тобу, армия, эмгек коллективи, ЖОЖ, кесиптик бирикмелер, бүтүндөй коомчулук;
- Тарбиячы катары, айрым жеке адамдар мисал болушу мүмкүн; м: мектептин мугалими, авторитеттүү курдашы, командир, жетекчи, саясий ишмер, маданий дүйнөнүн өкүлү ж.б.
- Учурдагы коомдо инсанды тарбиялоодо массалык маалымат каражаттар өтө чоң ролду ойнойт, ошондой эле материалдык жана маданий рухий жетишкендиктер (китеп, көргөзмө, техникалык каражаттар жана башка) чоң кызмат аткарат.

***Тарбиянын максаты***

- адамды коомдогу жашоого даярдоо (материалдык, рухий маданиятты, тажрыйбаны өткөрүп берүү);
- инсандын коомдук баалуу сапаттарын өнүктүрүү;
- коомдогу терс таасирлүү сапаттарды азайтуу, жок кылуу, өчүрүү;
- адамды эл менен мамиле түзүүгө үйрөтүү;
- адамды эмгектенүүгө үйрөтүү.

Суроо 39. **Коом.**

***1. Коомдун жашоосунун негизги чөйрөлөрү.***

**Коом** – бул жашоо территориясы, доору, маданияты, каада-салттары боюнча бириктирилген адамдардын жашоо жана ишмердүүлүк системасы. Коом – ички түзүлүшкө, бүтүндүккө, өзүнүн мыйзамдарына, өнүгүү багытына ээ объективдүү реалдуулук, бытиенин жашоо формасы.

***Коомдук бытиенин жактары***

- объективдүү жагы - адамдын эркинен жана аң-сезиминен сырткары жашайт (адамдардын керектөөлөрү, жашоо шарттары, материалдык өндүрүштүн абалы ж.б. у.с.);
- субъективдүү жагы – адамдардын эрки жана аң-сезими, алардын коомго болгон мамилелери, умтулуулары, көз караштары.

***Коомдун жашоосунун негизги чөйрөлөрү***

- экономикалык;
- социалдык;
- саясий;
- рухий;

Коомдук бытиенин элементтери

- коомду курчап турган чөйрө, жаратылыш;
- калк, анын жыштыгы;
- материалдык байлыктарды өндүрүү.

## *2. Экономикалык чөйрө.*

**Экономикалык чөйрө - коомдун жашоосун аныктоочу, базалык чөйрөсү**

**Түзүүчүлөрү**

- өндүрүш;
- бөлүштүрүү;
- алмашуу;
- материалдык байлыктарды пайдалануу (экономикалык чөйрөнүн мазмуну).

**Формалары.**

- ***Экономикалык мейкиндик*** – мында чарбалык жашоо өтөт;
- ***Экономиканы башкаруу институттарынын ишмердүүлүктөрү;***
- ***Материалдык байлыкты өндүрүү жолу***

***Өндүргүч күчтөр*** - билимдерге, эмгек ыктарына, тажрыйбага ээ адамдар жана өндүрүш каражаттары. Өндүрүш каражаттары өз ичине: сырьену, материалдарды, имарат, эмгек шаймандарын, транспортту ж.б. камтыйт, алардын жардамы менен өндүрүш ишке ашат.

***Өндүрүштүк мамилелер*** – өндүрүш процессинде адамдардын ортосунда түзүлүүчү мамилелер.

- менчикке карай мамиле, өзгөчө өндүрүш каражаттарына карата. Бул өндүрүштүк мамиленин аныктоочу элементи, ким өндүрүш каражаттарынын ээси болсо, ал кожоюн катары өз шарттарын коет, менчикке ээ болбогондор менчик ээлерине өз кызматтарын эмгек акыга сунушташат;
- эмгекти бөлүштүрүүдөгү ишмердүүлүктү алмашуу мамилеси;
- өндүрүлгөн материалдык байлыкты бөлүштүрүү мамилеси.

***Материалдык өндүрүштүн мааниси*** (коомдун жашоосунун экономикалык чөйрөсүнүн).

- коомдун жашоосуна материалдык базаны түзөт;
- коомдун алдында турган бир катар проблемаларды чечүүгө мүмкүндүк берет;
- социалдык структурага түздөн-түз таасирин тийгизет (таптарга, социалдык топторго);
- саясий процесстерге таасирин тийгизет;
- рухий чөйрөгө таасирин тийгизет – түздөн-түз мазмунга жана формасына: рухий чөйрөнү алып жүрүүчүлөр (мектептер, библиотекалар, театрлар, китептер ж. б.).

## 3. *Социалдык чөйрө*

**Социалдык чөйрө** - (социалдык топтор, улуттар, элдер) улуттук факторго, өндүрүш каражаттарынын менчиктештирилишине, эмгектин бөлүштүрүлүшүнө негизделген коомдун ички түзүлүшүнүн системасы.

Коомдун социалдык чөйрөсүнүн маңызын түшүнүүдөгү негизги мамилелер

***Таптык*** – бардык коомдор чоң топторго - таптарга бөлүнүшөт (эреже катары менчик ээлерине жана менчиксиздерге, көп учурда антагонисттик таптарга, алардын ортосунда таптык күрөш жүрүп турат) бул көз караш марксисттик философияда кеңири таралган;

***Стратификациялык*** – коом бир канча анча чоң эмес социалдык таптардан турат. Алар экономикалык, кесиптик, саясий белгилери боюнча айырмаланышат жана бирин-бири толуктап, бири-бири менен алакада болушат, Батыш философиясына мүнөздүү.

***Коомдун социалдык түзүлүшүнүн негизги элементтери.***

- *Социалдык-таптык* же *катмардык жалпылыктар* ага таптар, катмарлар, страттар киришет, бул жалпылыктар экономикалык себептен келип чыгышат. Ошондой эле сословиелерди да кошсо болот, алар экономикалык гана эмес, традициялык да бөлүнүүгө ээ;
- *социалдык-этникалык жалпылыктар* – урук, уруу, эл, улут;
- *социалдык-демографиялык жалпылыктар:* жаратылыштык белгиси боюнча (эркектер, аялдар, жаштар, карылар, расалар жана башкалар), жашоо образы боюнча (шаардыктар, айылдыктар, маргиналдар, кара жумуш жана акыл эмгегинин өкүлдөрү жана башкалар).
- *адамдардын кичи топтору* – ар кандай эмгек коллективдери, үй-бүлө жана башкалар.

- *Социалдык жалпылык* деп коомдо объективдүү түрдө түзүлүүчү, жалпы кызыкчылыктары жана ишмердүүлүк чөйрөсү, психологиялык мүнөздөмөлөрү, жашоо образы, жана ушул сыяктуу башка жалпылыктарга ээ болгон адамдардын бүтүн бир түзүлүшүн айтабыз.

**Социалдык чөйрө (уландысы)**

***Социалдык мобилдүүлүк*** – бир социалдык топтон экинчи социалдык топко өтүү мүмкүнчүлүгү (мисалы, жумушчу – интеллигентке, интеллигент – жеке ишкерликке ж.б.у.с.).

***Өзгөчөлүктөрү***

Социалдык мобилдүүлүк – коомдун нормалдуу жашоосунун негизи, ар бир адамдын өзүн көрсөтүү мүмкүнчүлүгү. Төмөнкү социалдык мобилдүүлүк тоталитардык мамлекеттерге жана өтө терең экономикалык, саясий, рухий сенектиктеги мамлекеттерге мүнөздүү;

Экинчи жагынан жогорку социалдык мобилдүүлүк демократиялык, динамикалык өнүгүүдөгү коомдорго жана революция же реформа жолундагы коомдорго мүнөздүү;

Социалдык мобилдүүлүк төмөн – болгон жогорку деңгээлдеги демократиялык өлкөлөрдө, жашоонун жогорку деңгээлинде страттардын бири -бирине өтүүсү өтө татаал же мүмкүн эмес. Бул коомдун кичинекейлиги (чакандагы), анын мүчөлөрүнүн бири- бирине бекем байланышы, каада- салттын күчү, коомдогу орундардын "бош эместиги" менен түшүндүрүлөт.

***Батыштын социалдык мобилдик коомдорунун түрлөрү.***

- жогорку деңгээлдеги мобилдик өлкөлөр – АКШ, Италия, Япония;
- орточо деңгээлдеги мобилдик өлкөлөр – Канада, Великобритания;
- өтө төмөн деңгээлдеги мобилдик өлкөлөр – Голландия, Швейцария, Дания.

***Жарандык коом*** – социалдык топтордун жогорку деңгээлдеги биримдиги, моралдык салттарды, мыйзамдарды урматтаган, жалпы милдеттерди тааныган, мүчөлөрү бир бүтүндүктүн жараны катары эсептелген биримдик.

***Азыркы коомдун өнүгүү тенденциялары***

- карама-каршылыктарды, страттардын ортосундагы айырмачылыктарды азайтуу, бир кыйла бирдейликке алып келүү;
- түзүлүштү татаалдаштыруу – страттарды өтө майда деңгээлдеги топторго майдалоо.

## 4. Саясий чөйрө.

**Коомдун саясий чөйрөсү** – коомчулукка жетекчилик кылган, белгилүү бир социалдык топтордун кызыкчылыктарын коргогон уюмдардын жана мекемелердин тобу. Саясий жашоонун негизги маселеси – бийлик жөнүндөгү маселе.

***Коомдун саясий системасынын элементтери***

**Мамлекет** - коомдо бийликти жүргүзүүчү органдардын системасы (коомдун саясий системасынын башкы элементи).

***Мамлекеттин негизги функциялары***

- өкүлчүлүк (ар кандай саясий, социалдык топтордун кызыкчылыктарын көрсөтүү);
- жөнгө салуучулук (коомдогу тартипти сактоо, коомдук процесстерди башкаруу);
- коргоочулук (мамлекеттин жарандарын ички да, сырткы да коркунучтан сактоо);
- тышкы саясий (башка мамлекеттер менен болгон саясий, экономикалык байланыштары);
- интеграциялык.

*саясий партиялар;*

*коомдук уюмдар;*

*профсоюздар;*

*ар түрдүү институттар.*

## 5. Рухий чөйрө.

**Коомдун рухий чөйрөсүнүн негизги элементтери.**

- ***Рухий ишмердүүлүк*** – аң сезимдин ишмердүүлүк процессинде материалдык жана рухий дүйнө жөнүндөгү, адам жөнүндөгү элестетүүлөр жана образдардын, сезимдер жана ой-кыялдардын жаралышы.
- ***Рухий ишмердүүлүктүн натыйжасында жаралган рухий баалуулуктар: моралдык*** жана диний негиздер, илимий теориялар, көркөм чыгармалар ж.б.
- Адамдардын рухий ишмердүүлүгүнүн жүрүшүндө алардын ***рухий керектөөлөрүнө*** жараша рухий баалуулуктар жаралып, таратылып, өздөштүрүлүп, керектелип турат;
- ***Рухий мамилелер*** – элдердин ортосундагы мамилелер жана рухий баалуулуктарды бири-бири менен алмаштыруулары;
- ***Адамдын жеке аң сезими*** – бытиенин жактарын жекече кабыл алуу.

***Коомдук аң-сезим*** – элдердин коомдук практикасынан пайда болгон, алардын үй-бүлөлүк, чарбалык, өндүрүштүк жана башка ишмердүүлүктөгү сезимдери, идея, теориялары, көркөм жана диний образдары, бытиенин бардык түрлөрүн чагылдыруучу ар кандай көз караштардын жыйындысы.

***Элементтери***

- ***Күнүмдүк*** (курчап турган чындыкты коом жана анын мүчөлөрүнүн түздөн-түз кабылдоосу) жана теоретикалык аң сезим (бытиени жогорку жалпылоодо кабылдоо).
- ***Коомдук идеология*** (коомдук-саясий түзүлүштү, социалдык катмарлардын кызыкчылыгын чагылдыруучу коомдо кабыл алынган көз караштардын системасы, багыты) жана **психология** (коомдун жана андагы бүтүндөй элдердин кызыкчылыгы жана керектөөлөрү, каада-салттары, идеалдары, максаттары, сезимдери, умтулуулары жана башка).
- ***Коомдук аң-сезимдин формалары***
  - саясий;
  - укуктук;
  - моралдык;
  - илимий;
  - диний;
  - философиялык;
  - экологиялык;
  - көркөм (эстетикалык);
  - экономикалык;
  - глобалдык ж.б.

Суроо 40. **Коом жана жаратылыш.**

1. ***Жер планетасы – жашоо үчүн зарыл болгон бардык шарттардын ээси.***

| |
|---|
| ***Жаратылыш*** – кең маанисинде бүткүл материалдык дүйнө, объективдүү реалдуулук; Тар маанисинде – коомду курчап турган чөйрө, жердин белгилүү бир адам катнаш жасаган бөлүгү, чөйрөсү. Мындан ары ушул тар маанисинде карайбыз. |

| |
|---|
| ***Жердин (башка планеталарга салыштырмалуу) жашоо үчүн зарыл болгон шарттары боюнча артыкчылыгы*** |

| |
|---|
| ✔ Күн – Жер жана башка Күн системасындагы планеталар тегерегинде айланган, орточо өлчөмдөгү жана күчтөгү жылдыз. Өтө чоң (“ысык”) же өтө кичинекей (“муздак”) жылдыздардын тегерегинде жашоо мүмкүн эмес; |
| ✔ Жер Күндөн оптималдуу алыстыкта – 150 млн. км алыс жайгашкан (эгер Жер Күнгө 10-15 млн. км жакыныраак жайгашса, чөлгө айланмак, 10-15 млн. км алысыраак болсо, муз каптамак); |
| ✔ Жер орточо өлчөмгө ээ: өтө кичинекей планеталар (м: Меркурий, Плутон) өтө начар тартылуу күчүнө ээ, демек, алардын айланасында атмосфера жана башка жашоонун шарттары түзүлө албайт; тескерисинче, өтө чоң гигант планеталарда (Юпитер, Сатурн) өтө күчтүү тартылуу болгондуктан, айланасында өткөргүчтүктү кыйындаткан катмар түзүлүп, жашоонун пайда болушуна жол бербейт; |
| ✔ Жер өзгөчө атмосферага - газ, буу түрүндөгү катмарга ээ. Ал биринчиден, Жерди Күндүн жана башка радиациялардан, космостун жашоого зыян таасирлеринен коргойт; экинчиден, тирүү организмдердин жашоосу жана дем алуусу үчүн зарыл болгон кислород жана азотту алып жүрөт; үчүнчүдөн, Жердин тез ысып жана тез муздап кетишине жол бербей, температуралык тең сакмактуулукту сактайт; |
| ✔ Жерде жашоонун зарыл элементи – суу бар. |

## 2. Жаратылыштын негизги составдык бөлүктөрү.

*Жердин составдык бөлүктөрү (жаратылыштык)*

***Литосфера*** (грек.которгондо - таш катмары) – жер шарынын үстүнкү катуу катмары, ага жер кыртышы жана мантиянын (жердин ичиндеги катмар) жогорку бөлүгү кирет.

***Мааниси***

- жер бетинин катуу негизин түзөт. Жашоо жердин бетинде гана мүмкүн, жердин ичинде эрип турган масса – магма, борборунда болсо – темирлүү ядро жайгашкан;
- өзүндө пайдалуу кен байлыкттарды камтып турат;
- өзгөчө органикалык катмарга – топуракка ээ. Топурак өсүмдүктөрдүн жашоосу үчүн шарт түзөт жана алар өз кезегинде адамдар менен жаныбарларга тамак болушат.

***Атмосфера*** – жердеги газ, буу катмары. Атмосферанын катмары аябай жука. Анын көлөмүнүн 75% ы жер бетинен 10 км бийиктикке чейинки мейкиндикте жайгашкан. Андан жогору 25%ын атмосферанын суюлган катмары түзөт жана 30-50 км бийиктикке созулат, андан ары – ачык космос.

***Функциялары***

- жерди ачык космостун таасиринен сактайт;
- жерди өтө ысып кетүүдөн жана өтө муздап кетүүдөн сактайт, жагымдуу температуралык режим түзөт;
- бардык тирүү организмдердин составында болгон азоттон (80%га жакыны) жана кычкылтектен (20%га жакын) турат. Кычкылтек дем алуу үчүн зарыл жана суутек менен кошулганда сууну түзөт. Суу жандуу дүйнөнүн жашоосу үчүн зарыл шарт.

**Жердин составдык бөлүктөрү (уландысы)**

***Гидросфера*** – жердин суу бөлүгү, жердин бети менен (литосфера) атмосферанын ортосунда жайгашкан. Суу туздуу океандар, деңиздер, көлдөр, тузсуз көлдөр, дарыялар, муздар түрүндө жер бетинин 70%ын ээлеген, жер бетинин 30%ын гана материктер жана аралдар түрүндө кургактыктар түзүшөт.

***Мааниси***

- Гидросфера, атмосфера жана литосфералардын өз ара аракетинин натыйжасында жаратылышта суунун айлануусу жүрөт, бул болсо өсүмдүктөрдүн жана жандуу организмдердин нормалдуу өнүгүшүнө жана жашоосуна шарт түзөт;
- суу өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын составдык бөлүгү (м: адамдын организминин 80%ын суу түзүп турат);
- суу (океандар, деңиздер, көлдөр, дарыялар жана башкалар) суу астында жашоочу өсүмдүктөрдүн, жаныбарлардын, балыктардын жашоо чөйрөсү;
- жашоо алгач сууда жаралып, кийин гана океандар менен деңиздердин тирүү организмдери кургактыкка өтүшкөн деген божомолдор бар;

***Биосфера*** – тирүү организмдердин жашоо чөйрөсү. Биосфера кургактыктагы жана суу астындагы өсүмдүктөр менен жаныбарлар дүйнөсүн камтыган бир бүтүн байланыштагы организм.

- бүткүл литосфера жана гидросфера;
- атмосферанын төмөнкү катмары (кургактыктан 10 км бийиктикке чейин);
- жер бетинин ички катмары – 10 км тереңдикке чейин, океандардын 0,5 – 1км кошулуп.

***3. Коомдун негизги составдык бөлүктөрү.***

**Коом** – адамдардын жашоосунун жана ишмердүүлүктөрүнүн формаларынын жыйындысы, индивиддердин бирге жашоосунун бүтүн системасы (өз ара мамилелери, өз ара аракеттери, эрежелери, традициялары, маданияты ж.б.).

⇓

***Азыркы учурдагы окумуштулар тарабынан бөлүнгөн коомдун негизги составдык бөлүктөрү*** (Ферсман, Плотников, Дьяконов ж.б.).

⇓ ⇓ ⇓

| | | |
|---|---|---|
| ***Антропосфера*** - биологиялык организм катары адамдардын жашоо чөйрөсү. | ***Социосфера*** - адамдардын ортосундагы татаал коомдук мамилелер чөйрөсү. | ***Биотехносфера*** - ***(техносфера)*** адамдын жана адамзаттын техникалык таасиринин таралуу чөйрөсү. |

## Суроо 41. **Экологиялык проблема.**

### 1. *Жаратылышка антропогендик таасир.*

**Экологиялык проблема** – курчап турган жаратылышты адамдын кыйраткыч таасиринен коргоо проблемасы

жаратты

жаратылышка антропогендик таасир (башкача айтканда адамдын, анын ишмердүүлүгүнүн) азыркы учурдагы адамдардын чексиз керектөөлөрү менен чексиз илимий-техникалык мүмкүнчүлүктөрүнүн жаратылыштын чектелүү мүмкүнчүлүктөрү менен дал келбөөсүнүн проблемасы.

***Өзгөчөлүктөрү***

- Коомдун, мамлекеттин, техниканын өсүшү менен жаратылыштын адамга таасир этүү мүмкүнчүлүгү азайып, адамдын жаратылышка таасири күчөдү;
- XVI кылымдан баштап XIX кылым аралыгында бир топ адам үчүн пайдалуу илимий ачылыштар, ойлоп табуулар болуп, өндүрүштүк мамилелер алда канча татаалданды, адамдын жаратылышка таасири системалуу болуп калды. Жаратылыш адам тарабынан өз алдынча реалдуулук эмес, адамдын керектөөлөрүн канааттандыруучу сырьелук булак катары кабыл алынды;
- XX кылымда илимий-техникалык прогресс өтө тездеп, ***илимий-техникалык революцияга*** жетти, антропогендик таасир катострофалык деңгээлге жетти;
- Азыркы кезде техника дүйнөсү өз алдынча реалдуулукка айланды (жаратылыш адамдын ишмердүүлүгүнөн көз каранды болуп калды).

***Адамдын жаратылышты кыйраткыч таасиринин бир кыйла коркунучтуу багыттары***

- байлыктардын түгөнүшү – бүткүл тарыхта, өзгөчө XX кылымда адамзат пайдалуу кен байлыктарды опсуз, чектелбеген өлчөмдө казып алып, жердин ички резервдеринин өтө азаюусуна алып келди. 60- 80 жылда көмүрдүн, нефтинин, газдын запастары түгөнүшү мүмкүн;
- жердин булганышы-өзгөчө өнөр жай калдыктарынан суулар, атмосфера булганууда;
- өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүн жок кылуу, техникалык өнүгүү (жолдор, заводдор, электр станциялары жана башка) жандуу дүйнөнүн адаттагы жашоо образын бузуп, флора менен фаунанын табигый тең салмактуулугу өзгөрүүдө;
- токойлорду кыюу (токойлор атмосферанын тазаланышынын маанилүү фактору);
- атомдук энергияны колдонуу согуштук жана башка максатта жардыруулар ж.б.

## *2. Социалдык экология.*

**Социалдык экология** – илимий-техникалык прогресстин терс таасиринен адамдын, инсандын, анын ден-соолугун, бүтүндөй коомду сактоо. Бул проблемага экзистенциализм философиясында өзгөчө көңүл бурулат. (Ясперс, Хайдеггер, Камью, Сартр).

⇕

***коом менен техниканын адамга таасири***

⇩

- азыркы учурдун адамы информация ашып-ташкан коомдо, массалык маалымат каражаттарынын таасиринде жашайт (газета, телевидение ж.б). Ошондой эле азыркы адам кибернетикадан (компьютердик тармактан, цифрадан, виртуалдык реалдуулуктан ж.б.) көз каранды болуп баратат;
- урбанизация өсүүдө – азыркы кезде адамдардын көпчүлүгү шаарларда – мегаполистерде жашашат. Калктын саны 10дон 20млн.го чейин жеткен шаарларда (Мехико, Токио, Нью-Йорк, Лос-Анжелес жана башка) жогорку технология колдонулуп, мегаполистин ритмине, басымына толук көз каранды болуп, адам индивидуалдуулугун жоготууда;
- адам өнүккөн коом менен мамлекеттин күчтүү таасиринде калды. Мораль, традициялар, закондор, салык системасы, саясий институттар адамды ар тараптан “кысып, кыйнайт”.

***Социалдык экологиянын милдети*** – адамды коом менен илимий-техникалык прогресстин терс таасиринен коргоо.

Суроо 42. **Калктын жайгашуу проблемасы.**

Азыркы доордо адамдын, коомдун жана жаратылыштын өз ара мамилесинде **калктын жайгашуусу** өзгөчө проблема болгон сыяктуу. Келечекте бул адамзаттын башкы проблемасына айланышы мүмкүн.

⇩

***Калктын өсүшү***

⇩

***Проблеманын оңуттөрү***

⇩

- калктын өсүшү адамзаттын санынын көбөйүшүнө алып келет, демек, адамдын керектөөлөрү да өсүп, жаратылышты эксплуатациялоо күчөйт;
- калктын өсүшү менен коомдун ичиндеги карама-каршылыктар курчуйт. Анткени прогресс калктын өсүшүнөн артта калып, материалдык байлык баарына жетпей калат. Ушуга байланыштуу окумуштуулардын арасында калктын канчалык максималдык өсүшү коркунучка алып келет деген маселе бар;
- калктын сапаттык проблемасы: коомдун жана үй-бүлөнүн балдарга татыктуу тарбия, билим берүүгө, дарылоого материалдык мүмкүнчүлүктөрү жетиштүү болобу? Начар өнүккөн Азия, Африка өлкөлөрүндө калк тез темпте өнүгүүдө. Калктын мындай тез өсүшү жашоонун сапатынын, өсүп келе жаткан муундун сапатынын (билимсиздик, физикалык жеткилең эместик) төмөндөшүнө алып келип, үй-бүлөгө жана мамлекетке чечүү кыйын болгон проблемаларды жаратат.

⇩

***Калктын өсүшүнүн төмөндөшү***

⇩

***Башкы себептери***

⇩

- жогору уюшулган техногендик коом адамдан көп күч талап кылат (билим алуу, жумуш маселеси) жана үй-бүлөгө, балдарга көңүл буруу төмөндөйт;
- ошондуктан көпчүлүк Батыш өлкөлөрүндөгү үй-бүлөлөрдө 1 же 2 гана балалуу болушат;
- бир топ кедей, бирок реформалар жүргүзүлүп жаткан өлкөлөрдө социалдык коргоонун төмөндүгүнөн, турмуштун кыйынчылыгынан аз балалуу болушат же такыр үй-бүлө күтүшпөйт.

## 2. *Мальтустун закону.*

**Мальтустун закону** (Томас Роберт Мальтус 1766-1834), калктын өсүшүнүн белгилүү бир чектен өтүшү ("Кризистик босого") Жер планетасынын бүткүл калкына коркунуч алып келет. Калктын өсүшү геометриялык прогрессия менен, ал эми илимий-техникалык прогресс арифметикалык прогрессия менен өсүүдө. Башкача айтканда, ИТПтин өнүгүшү калктын өсүшү менен дал келбейт, аларды камсыз кылууга мүмкүнчүлүгү жетишпейт. ("Калктын жайгашышы законунун тажрыйбасы", 1798).

⇕

***Ушул гипотезаны далилдеген калктын өсүү динамикасы***

⇓

- Иусус Христостун туулган учуруна, жаңы жыл эсептөөнүн башына – 230 млн.
- 1000-ж. – болжол менен 300 млн. (миң жылда калк 2 эсе да өспөгөн, 1,5эседен аз өскөн);
- 1850-ж. – 1 миллиард;
- 1930-ж. – 2 миллиард;
- 1976-ж. – 4 миллиард;
- 1987-ж. – 5 миллиард;
- 2000-ж. – 6 миллиард;
- 2025-ж. – 8 миллиард (күтүлүүдө)

⇓

эгер мурда калктын эки эсе көбөйүүсүнө 1000 жыл керек болсо, 1850-жылдан кийин 80, 46, 50 жыл керек болгону көрүнүп турат. Окумуштуулардын эсептөөлөрү боюнча жер 60 млрд. адамды гана багууга жөндөмдүү. Өсүүнүн азыркы темптери боюнча (өзгөчө афро-азиялык) караганда, 2150-2200-жылдарга "кризистик" кырдаал түзүлөт, "кризистик босогого" келип такалат.

⇕

***Калктын өсүшүнөн келип чыгуучу коркунучтун алдын алуу үчүн көрүлүүчү зарыл болгон чаралар***

⇓

- Азия жана Африка өлкөлөрүндөгү калктын өсүү темпин басаңдатуу (Батыш өлкөлөрүндө, тескерисинче, калктын санын көбөйтүү проблемасы турат), ал өлкөлөрдө төрөлүүнү көзөмөлдөөчү мамлекеттик саясатты жүргүзүү, аз балалуу үй-бүлөлөргө колдоо көрсөтүү зарыл;
- Жердин адамзатты багуу мүмкүнчүлүгүн жогорулатуунун жаңы жолдорун издөө, калктын ашыкча көбөйүүсүнүн "босогосун" ары жылдыруу (60 тан 100 млрд жана андан ары).

### 3. Техногендик катастрофаны болтурбоонун чаралары.

| |
|---|
| ***Техногендик катастрофаны болтурбоо үчүн адамзат кылуучу зарыл чаралар*** |

⇩

| |
|---|
| ✓ жаратылышка антропогендик коркунучтуу таасирди токтотуу же азайтуу; |
| ✓ экологиялык проблемаларды чечүү менен алектенүү, мамлекеттик, глобалдык масштабдарда бул жааттагы программаларды иштеп чыгуу, өнүктүрүү жана ишке ашыруу; |
| ✓ социалдык экологияга көңүл буруу – адамды информациялык-техногендик коомдун туткунуна айландырбоо; |
| ✓ жерди аёосуз эксплуатациалоого байланышпаган жашоонун жаңы каражаттарын, ресурстарын издеп табуу; |
| ✓ төрөлүүнү көзөмөлдөө, калктын көбөйүү проблемасын чечүү, анын саны менен сапатынын тең салмактуулугун сактоо. |

Суроо 43. **Таанып-билүү (гносеология).**

## 1. Таанып-билүү жөнүндө жалпы түшүнүк.

**Таанып билүү** – адамдын аң- сезиминде чындыктын активдүү, максаттуу багытталган чагылуу процесси. Таанып-билүүнүн жүрүшүндө бытиенин ар түрдүү жактары, нерсенин сырткы көрүнүшү жана ички маңызы, курчап турган чөйрөнүн кубулуштары ачылат, ошондой эле таанып-билүүнүн субъектиси – адам өзүн-өзү изилдейт. Учурдагы гносеология негизинен гностицизмдин принциптерине таянат.

### ***Таанып- билүү боюнча адамдын иш аракетинин түрлөрү.***

- ✓ адам курчап турган дүйнөнү түздөн-түз таанып-билет (өзү үчүн же адамзат үчүн кандайдыр жаңылыктарды ачат);
- ✓ адам мурунку муундардын жараткандарын таанып-билүү ишмердигинин натыйжалары аркылуу таанып билет (китептерди окуйт, үйрөнөт, рухий жана материалдык маданияттын түрлөрүнө аралашат).

### ***Таанып-билүү проблемасына негизги мамилелер.***

- ✓ ***гностицизм:*** жактоочулары (материалисттер) таанып-билүүнүн учуруна жана келечегине оптимисттик көз караштa. Алардын ою боюнча дүйнөнү адам таанып-биле алат жана адамдын таанып-билүү мүмкүнчүлүгү чексиз.
- ✓ ***агностицизм:*** жактоочулары (идеалисттер) дүйнөнүн таанылуучулугуна же адамдын таанып-билүү мүмкүнчүлүктөрүнө ишенишпейт, же таанып-билүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн чектешет. Белгилүү өкүлү катары Иммануил Кант эсептелет.
- ✓ ***скептицизм:*** жактоочулары (күмөн саноо) таанып-билүүнүн мүмкүнчүлүктөрүнө ишенүү менен, билимдин тууралыгынан күмөн санашат. Күмөн саноо илимдеги өнүгүү, өсүүнү шарттайт, тактыкты жаратат.

### ***Таанып-билүүнүн принциптери.***

- ***диалектика принциби*** – диалектиканын мыйзамдарын, категорияларын, принциптерин таанып-билүү проблемасына пайдаланууга болот;
- ***тарыхыйлуулук принциби*** - бардык нерселерди жана кубулуштарды алардын тарыхый жаралуу, калыптануу контекстинде кароо;
- ***практика принциби*** – бардык таанып-билүүнүн негизги жолу катары практиканы эсептөө, себеби адам өзүн жана курчаган чөйрөсүн кайра жаратуу ишмердүүлүгү менен алектенет;
- ***таанып-билинүүчүлүк принцип*** – таанып-билүү мүмкүнчүлүктөрүнө ишенгендик;
- ***объективдүүлүк принциби*** – нерселердин жана кубулуштардын адамдардын аң-сезиминен көз каранды эместигин таануу;
- ***чындыкты активдүү, чыгармачыл чагылдыруу принциби;***
- ***акыйкаттын конкреттүүлүк принциби*** – конкреттүү шартта жеке жана туура акыйкатты издөө.

Суроо 44. **Таанып-билүүнүн структурасы.**

Таанып-билүүнүн структурасы.

***Таанып-билүүчү субъект*** – бул аң-сезимдүү адам, ошондой эле материалдык жана рухий маданият байлыктардын жетишкендиктерин топтогон, таанып-билүүнүн натыйжаларын өздөштүрүп, өнүктүрүүчү бүтүндөй адамзат коому.

***Таанып-билүүнүн объекти*** - субъекттин таанып-билүү кызыгуусу багытталган курчаган чөйрө, бүткүл бытие, же анын фрагменти бөлүгү жана адамзат өзү.

***Акыйкат*** – объекттин субъект тарабынан туура жана толук (адекваттуу) чагылдырылышы. Таанып-билүүнүн негизги милдети акыйкатты аныктоо. Акыйкат эки формада болот.

***Абсолюттук акыйкат*** – бул объективдүү дүйнөнүн так жана толук чагылдырылышы. Абсолюттук акыйкат такталган, далилденген, келечекте төгүндөлбөйт.

***Салыштырма акыйкат*** - бул, болжолдуу туура, бирок ал толук эмес жана таанып-билүүнүн жүрүшүндө улам такталып, түзөтүлүп, толукталып турат.

***Адашуу*** – субъект тарабынан чындыктын туура эмес жана толук эмес чагылдырылышы, таанып-билүүнүн чындыкка дал келбеген натыйжасы.

***Баалоо*** – субъекттин мурунку баалуулуктарга, түшүнүктөргө, мыйзамдарга, категорияларга таянып курчап турган чындыкты баалай билүүсү.

***Практика*** – адамдардын курчап турган дүйнөнү жана өзүн-өзү кайра курууга багытталган конкреттүү ишмердүүлүгү. Практика таанып-билүүнүн негизги формасы жана акыйкаттын критерийи.

***Практиканын негизги түрлөрү***

- материалдык өндүрүш;
- башкаруучулук ишмердүүлүк;
- илимий эксперимент.

***Практиканын функциялары***

- акыйкаттын критерийи болуп саналат;
- таанып-билүүнүн негизи болуп саналат;
- таанып-билүүнүн максаты болуп саналат;
- таанып-билүүнүн натыйжасы б.с.

## 2. Таанып билүүнүн структурасы (уландысы).

Таанып-билүүнүн структурасы.

***Сезимдик таанып-билүү,*** чындыкты чагылдырууда сезимдик туюуларга, логикага негизделген. Сезимдик таанып-билүүнүн үч формасы бар.

**Туюу** – материалдык объектгердин, нерселердин сезим органдарына түздөн-түз таасир этишинин натыйжасында п.б. Туюмдар объектилердин, нерселердин жекече жактарын чагылдырышат. Туюмдар объективдүү реалдуулукту туура чагылдырып көрсөтөт, сезимдик таанып-билүүнүн эң жөнөкөй формасы.

**Кабылдоо** – сезимдик таанып-билүүнүн татаал формасы, ал сезим органдарына таасир этүүчү нерсени бүт бойдон чагылтып көрсөтөт. Бир нерсенин обочолонгон жыйындысын эмес, конкретүү бир нерсени кабылдайбыз (м: дарак, стол, жаныбар), кабылдоо туюмдар менен бир мезгилде пайда болот. Туюмдар жана кабылдоолор аркылуу алынган маалыматтар практикада текшерилет.

**Элестөө** - адамдын качандыр мурда кабылдаган нерселерди эсинде сактап калууга, кайрадан көз алдына келтирүүгө жөндөмдүүлүгү.

***Рационалдык таанып-билүү*** – адамдын өз алдынча ишмердүүлүгүнө жана акыл-эсине негизделген, ойлоо аркылуу ишке ашат. Рационалдык таанып-билүүнүн үч формасы бар.

**Түшүнүк** - нерселердин жана кубулуштардын жалпы жана олуттуу белгилерин чагылтып көрсөтөт. Түшүнүк таанып-билүүнүн татаал жана узакка созулган көптөгөн фактыларды изилдөөнү ичине камтыган процесстин жыйынтыгы.

**Ой жүгүртүү** - бул адамдын акыл-эсинде түшүнүктөрдүн негизинде болуучу ойлоо процесси. Ой жүгүртүүнүн натыйжасында кандайдыр бир түшүнүктөр такталып, айрымдары четке кагылат. Бул процесс аркылуу **салыштырмалуу** тыянак чыгарылат.

**Ой корутунду** - ой жүгүртүүлөрдүн, салыштыруулардын натыйжасында келип чыккан тыянак. Ой корутунду ойлоонун өнүгүшүнүн жогорку деңгээли жана ал адамзатка таанып-билүүнүн көптөгөн мүмкүнчүлүктөрүн ачып берди.

**Интуициялык** таанып-билүү, бул рационалдык таанып-билүүгө жакын, бирок таза рационалдык кубулуш эмес, мында акыйкат адамга өз алдынча, аң-сезимсиз абалында (уйкуда, ж.б.) келет. Мисалы, Менделеев мезгилдик системасын түшүндө түзгөндүгү, Пушкин көркөм образдарын уйкуда жатып жараткандыгы, ж.б. белгилүү.

### 3. Таанып-билүүнүн түрлөрү

**Таанып-билүүнүн түрлөрү**

- ✓ **Күнүмдүк таанып-билүү**, мында адамдын турмушунда күн сайын катышта болгон, анын жашоосунун эң жакын, түздөн-түз шарттары – жаратылыш чөйрөсү, турмуш тиричилиги, экономикалык ж.б. процесстер чагылат. Күнүмдүк билимдер адамдын күнүмдүк турмушунун жүрүшүндө топтолуп, анын жашоодогу эң зарыл жол көрсөткүчүнүн ролун аткарышат.
- ✓ **Мифологиялык таанып билүү**, байыркы доордо уруунун аң-сезими катары пайда болгон. Ал негизинен дүйнөнү эмоционалдык-образдык кабылдоо болуп саналат. Дүйнөнү фантастикалык образдарда чагылдырган дүйнө таанымдын түрү.
- ✓ **Диний таанып- билүү** – бул кудай таануу, негизинде табияттан тышкары күчтөрдүн (кудай же кудайлар, периштелер, жиндер ж.б.) бар экендигине, кудайдын дүйнөнү жараткандыгына болгон ишеним жатат.
- ✓ **Көркөм таанып- билүү** – дүйнөнү көркөм образдардын жардамы менен таанып-билүү. Ал адамдын дүйнөгө болгон эстетикалык мамилесин, коолдук менен гармонияны түшүнүүсүн чагылдырат.
- ✓ **Философиялык таанып-билүү** – бардык таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн формаларын синтездеп, алардын адам үчүн маңызын ачып берет.
- ✓ **Илимий эмес (пара илимий) таанып-билүү** – өзүн илимдин усулдарын жана максаттарын колдонгондой кылып көрсөтүп, чынында жоромолдорго таянып ой жыйынтыгын чыгарган таанып-билүүнүн формасы.
- ✓ **Илимий таанып-билүү** (кийинки бетти караңыз).

Суроо 45. **Илим (илимий таанып-билүү)**

| |
|---|
| **Илим** – максаты дүйнөнүн жана таанып-билүүнүн өзүнүн объективдүү мыйзамдарын, дүйнөнү практикалык кайра өзгөртүп түзүүнүн жолдорун ачуу болгон рухий өндүрүштүн өзгөчө түрү, таанып-билүүнүн жогорку формасы. |

| |
|---|
| ***Функциялары (бүгүнкү күндөгү)*** |

| |
|---|
| ✓ **Маданий – дүйнө таанымдык функциясы** – илимдин, анын жетишкендиктеринин адамдардын бүткүл жашоо – турмушунун бардык тарабына сүңгүп кирип, дүйнө таанымынын негизги куралына айлангандыгын көрсөтөт. |
| ✓ **Өндүргүч күч катары функциясы** – илимдин бүгүнкү күндө негизги өндүргүч күчкө айлангандыгын көрсөтөт. Өндүрүштүн кайсы тармагы болбосун (өнөр жай, агрардык ж.б.) илимий билимдер, анын натыйжасы болгон техника жана технология колдонулууда. |
| ✓ **Социалдык күч катары функциясы** – илимдин, коомдун жана жеке адамдын турмушундагы социалдык жана экономикалык проблемаларды чечүүгө багытталгандыгын көрсөтөт. Ар кандай социалдык, экономикалык өнүгүү боюнча пландоолор, программалар, илимдин жардамысыз ишке ашпай калды. Бүгүнкү күндө жаралган глобалдык проблемалар да (алардын келип чыгуусуна илим өзү да себепкер) илимий жолдор аркылуу гана чечилиши мүмкүн. |
| ✓ **Келечекти алдын ала айтуучу (прогноздоочу) функциясы**. Илим дайыма күнүмдүк таанып-билүүдөн алдыда жүргөндүктөн, ал келечек турмушту алдын ала аныктайт. |

## 2. Илимий таанып-билүүнүн өзгөчөлүктөрү

***Илимий таанып-билүүнүн күнүмдүк таанып-билүүдөн айырмачылыктары***

↓

- ✓ **Объектиси боюнча:** күнүмдүк таанып-билүүнүн объектиси болуп адамдарды күнүмдүк турмушта курчап турган объектилер эле эсептелет. Ал эми илимде объект катары келечекте күнүмдүк турмуштун объектилерине айлана турган объектилер, идеалдык объектилер, илимий түшүнүктөр, абстракциялар объект катары изилденишет;
- ✓ **Субъектиси боюнча:** Илимий изилдөөнүн субъектиси болуп илимдин белгилүү бир тармагында даярдыктан өткөн, илимий билимдерге ээ жана изилдөө усулдары менен тааныш болгон изилдөөчү, илимпоз, окумуштуу же илимпоздордун тобу эсептелет;
- ✓ **Тили боюнча:** илимде атайын илимий тил - терминдер, түшүнүктөр, аныктамалар, формулалар, схемалар, таблицалар, графиктер ж.б. колдонулат;
- ✓ **Каражаты боюнча:** илмдин изилдөө объектилеринин өзгөчөлүгүнө жараша атайын таанып-билүү каражаттары болгон приборлор, инструменттер, түзүлүштөр ж.б. колдонулат;
- ✓ **Изилдөө усулдары боюнча:** изилдөө объектисинин өзгөчөлүгүнө жараша атайын таанып-билүү жолдору, ыктары-илимий усулдар иштелип чыгылат жана колдонулат;
- ✓ **Акыркы жыйынтыгы боюнча:** илимий билим дайыма системалуу жана негизделген болот.

↓

***Илимий таанып-билүүнүн өзгөчөлүктөрү***

↓

- ✓ Илимий билимдин предметтүүлүгү жана объективдүүлүгү;
- ✓ Илимдин күнүмдүк тажрыйбанын чектеринен сырткары чыгуусу.

### 3. Илимий таанып-билүүнүн белгилери

| ***Илимий таанып-билүүнүн негизги белгилери:*** |
| --- |

| |
| --- |
| ✓ **Системалуулук:** илимий таанып-билүү дайыма ырааттуу, атайын изилдөө усулдарын максаттуу колдонуу менен ишке ашып, натыйжада чар жайыт эмес, системалуу болгон илимий билим алынат; |
| ✓ **Негизделгендик же логикалык жактан далилденүүчүлүк мүмкүндүгү:** ар кандай илимий билим (акыйкаттуулугу аныкталбай, кийинчерээк жокко чыгарылса да) логикалык жактан негизделген, далилдерге таянылган жыйынтык болот; |
| ✓ **Эксперименталдык текшерүү мүмкүндүгү:** илимдин обьектилери биздин практикалык турмушубуздун чектеринен сырткары чыккандыктан, жетишилген илимий билимдер эксперименттер аркылуу акыйкаттуулугу текшерилет (бирок бардык эле илимий билимдерди эксперименталдык текшерүүдөн өткөрүү мүмкүн эмес); |
| ✓ **Ойдун тил аркылуу так берилиши:** илимий билимдер тил аркылуу атайын терминдер, түшүнүктөр, аныктамалар, формулалардын жардамы менен так, конкреттүү берилет. |

## 4. Илимий таанып-билүүнүн структурасы (стадиялары, динамикасы)

**Илимий таанып-билүүнүн структурасын анын деңгээлдери түзүшөт:**

### Эмпирикалык деңгээл-эмпирикалык изилдөө

Бул деңгээлде баамдоо (сезимдик таанып-билүү) үстөмдүк кылат, рационалдык ойлоо ага баш иет. Факты топтоо, аларды алгачкы жалпылоо, байкоо жана эксперимент жүргүзүп, алардын жыйынтыктарын сүрөттөө, системалык, классификациялоо ж.б. мүнөздүү ишке ашат.

Таанып-билүү процедуралары:

- ✓ Байкоо;
- ✓ Эксперимент;
- ✓ Илимий факт;
- ✓ Эмпирикалык мыйзамдар

### Кыялдануу жолу менен издөө- пикирлөө (умозрительность)

Эмпирикалык жана теориялык изилдөөлөрдүн (эски теориялык билимге негизделген) жыйынтыгы ийгилик алып келбесе, жаңы теориялык билимге муктаждык пайда болот. Бул учурда чыгармачыл элестетүү, фантазия, интуитция, б.а. кыялдануу жол менен изилдөө жүргүзүп, пикир жаратууга туура келет, ал жаңы идеаларды, теорияларды жаратат.

Таанып-билүү процедуралары:

- ✓ Идеалдаштыруу;
- ✓ Чыгармачыл элестетүү;
- ✓ Интуиция;
- ✓ Кыялдуу ой жүгүртүү концепциясы;
- ✓ Конструкт

### Теориялык деңгээл-теоретикалык изилдөө

Бул деңгээлде рационалдык ойлоо үстөмдүк кылат (теориялар, түшүнүктөр, мыйзамдар ж.б.) жандуу баамдоо (элестетүү) катышат, бирок ойлоо процессине баш ийилтет. Теориялык таанып-билүүдө кубулуштар, алардын маңызы ички байланыштары, мыйзам ченемдүүлүктөрү түшүнүк, ой корутундусу, категориялар, принциптердин жардамы аркылуу иштелип чыгарылат, чагылдырылат.

Таанып-билүү процедуралары:

- ✓ Гипотеза;
- ✓ Ойлоо эксперименти;
- ✓ Теория

## 5. Илимий таанып-билүүнүн деңгээлдери




## 6. Эмпирикалык изилдөө


**Байкоо** – изилдөөчүнүн изилденип жаткан объектинин табигый окуяларынын агымына кийлигишпестен сезүү органдарынын жардамы менен кабыл алуусу, таанып-билүүсү жөнөкөй байкоодон илимий байкоо алдын ала белгилүү бир маселени чечүү үчүн максатташтырылгандыгы менен айырмаланат.

***Байкоонун тарыхый формалары***


✓ **Түздөн-түз байкоо:** изилденип жаткан объект субъект тарабынан түздөн-түз эч кандай приборлорсуз сезүү органдары аркылуу кабыл алынат.




✓ **Биринчи типтеги каражаттар аркылуу байкоо:** объект менен субъектинин ортосунда объектинин таасирин субъектиге күчөтүп берүүчү прибор $П_1$ колдонулат. Мисалы: лупа, микроскоп, телескоп.




✓ **Экинчи типтеги каражаттар аркылуу байкоо:** объект менен субъектинин ортосунда объектинин кабыл алууга мүмкүн болбогон жактарын таанууга жардам берип, о.э. «субъект» катары кызмат кылган $П_2$ колдонулат. Мисалы: компас, компьютер, спутник ж.б.



## 7. Эмпирикалык изилдоо

**Эксперимент** – байкоодон айырмаланып, изилденип жаткан объектинин иш аракетине субъект белгилүү бир шарттарды түзүү менен, ар кандай эксперименталдык материалдарды пайдалануу аркылуу кийлигишип, эмпирикалык таанып билет.

↓

***Түрлөрү***

**Түз, натуралык**

↓

Изилденип жаткан объектинин өзү изилденет: Обьектиге субъект эксперименталдык материалдардын жардамы аркылуу активдүү таасир этет (инструменттердин, приборлордун, аппараттардын ж.б.)

⇩

Объект

⇕

Эксперименталдык материал

⇕

Субъект

**Моделдүү**

↓

Объектинин өзү (оргинал) эмес, анын моделин түзүп алуу аркылуу изилденет. Моделдүү эксперимент түз эксперимент жүргүзүү үчүн шарттар болбогон учурларда жүргүзүлөт: мейкиндикте жана убакытта алыс болу, өтө чоң же өтө кичине болуу ж.б.

⇩

Объект

Модель

⇕

Эксперименталдык материал

⇕

Субъект

## 8. Эмпирикалык изилдөөнүн этаптары

**Байкоо** → **Эксперимент**

**Илимий факт-** эмпирикалык илимдин биринчи, баштапкы формасы, ал илимий байкоо менен ар түрдүү эксперименталдык изилдөөлөрдүн максаты жана жыйынтыгы болот.

↓

**Илимий фактыларды салыштыруу:** мурда белгиленген фактылар менен жаңы алынган фактыларды салыштыруу.

↓

**Эмпирикалык мыйзамдар-** салыштыруунун натыйжасында фактылардын өз ара көз карандылыгын табуу аркылуу аныкталат.

↓

Алынган (жетишилген) эмпирикалык билимди түшүндүрүү.

↓

**Кыялдануу жолу менен изилдөө-** алынган эмпирикалык билимди бар болгон теориялык билимдер аркылуу түшүндүрүүгө мүмкүн болбогон учурда эски теориялардын чегинен сырткары чыгууга туура келет. Ал идеализациядан башталат. Аны менен кубулушту таанып-билүүдөн маңызды таанып билүүгө карай процесс ишке ашат. Идеалдаштырылган объект түзүлөт.

## 9. Теориялык изилдөөнүн этаптары

**Теориялык изилдөөдө** изилденип жаткан объект, анын кубулушу маңызы-ички байланыштары, мыйзам ченемдүүлүктөрү изилдөөчүнүн информациялык базасындагы бар болгон теориялык мыйзамдар аркылуу изилденет. Анын натыйжасында ошол мыйзамга ылайык келүүсү аныкталат же жокко чыгарылат: жаңы теориялык мыйзам жөнүндө божомол келип чыгат.

↓

**Гипотеза** – акыйкаттуулугу же жалгандыгы али тактала элек, илимий фактыларга негизделген божомолдуу илимий билим.

↓

**Эксперименталдык жана логикалык текшерүү** – гипотезанын акыйкат же жалгандыгын текшерүүчү ойлоо түрүндөгү жана реалдуу эксперимент процесстери.

↓

**Теория** – гипотезанын акыйкаттуулугунун аныкталышы, б.а. бул белгилүү бир предметтер тармагындагы маңыздуу, ички байланыштарды чагылдырган акыйкаттуу билим же билимдердин системасы.

**Теориянын белгилери**

- ✓ Предметтүүлүк;
- ✓ Адекваттуулук же толук сүрөттөлүш;
- ✓ Интерпретацияланышы;
- ✓ Текшерилгендик.

**Теориянын функциялары**

- ✓ түшүндүрүү;
- ✓ алдын ала айтуу.

Суроо 46. **Тарыхтын философиясы**

## *1. Тарыхый процесске карата негизги көз караштар, мамилелер.*

**Тарыхка ар түрдүү көз караштар**

⇨ ***Тарых*** – эч кандай логикага, мыйзам ченемдүүлүктөргө, багытталууга ээ болбогон ***хаос түрүндөгү, кокусунан ишке ашуучу процесс*** (м, иррационалисттер).

⇨ ***Тарых – максаттуу багытталган, закон ченемдүү процесс*** (көпчүлүк философтор ушундай эсептешет).

**Тарыхка болгон мамилелер**

⇨ ***Формациялык мамиле***

⇨ ***Цивилизациялык мамиле***

⇨ ***Культурологиялык мамиле***

**Башка мамилелер**

⇨ ***Гегелдик мамиле:*** Гегель адамдын өзүн-өзү, өзүнүн эркиндигин андап сезүүсүн баштапкы критерий катары кароо менен, тарыхты адамдын эркиндикке жетүүсүнүн максаттуу жана мыйзам ченемдүү процесси деп түшүнөт.

⇳

***Гегель бөлгөн тарыхый процесстин этаптары***

⇩

- чыгыштык (Кытай, Египет жана башка) – бир гана адам - башкаруучу, өзүн-өзү аңдай алат жана ал гана эркин, калгандарынын баары – анын кулдары;
- антикалык (Греция, Рим, Орто кылымдар) – бир эле топ же катмар – "жогоркулар" өздөрүн аңдай алышат жана эркин, калгандары ошол катмарга кызмат кылышат жана ага көз каранды;
- германдык – бардыгы өздөрүн аңдашат жана эркин;

⇨ позитивисттик мамиле (азыркы учурда бир катар өзгөрүүлөр менен кеңири таралган).

⇳ О.Конт тарабынан бөлүнгөн коомдун өнүгүү стадиялары

⇩

- традициялык;
- индустрияга чейинки;
- индустриалдык.

⇳ азыркы учурдагы Батыш философтору бөлгөн коомдун өнүгүү стадиялары

⇩

- традициялык;
- индустрияга чейинки (агрардык);
- индустриалдык;
- идустриалдыктан кийинки.

**2. Формациялык мамиле.**

Формациялык мамиле (К.Маркс жана Ф.Энгельс тарабынан сунушталып, Ленин өнүктүргөн)

Өзгөчөлүктөрү

- *коомдук-экономикалык формация* белгилүү бир конкреттүү-тарыхый өндүрүш жолуна негизделген коомдун конкреттүү-тарыхый формасы, этабы;
- бүткүл тарых коомдук-экономикалык формациялардын алмашуусун мыйзам ченемдүү процесс катары карайт. Ар бир жаңы формация мурункусунун негизинде пайда болуп, аны танат жана өзү да башка жаңы формация тарабынан танылат. Ар бир кийинки формация коомдун уюшулушунун жогорураак тиби болот;
- формациялык мамиле дүйнөлүк философияда кеңири тараган (өзгөчө социалисттик жана социалисттик жолдон кийинки өлкөлөрдө);
- формациялык мамиленин жетишкендиги – тарыхты мыйзам ченемдүү объективдүү процесс катары түшүнүү өнүгүүнүн экономикалык механизмдерин терең иштеп чыгуу, реалдуулугу, тарыхый процессти система катары түшүнүү;
- жетишпеген жактары – өнүгүүнүн башка факторлорун (маданий, улуттук, кокусунан болуучу) эсепке албоо, коомдун спецификасынан ажырымдоо, түз сызыктуулук практика аркылуу толук эмес далилденгендик (кээ бир коомдор кээ бир формацияларды басып өтпөгөн, коомдогу жогору жана төмөн карай секириктер, социализмдин экономикалык кулашы).

⟺ ***Бир формациядан башкасына өтүү механизмдери***

- Бул мамиледе эки негизги түшүнүк бар – базис жана надстройка. Базис – коомдун экономикасы, аны өндүргүч күчтөр менен өндүрүштүк мамилелер түзүп турушат. Надстройка – мамлекет, саясий, коомдук институттар. Бир формациядан экинчисине өтүүнү базистин өзгөрүүсү алып келет;
- Өндүргүч күчтөр тынымсыз өркүндөп, өнүгүп турат, өндүрүштүк мамилелер болсо мурунку бойдон калышат. Жаңы өндүргүч күчтөр менен эскирген өндүрүштүк мамилелердин ортосунда каршылык пайда болот. Эртеби же кечпи, күч колдонуу же тынчтык түрүндө өндүрүштүк мамилелер акырындап же секирик түрүндө жаңы өндүргүч күчтөрдүн деңгээлине дал келишет;
- Өзгөргөн экономикалык базис надстройканын өзгөрүшүнө алып келет. Натыйжада жаңы, сапаттык деңгээли боюнча бир топ жогору турган коомдук-экономикалык формация пайда болот.

**Формациялык мамиле (уландысы)**

***Маркс болгон беш коомдук-экономикалык формация***

***Алгачкы общиналык формация***

***Мүнөздөмөсү***

- ✓ эмгектин уюштурулушунун жөнөкөй формалары (механизмдердин жоктугу, негизинен – жеке кол эмгеги, кээде – коллективдүү эмгек, мергенчилик, жер иштетүү);
- ✓ жеке менчиктин жоктугу – эмгектин каражаттарына жана жыйынтыгына жалпы менчик;
- ✓ тең укуктуулук жана жеке эркиндик;
- ✓ коомдон бөлүнгөн зордукчул публикалык бийликтин жоктугу;
- ✓ коомдук уюшулуунун начардыгы–мамлекеттин жоктугу, кандаш тууганлыктын негизинде урууларга биригип, биргеликте чечим кабыл алуу.

***«Өндүрүштүн азиялык жолу»*** – коомдун өзгөчө саясий-экономикалык тиби (факт жүзүндө–алтынчы формация). Чыгыштын байыркы коомдорунда таралган (Египет, Кытай, Месопотамия, көбүнчө ири дарыялардын жээгинде).

***Мүнөздөмөсү***

- ✓ ирригациялык жер иштетүү – экономиканын негизи;
- ✓ негизги өндүрүш каражаттарына жеке менчиктин жоктугу (жер, ирригациялык курулуштар);
- ✓ жерге жана өндүрүш каражаттарына болгон мамлекеттик менчик;
- ✓ эркин общинниктердин мамлекеттик катуу көзөмөлдүн астында массалык коллективдүү эмгеги;
- ✓ күчтүү, борбордоштурулган, деспотиялык бийлик.

***Кул ээлөөчүлүк коомдук-экономикалык формация***

***Мүнөздөмөсү***

- ✓ өндүрүш каражаттарына жеке менчик пайда болгон, кулдар да менчик болгон;
- ✓ социалдык теңсиздик жана коомдук катмарлануу;
- ✓ мамлекет жана публикалык бийлик келип чыккан.

Формациялык мамиле (уландысы)

*Маркс болгон беш коомдук-экономикалык формация (уландысы)*

***Феодалдык коомдук-экономикалык формация***

***Мүнөздөмөсү***

- ✓ жер ээлөөчү – феодалдардын жерге болгон ири менчигине негизделген;
- ✓ эркин, бирок экономикалык (өтө сейрек-саясий) түрдө феодалдарга көз каранды дыйкандардын эмгеги;
- ✓ эркин кол өнөрчүлүк борборлору болгон шаарлардагы өзгөчө өндүрүштүк мамилелер.

***Капиталисттик коомдук-экономикалык формация***

***Мүнөздөмөсү***

- ✓ экономикада негизги ролду өнөр жай ойной баштайт;
- ✓ өндүрүш каражаттары татаалдашат – механизация, эмгектин биригиши;
- ✓ өнөр жай, өндүрүш каражаттары буржуазия табына таандык;
- ✓ эмгектин негизги көлөмүн буржуазиядан экономикалык көз каранды болгон эркин жалданма жумушчулар аткарышат.

***Коммунисттик (социалисттик) формация***

***Мүнөздөмөсү***

- ✓ өндүрүш каражаттарына жеке менчиктин жоктугу;
- ✓ өндүрүш каражаттарына мамлекеттик (коомдук) менчик;
- ✓ жеке менчик ээлери тарабынан эксплуатациядан эркин болгон жумушчулардын, дыйкандардын, интелигенциянын эмгеги;
- ✓ биргеликте өндүрүлгөн өнүмдү коомдун бардык мүчөлөрүнө адилеттүү тең бөлүштүрүү;
- ✓ өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшүнүн жогорку деңгээли жана эмгектин жогору уюшулушу.

### *3. Тойнбинин цивилизациялык мамилеси.*

**Арнольд Тойнбинин цивилизациялык мамилеси (1889-1975)**

Тойнбинин оюу боюнча ***цивилизация*** – рухий традициялары, окшош турмуш образы, географиялык, тарыхый чектери аркылуу бириккен адамдардын туруктуу жалпылыгы.
Тарых – түз сызыктуу эмес процесс. Бул - жердин ар кайсы бурчтарында бири-бири менен байланышпаган цивилизациялардын жаралуу, жашоо, жоголуу процесси.

***Цивилизациянын типтери***

***Негизги цивилизациялар,*** алар адамзат тарыхында жарык из калтырышкан жана башка цивилизацияларга кыйыр түрдө (өзгөчө диний) таасир этишкен

- шумердик;
- вавилондук;
- минойлук;
- эллиндик (грек);
- кытайлык;
- индиялык;
- исламдык;
- христиандык;
- кээ бир башка цивилизациялар.

***Локалдык цивилизация,*** улуттук чектерден чыкпаган цивилизация. Тойнбинин пикири боюнча адамзат тарыхында ушундай көңүл бурарлык локалдык цивилизациялар 30га жакын (америкалык, германдык, орус жана башка).

**Арнольд Тойнбинин цивилизациялык мамилеси (уландысы)**

⇔ ***Тарыхтын кыймылдаткыч күчтөрү***

⇩

- цивилизацияга ташталган ички чакырык (пайдалуу эмес географиялык абал, башка цивилизациялардан артта калуу, согуштук агрессия);
- цивилизациянын чакырыкка жообу;
- таланттуу, кудай тарабынан тандалган инсандардын (улуу адамдардын) ишмердүүлүгү.

⇔ ***Цивилизациянын ички түзүлүшү***

⇩

- чыгармачыл азчылык;
- инерциялуу көпчүлүк.

***Өзгөчөлүктөрү***

⇩

- Цивилизацияга ташталган чакырыкка жооп берүү үчүн чыгармачыл азчылык өзүнүн артынан инерттик көпчүлүктү ээрчитет;
- Чыгармачыл азчылык көпчүлүктүн жашоосун дайыма эле аныктай бербейт. Көпчүлүк азчылыктын энергиясын "өчүрүп" коюусу мүмкүн, мындай учурда өнүгүү токтойт, бир ордунда туруп калат.

***4. Шпенглердин культурологиялык мамилеси.***

**Освальд Шпенглердин (1880-1936) культурологиялык мамилеси**

***Өзгөчөлүктөрү***

- Бул мамиленин борбордук түшүнүгү маданият, ал диндин, традициялардын, материалдык жана рухий турмуштун жыйындысы;
- Маданият – автономдуу, өз алдынча мааниге ээ болуучу, обочолонгон реалдуулук;
- Маданият пайда болот, жашайт жана жоголот;
- Шпенглердин "маданият" түшүнүгү "Тойнбинчн" цивилизация түшүнүгүнө жакын. Бирок Шпенглер "цивилизацияны" Тойнбиден башкачараак түшүнөт. Культурологиялык мамиледе цивилизация маданияттын өнүгүшүнүн жогорку деңгээли, ал маданияттын өнүгүү мезгилин аяктап, анын жоголушунун алдында турат;
- Культурологиялык мамиле Европада XX кылымдын I жарымында популярдуу болгон.

***Шпенглер бөлгөн сегиз маданият***

- индиялык;
- кытай;
- вавилондук;
- египеттик;
- антикалык;
- араб;
- орус;
- батыш европалык.

*5. Тарыхый процесске башка мамилелер.*

***Тарыхый процесске башка мамилелер***

***Гегельдик мамиле***

**Гегель адамдын өзүн-өзү, өзүнүн эркиндигин аңдап сезүүсүн баштапкы критерий** катары алып, тарыхты адамдын эркиндикке чыгуусунун максаттуу багытталган жана мыйзам ченемдүү процесси деп карайт. Тарыхтын үч этабын бөлөт:

- чыгыштык (Кытай, Египет ж.б.) бир гана адам – башкаруучу өзүн-өзү аңдай алат жана ал гана эркин, калгандарынын баары – анын кулдары;
- антикалык (Греция, Рим, Орто кылымдар) – бир эле топ же катмар – "жогоркулар" өздөрүн аңдай алышат жана эркин, калгандары ошол катмарга кызмат кылышат жана ага көз каранды;
- германдык - бардыгы өздөрүн аңдашат жана эркин.

***Позитивисттик мамиле***

**позитивисттик мамиле** бир кыйла өзгөргөн түрдө азыркы күндө кеңири тараган. Позитивисттик (О.Конт) коомдун өнүгүшүнүн төмөндөгү стадияларын бөлүшөт:

- традициялык;
- индустрияга чейинки;
- индустриалдык.

Ушул классификациялоонун базасында азыркы батыш философиясында коомдук өнүгүүнүн төрт стадиясы бөлүнүп каралат:

- традициялык;
- индустрияга чейинки (агрардык);
- индустриалдык;
- постиндустриалдык.

Суроо 47. **Келечек.**

***1. Философиянын прогноздоочу функциясы***

**Прогноздоо** – философиянын негизги функцияларынан. Анын маңызы келечекке негиздүү прогноздорду жасоодо турат.

⇕

***Келечекти алдын-ала айтуунун мүмкүнчүлүктөрүн негиздөөдө төмөнкү өңүттөр бөлүнүп каралат:***

⇓

- **онтологиялык өңүт**: келечекти көрө билүү мүмкүндүгү бытиенин өзүнүн маңызынан анын объективдүү мыйзамдарынан, себеп-натыйжалык байланыштарынан келип чыгат. Диалектика боюнча алып караганда өнүгүүнүн механизми ар бир кийинки сапаттык секирикке чейин өзгөрүүсүз калат, ошондуктан келечекке көз чаптырууга болот;
- **гносеологиялык өңүт:** таанып-билүүнүн мүмкүнчүлүктөрүнүн чеги жок болгондуктан, прогноздоо да таанып билүүнүн түрү болуу менен, прогноздоого мүмкүндүк берет;
- **логикалык өңүт:** логиканын мыйзамдары дайыма өзгөрүүсүз калат, азыр да, келечекте да;
- **нейрофизиологиялык өңүт:** аң-сезим менен мээнин чындыкты "озуп" чагылдыруу мүмкүнчүлүгү менен байланыштырат;
- **социалдык өңүт:** адамзат өзүнүн жеке тажрыйбасына таянып, келечекти моделдөөгө умтулат.

Философияда - келечекти прогноздоого мүмкүн эмес деп эсептеген көз караш да бар, бирок ал популярдуулукка ээ эмес.

***2. Футурологиянын жана социалдык прогноздоонун жалпы түшүнүгү.***

Азыркы кезде өзүнчө дисциплина катары келечекти окуп үйрөнгөн **футурология** калыптанууда.

⇕

***Келечекти прогноздоо маселелери менен алектенген окумуштуулар.***

- Футурологиянын түзүүчүсү катары немец окумуштуусу Флехтайм (XXк. 40ж.) эсептелет, футурология терминин киргизген;
- Г.Парсонс;
- Е.Ханке;
- Ч.Бестужев-Лада;
- Г.Шахназаров ж.б.

⇕

1968-ж. "Рим клубу" түзүлгөн. Анын ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарынын бири болуп, адамзаттын өнүгүү деңгээлин прогноздоо эсептелет.

Прогноздоонун өзгөчө түрү болуп **социалдык прогноздоо** - коомдо болуучу процесстерди алдын-ала көрө билүү эсептелет.

⇕

***Төмөнкү тармактардагы процесстер үйрөнүлөт***

⇓

- өндүрүштүк мамилелер;
- илим жана техника;
- билим берүү;
- саламаттыкты сактоо;
- адабият, искусство, мода;
- курулуш;
- космосту өздөштүрүү;
- эл аралык мамилелер.

⇕

Бул багыт **прогностика** деген атка ээ болуп, футурологиядан өзүнүн конкреттүүлүгү менен айырмаланат (жалпы келечекти эмес, социалдык процесстерди, алардын келечегин окуп үйрөнөт).

Адабияттардын тизмеси.


1. Айтматов Ч.Т. Ак таңдай акындын мурасы. Женижок. Ырлар .Фрунзе 1989.
2. Бартольд В.В. Кыргыздар. Тарыхый очерк. Т.2. –Москва,1963.
3. Введение в философию. Учебник для высших учебных заведений. Т.1;2. –Москва: Издательство политической литературы, 1989.
4. Всемирная энциклопедия: Философия /Гл.науч.ред. и сост. А.А.Грицанов. –Москва: Аст. Современный литератор. Харвест, 2001.
5. Горбачев В.Г. Основы философии: Курс лекций. –М: Гуманитарный издательский центр ВЛАДОС, 1998.
6. ЖаныбековЖ.Ж. Кыргыз рухундагы социалдык-философиялык идеялар жана көз караштар. –Ош,1996.
7. Канке В.А. Философия: Исторический и систематический курс. - Москва: Логос, 2000.
8. Кыргыз Совет Энциклопедиясы. Т.5. –Фрунзе,1980.
9. Кыргыз тарыхы. Т.1. –Фрунзе,1973.
10. Лавриненко В.Н. Философия: Учебник для вузов. –Москва, 2002.
11. Салиев А.А. «Ала-Тоо» журналы. №7. –Фрунзе,1989

12.Спиркин А.Г. Философия: Учебник для вузов. –Москва "Гардарики", 1999.

13.Философия: Учебник /Под ред. В.Д.Губина, Т.Сидориной, В.П. Филатова. –Москва,1997.

14.Философия: Учебник для высших учебник заведений. –Ростов-на-Дону: Феникс,1997.

15.Философская энциклопедия /Под ред. Ф.В.Константинова, в 5-ти т. – Москва: Советская энциклопедия Т. 1;2;3;4;5. 1970.

16.Философский энциклопедический словарь /Под ред. А.Ф.Ильичева, П.Н.Федосеева, С.М.Ковалева, В.Г.Панова. –Москва: Советская энциклопедия,1983.

17.Философский энциклопедический словарь /Под ред. Е.Ф.Губский, Г.В.Короблева, В.А.Лутченко. ИНФРА –Москва, 1997,1998,1999.

18.Чанышев А.Н. История философии древнего мира. Учебник для вузов. – Москва, Академический проект: 2005.

19.Якушев А.В. Философия в схемах : Конспект лекций в схемах. –Москва: «Издательство ПРИОР», 2000.

**Мазмуну**

**I бөлүм. Философияга киришүү**

1. Философия дүйнөгө көз караштын бир көрүнүшү катары ............... 4
2. Философиялык билимдин спецификасы.......................................... 6
3. Философиянын предмети жана методу..........................................7
4. Философиянын функциялары ......................................................... 9
5. Философиянын негизги маселеси жана негизги багыттары ............ 10

**II бөлүм. Философиянын тарыхый типтери**

6. Байыркы Кытай философиясы ......................................................... 16
7. Даосизм-Байыркы Кытайдагы философиялык окуу........................... 18
8. Байыркы Кытайдын социалдык-философиялык мектеби– конфуцианство жана легизм ............................................................ 19
9. Байыркы Индия философиясы .......................................................... 21
10. Буддизм жана анын негизги идеялары.............................................. 22
11. Байыркы Грек философиясы ............................................................ 23
12. Байыркы Грециянын (Сократка чейинки) философиялык мектептери .................................................................................. 25
13. Софисттердин жана Сократтын философиясы.................................. 27
14. Платондун философиясынын мааниси ............................................ 28
15. Аристотелдин философиясы ........................................................... 29
16. Орто кылымдардын теологиялык философиясы .............................. 31
17. Кайра жаралуу доорунун философиясы ........................................... 35
18. Орто кылымдардагы араб философиясы ........................................... 39
19. Жаңы мезгилдин философиясы ....................................................... 44
20. Агартуу философиясы .................................................................... 47
21. XIX к-гы немец философиясы дүйнөлүк философиядагы кубулуш катары ........................................................................................ 48
22. Марксизм философиясы ................................................................. 53

23.XX кылымдын философиясы .................................................. 56

24.Прагматизм .................................................................. 58

25.Психоанализ ................................................................ 60

26. Азыркы теологиялык философия ........................................ 62

27. Азыркы позитивисттик философия ...................................... 63

28.Герменевтика ............................................................... 65

29.Экзистенциализм ........................................................... 65

30.XVIII-XIX кылымдардагы кыргыз даанышмандарынын дүйнөкарашы ........................................................... 70

**III бөлүм. Негизги философиялык маселелер.**

31.Бытие ........................................................................ 77

32. Материя ...................................................................... 81

33.Аң-сезим жөнүндө жалпы түшүнүк, анын келип чыгышы ............ 87

34. Аң-сезимди материалисттик түшүнүү. Чагылуу теориясы ........... 91

35. Диалектика .................................................................. 94

36. Диалектиканын категориялары ............................................ 99

37.Диалектиканын альтернативалары ......................................... 101

38.Философиядагы адам проблемасы .......................................... 104

39.Коом. Коомдун жашоосунун негизги чөйрөлөрү ......................... 117

40. Коом жана жаратылыш ...................................................... 123

41.Экологиялык проблема ....................................................... 127

42. Калктын жайгашуу проблемасы ............................................ 130

43.Таанып-билүү (гносеология) ................................................. 132

44. Таанып билүүнүн структурасы ............................................. 133

45. Илим (илимий таанып-билүү) ............................................... 136

46.Тарыхтын философиясы ....................................................... 145

47. Келечек ........................................................................ 153

48. Колдонулган адабияттардын тизмеси ..................................... 155

Басууга берилди: 15.03.2013-ж.

Формат: 60х84 1/16 Көлөмү: 10 б.т.
Буюртма: № 16 Нускасы: 100

«Book-дизайн» компьютердик кызматында басылды.
Дареги: Ош шаары, И.Сулайманов көчөсү № 3

977828